ж 94

Ракыя Жусупова



ТАТТЫБУБУ

АЙ БАРАТАТ

Сөзү А.Белековдуку
Обону Н.Турсунбаевдики

Ак булутту аралап, Ай баратат,
Ак куу болуп көлдөгү жай баратат.
Аталбайсың ак кууну оңой менен,
Жеталбайсың Айга да жел ой менен.

Жеткичекти жетпестен калган жакшы,
Жетип азап жегиче арман жакшы.
Жетем десем сулуу Ай жетер элем,
Көк деңизин булуттун кечер элем.

Сүзө бергин алтын Ай көгүң менен,
Мен карайын өзүңдү теңим менен.
Сага жакшы сезилсе булуттуу көк,
Мага жакшы көктөм жер жемиши көп.





85.334(2Кы)
ж 94

РАКЫЯ ЖУСУПОВА

Таттыдуу

Макалалар, маектер, эскерүүлөр



Нарын облустук
китепканасы
№ 55037 сбо

«Турар»
Бишкек – 2015

ТАТТЫБҮБҮНҮН АРБАЙЫНА ТАТЫКТУУ ТАБЕРИК КИТЕП

Театр сахналары менен кинотасмаларда Таттыбүбү айдай ырайы, ак куудай чырайы менен жаратып кеткен ажайып образ беренелери мына эми айнектей көзү өткөндөн 34 жылдан кийин – из кубар, изденгич журналист кызыбыз Ракыя Жусупованын жигердүү эмгеги аркылуу Таттыбүбүнү Ак Мөөрдөй сагынган жалпы кыргыз элине тартууланып олтурат. Табиятынан талант-кудуреттүү жаралган актрисабыздын кыргыз маданияты менен искусствосуна, анын руханий-көркөмдүк деңгээлинин бийиктешине өз ажар аброю менен кошкон зор салымы туурасында эртеби-кечпи бир эскерме-эстелик китеп жазылыш керек эле. Эл күткөн мына ушундай таберик эмгекти Ракыя калемгер көшөргөн максат аракети менен жүзөгө ашырган. Буга анын студент кезинен бери Таттыбүбү менен сиңдисиндей таанышып, үй-бүлөсү менен тынбай катышып жүргөнү да изги өбөлгө түзгөн. Ал Таттыбүбүнүн актрисалык талантынын сырлары багытында өз мезгилинде республикалык басма сөздөрдө бир нече макалаларды жарыялаган. Кыргыз адабияты менен искусствосунун көрүнүктүү корифейлери Чыңгыз Айтматов, Токтоболот Абдумомунов, Насирдин Байтемиров, Төлөмүш Океев, Болот Шамшиев, Бообек Ибраев, Сүймөнкул Чокморов, Бакен Кыдыкеева, Сабира Күмүшалиева, Советбек Жумадылов, Сатыбалды Далбаев, Абдыашым Көбөгөнов, Имаш Эшимбековдор менен жасаган маектери, ошондой эле Москвалык киноизилдөөчү жана киносценарист Э. Лындинанын актрисанын кинолордо аткарган ролдоруна берген баасы, болгариялык киноишмер Азиз Желилдин Таттыбүбү менен жолугушуусу ушул китепке толук топтолгон. Ч. Айтматовдун «Таттыбүбү кыргыз киносу менен театрынын көркү, жарык жанган жылдызы эле», Н.Байтемировдун «Таттыбүбү таштан жарылып чыккан гүл сымал экранды көркөө бөлөчү», С.Күмүшалиеванын «Жүзүндө, үнүндө мээр чөбү бар актриса эле», Т.Абдумомуновдун «Таттыбүбү киргенде сахна толо түшчү, жүздөгөн көздөр ага ээрчий карап, арбалып калчу», С.Жумадыловдун «Орто Азия боюнча Таттыбүбүдөй актриса жок. Ал табылгыс талант эле», А.Көбөгөновдун «Таттыбүбү бар кезде кыргыз сахнасынын көркү чыгып, кулпуруп турчу», С.Чокморовдун «Таттыбүбү ойногон ролдордо мадонналык касиеттер төгүлүп турат», Б.Кыдыкееванын «Ал биздин сахнабызга кокусунан конуп калган ак куу болчу», Б.Ибраевдин «Таттыбүбү ар кандай ролго эч кыйналбай жеңил жуурулушуп кетчү», Т.Океевдин «Таттыбүбү өзү жараткан образдар менен кыргыз искусствосунун деңгээлин бийиктетти», Б.Шамшиевдин «Ал өз алдынча чыккан кайталангыс талант эле», С.Далбаевдин «Таттыбүбү менен сахнада ойноо оңой жана жагымдуу болчу» деген сөздөрү бул китептин кымбаттыгын жана таасирдүүлүгүн арттырып турат. Мында булар менен катар белгилүү журналист Эсенбай Калдаровдун,



Таттыбүбү Турсунбаева.

таанымал театр иликтөөчү Сарман Асанбековдун, жазуучу-драматургдар Султан Раев менен Жаныш Кулманбетовдун өз учурунда басма сөздөргө жарыялаган пикирлери жана Таттыбүбүнүн кызы Асел менен уулу Канатбектин эскерүү эсселери, аны менен бирге Россиядагы, Казакстандагы жана өз Мекенибиздин бардык чөлкөмдөрүндөгү Таттыбүбүнүн күйөрман көрүүчүлөрүнүн каттары топтолгон. Мунун бардыгы китептин кызыктуулугун арттырып, Таттыбүбүнүн актрисалык талантынын бардык кырларын–адамды өзүнө тарткан ажар-аурасын, аялдык айкөл турпатын кенен таанып-билүүгө өбөлгө түзөт. Китепте «Таттыбүбү» фондусунун жүргүзүп жаткан иш чаралары, Москвада өткөн «Ак Мөөр» сулуулук конкурсунун жыйынтыктары боюнча да окурмандарга кеңири маалымат берилген. Кыскасы, чыгаан журналист Ракыя Жусупованын көп жылдык көшөргөн мээнетинин натыйжасы болгон бул эмгек элдер изден окуй турган таберик китеп болооруна астейдил ишенип, авторго ийгилик-үзүр тилейбиз.

Сүйөркул ТУРГУНБАЕВ,
КР Эл акыны

АЛГЫ СӨЗ

Кыргыз мамлекетинин түптөлүшүнө эбегейсиз зор салымын кошкон жана кошуп келаткан улуу инсандарыбыз, эл оозунан түшпөй алкоого, тамшанууга эгедер кадырбарктуу жарандарыбыз жөнүндө айтып, жазып жаштарга жеткирүү улуу муундардын ыйык парзы!

Көркөм өнөрдүн ири жана келечектүү тармактарынын бири – кино жаатындагы эл сүймөнчүлүгүнө ээ болгон атактуу режиссер, актер жана операторлордон элибиздин уучу куру эмес. Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Таттыбүбү Турсунбаева өз мезгилинде суурулуп чыккан ошондой таланттарыбыздын бири экендигин, элибиздин актрисага болгон чексиз сүйүүсү, сый-урматы, өмүр-жолуна, чыгармачылыгына кызыгуусу далилдейт.

Ооба, Таттыбүбү Турсунбаеваны эл дайыма эскерип, периштедей сулуулугуна, талантына тамшанып, катышкан кинотасмаларын көрүүдөн тажабагандыгынын өзү, анын элдик кыз экендигин бекемдейт. Ошондуктан, актрисанын талантына таазим эткен ар бир кыргыз, эл кызынын турмуш-тагдыры жөнүндө кеңири жана так маалыматтарды алгысы келгендигин чыгармачылык иш сапарларда жүргөндө көп байкап, анын көөнөрбөс талантын, бийик адамгерчилигин баяндаган китеп жазылыш керектигине дагы бир жолу ынандым.

Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти, адеми актриса, керемет ролдорду жаратып, кыргыз киносунун «Бүбүсү» атанган, баарынан адамгерчиликти бийик койгон асыл инсан Таттыбүбү Турсунбаева жөнүндөгү жазылган көп жылдардан берки изилдөөлөрүмдү, ой-толгоолорумду сунуштап, актрисанын өзү жана чыгармачылыгы тууралуу жалпы окурмандарга аздек аңгеме куруп берүүнү парзым катары эсептеп, ушул китепти жараттым.

Китептин мазмунун Таттыбүбү Турсунбаева жөнүндө XX кылымдын 70–90-жылдары жазган макалаларым, кыргыз адабияты, маданияты жана искусствосунун залкар инсандары менен уюштурган маектерим, замандаштарынын, кесиптештеринин, шакирттеринин, урук-тууган, балдарынын жана өзүмдүн эскерүүлөрүм, театр жана кино сынчыларынын, күйөрмандарынын пикирлери жана каттары, алардын актрисанын чыгармачылыгына карата ой-чабыттары түзөт.

Ракыя ЖУСУПОВА,
журналист

І БӨЛҮМ

ТААНЫШУУ

«Таттуу кызы болсунчу – деп элинин,
Таттыбүбү атың койгон ата-энең.
Таттуу болуп өстүң (мүмкүн, бу да айып),
Бу тириликтин катаалдыгын билбеген».

Сүйөркул Тургунбаев

1967–1975-жылдар аралыгында Таттыбүбү Турсунбаева өзү тартылган көркөм тасмалары аркылуу Кыргыз жергесине гана эмес, СССР аймагына кеңири тааныла баштаган. Айрыкча «Ак Мөөр» тасмасындагы Ак Мөөрдүн, «Отко таазим» тасмасындагы Уркуянын образдарын керемет боёктор менен экранга алып чыккандыктан, эл, кино сынчылар, коомчулук кызуу талкууга алып, актрисанын аброю, атак-даңкы күн санап өсүп олтурган. Анын суйкайган сулуу келбети, жан дүйнөсүнүн ажарын ачып турган ай жаркын күлкүсү кимди болбосун өзүнө тартып, ал тартылган тасмалардын ажарын ачып, көрүүчүлөрдү тамшантып турчу. Эгерде жогорудагы тасмалардын баш каармандарын Таттыбүбү Турсунбаева аткарбаганда, алар калк сүйгөн тасмаларга айланбай да калат беле, ким билсин?

Ал жылдары мектептин окуучусу элем. Таттыбүбү Турсунбаева катышкан тасмаларды ынтаа менен көрүп, эжени жакын адамымдай сезип, аманчылык болсо тааныш-сам деген баео сезим, чексиз кыялдар менен жашап жүрчүмүн...

Орто мектепти аяктап, борбор калаабыз Бишкекке (андагы Фрунзеге) келдим. Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика бөлүмүнө документтеримди тапшырып, көкүрөгүмдө жашаган тилегимди орундатуу максатында Таттыбүбү эже эмгектенген Кыргыз драма театрына бардым. Театрдын кызмат эшигиндеги кароолчуга Таттыбүбү эжеге келгенимди айтсам: «Кирип-чыккан артисттерден чакыртып ал» – деди. Кудай жалгап көз ирмемден соң артист Ашыр Чокубаев чыгып калды.

– Мен Таттыбүбү эжеге келдим эле, чакырып коёсузбу? – деп, балалык баёолук, айылдык тартынчаактык мүнөзүм менен кайрылдым. Айткан окшойт, кийими келбетине куп жарашкан, ай-чырайлуу Таттыбүбү эже жылмая, кашка тиштерин жаркыратып күлүп чыгып келди. Ошондогу менин кубанычыма чек жок эле. Кечээ эле телевизордон көрүп, таанышсам дегенде ак эткенден, так эткен Таттыбүбү Турсунбаеванын өзү мени көздөй келатканда, мелтирген көкмөк көл үстүндө ак куу кериле сүзүп келаткандай



Драматург Мар Байжиевдин «Байыркы жомок» спектаклинен.
Зулайка – *Т.Турсунбаева,* Кожожаш – *Ашыр Чокубаев*. Фрунзе ш., 1975-ж.

туюлду. «Жаштын тилегин берет» деген ушул белем, эжени көргөндө бир аз апкаарый түшүп, бир саамга унчукпай туруп калдым.

– Мени издеп келген сенсиңби? – деп мээрим төгүп, мага жылмая караганда, менин баягы апкааруум, тартынуум алеки заматта жоголуп, эжеге эски тааныштардай бекем жооп бердим.

– Ооба, эже, мен Сиз менен таанышканы келдим, – деп атымды айтып, кол сунуп учураштым.

– Абдан жакшы болот, Ракыя, бул дүйнөдө тааныш-билиш болуп бири-бирин сыйлашып жүргөндөн башка бакыт барбы, – деди.

Таттыбүбү эже ушунчалык жароокер, ачык, аруу жан экен, дароо тил табышып, мурдагы тааныштардай божурашып сүйлөшө кеттик. Ошондогу үнүмдүн толкундуу дирилдеги, каргылданганы, апкаарыганым, Таттыбүбү эженин мага кол суна таанышып жаткандагы элеси күнү бүгүнкүдөй көз алдыма кинотасмасындай тартылып турат. Ошондо Таттыбүбү Турсунбаеванын жөнөкөй, улуу-кичүүгө бирдей жасаган сылык, жупуну мамилесин көрүп, таңдана адамгерчилигине таазим эткенмин. Эгерде эже бой көтөргөн, атагына чиренген, текебер адам болгондо, таанышканды кой, «кайдагы бирөө үчүн сыртка чыгамбы» дегенчелик кылып, маани бербей коймок.

Ошол алгачкы жолугушуу учурунда, балалык таза кыял менен «Ак Мөөр», «Отко таазим» тасмаларындагы жараткан образдарын мыкты ойногондугун айтып берип, көпкө божурашып олтурдук. Өзүбүз туурасында, кинотасмалар, спектаклдер, дүйнөгө таанымал актер, актрисалар жөнүндө маектешип олтуруп, бир топ убакыт өтүп кеткенин сезбептирбиз. Коштошуп жатып: «Каалаган учуруңда келе бер» – деп, эже театрга кирип кетти. Мен Таттыбүбү Турсунбаева менен таанышкандыгыма чексиз кубанып,

кудундап сүйүнгөн бойдон шаар аралап, бул дүйнөдө менден бактылуу адам жоктой шуулдап бараттым.

Ошол күндөн тарта, бош боло калганда Таттыбүбү эжени көздөй жөнөчү болдум. Анын спектаклдерге даярданган учурларына көп катыштым. Мени залга киргизип, режиссерлордун жанына олтургузуп койчу. Таттыбүбү эже репетиция учурунда ролго абдан берилип кирип кетчү. Өз ишине өтө жоопкерчиликтүү болчу. Бара-бара эже-сиңдидей жакындашып кеттик. Кээде үйүнө алып барчу. Экөөбүз түндүн бир оокумуна чейин ар кандай темада баарлашып, кызыктуу кинолорду көрчүбүз. Ал грузиянын атактуу актрисасы Софика Чиаурелини идеал тутуп, ал жөнүндө көп айтып, тартылган фильмдерин үзбөй көрчү. Эженин үйүндө калган учурларда эрте туруп, ал театрга, мен университетке (азыркы Ж.Баласагын атындагы улуттук университет) жөнөчүмүн. Анда мен бул окуу жайдын журналистика бөлүмүнүн студенти элем. Эже менен театрга чейин бирге келип, андан ары Фрунзе көчөсү менен университетке барчумун.

Экөөбүз ээрчишип бара жатканда Таттыбүбү эжеге көз кыйыгын салбаган жан жок эле. Актрисанын ак маралдай керилген басыгы, келбетине келишкен чырайы, көргөн адамды суктандырып, жалт каратчу. Таттыбүбү эженин көз тайгылткан сырткы сулуулугуна, баарлашкан адамды тамшандырган жан дүйнө сулуулугу жуурулушуп, ого бетер ажарын ачып салчу, чиркин дүйнө! Ушунчалык ажайып сулуулукту, ат көтөргүс атак-даңкты артынып жүрүп дагы, өтө жупуну жана жөнөкөйлүктү туу тутуп жашап өткөн керемет инсан болгондугун арадан бир канча жылдар өткөн соң терең түшүнүп олтурамын.

Таттыбүбү Турсунбаева улуу-кичүүгө бирдей ийкем мамиле жасаган керемет инсан эле. Бирөөгө катуу айтканын, ашыкча кеп сүйлөгөнүн такыр уккан эмесмин. Кээде капа болуп калганын байкаганда: «Эже, Сизге эмне болду, бирөө таарынттыбы?» – десем, жарк эте күлүп: «Эч нерсе болгон жок, сага ошондой көрүнүп жатат го, Рая» – деп койчу. Капа кылгандарды, ал жөнүндө жалган маалымат тараткандарды капарына алчу эмес. Жан дүйнөсү баланыкындай таза, жүзүнөн нуру төгүлгөн, өңүнөн ички дүйнөсүнүн тазалыгы чагылып жанып турган ажайып инсан болгондугун, мына эми көзү өткөн соң кан какшап айта башташты. Көрсө, бул түбүң түшкүр дүйнөнүн түркүктөрү – бала кыял, оозун ачса жүрөгү көрүнгөн, адамдарга жакшылыгын аябаган, баарына тегиз мамиле жасай билген Таттыбүбү Турсунбаевадай асылзат, жаркын адамдар болот тура. Алар тирүү кезинде оттон алып чокко салып, тебелеп-тепсеп шагын сындырган адамдардын азыр аты, заты жок. Ал эми кезегинде коомчулуктун жемине айланган Алыкул Осмонов, Таттыбүбү Турсунбаева сыяктуу асыл инсандар азыр улуттун сыймыгы, күзгүсү, руханий жан азыгы болуп олтурат. Көрсө, улут үчүн, адам баласынын жакшы жашоосу үчүн Таттыбүбү эжедей асылдар из калтырып, пайдубалын түптөп, кышын көтөрүп жүрүп олтурат экен. Аттигиниң ай, азыр элдин сүймөнчүк актрисасы Таттыбүбү Турсунбаева арабызда болгондо 70 жашка чыгып, жүзүнөн карылыктын жарык нуру төгүлгөн байбиче болуп, бул кезге чейин кыргыз кино өнөрүн аалам алкагына сүйрөй чапкан керемет адамдардан болмок экен. Аттигиниң, бири кем дүйнө дегениң ушул белем!

Ошентип, жаш кезимдеги тилегим ишке ашып, Таттыбүбү Турсунбаева менен эжесиңдидей катышып, эже менен болгон кызыктуу маектеримди, бирге жүргөн кездеримди досторума, тааныштарыма айтып бергенден тажачу эмесмин. Анткени Таттыбүбү эженин чыгармачылыгына кызыккандар абдан көп эле.

Бир күнү сабактан чыгып, Таттыбүбү эже чакырганынан ага жолугуу үчүн театрга бардым. Эже репетициясын бүтүрүп, мени күтүп жаткан экен. Ал: «Бир аз сейилдеп,

анан үйгө баралы» деген сунушу менен макул болуп, паркты аралап сүйлөшүп көпкө басып жүрдүк. Бир оокумда, Уркуя Салиеванын эстелигинин жанына келип калганыбызда, эже эстеликти карап туруп:

– Бул мага коюлган эстелик! – деп жылмайды.

– Кандайча, эже, бул Уркуя Салиеванын эстелиги го?! – деп таң кала сурадым.

– Мен Уркуя Салиева болуп ойнободум беле. Ошондон улам ушул эстеликтин жанынан өтүп калганымда тааныштарыма, кесиптештериме, туугандарыма: «Бул менин эстелигим – деп тамашалап айтып калам», – деди эже.

Биз ал жерде эстеликти карап бир топко чейин туруп, анан эженин үйүнө кеткен элек. Азыр Уркуя Салиеванын эстелигинин жанынан өткөн сайын эженин эстелик жөнүндө айтканы күнү бүгүнкүдөй кулагыма жаңыра берет. Жакын адамдарым менен бул эстеликтин жанынан өтүп калган учурларда Таттыбүбү эже менен болгон ошол окуяны айтып берип: «Бул Таттыбүбү эженин эстелиги» – деп, аларга эстелик жөнүндө өз ойпикиримди билдирем. Ал ой-пикиримди көбү: «Туура эле» – деп айтып калышат. Уркуя Салиеванын эстелигинен эки адамды көрсө болот. Бири – колхоздун башкармасы Уркуя



Салиеваны, экинчиси – ошол ролду ойногон Таттыбүбү Турсунбаеваны. Себеби Уркуя Салиеваны көпчүлүк көрүүчүлөр Таттыбүбү эженин образындай элестетишет. Эстеликке көңүл коюп жакшылап караганда, Таттыбүбү эженин өң-келбети чагылып турат. Эстеликтин жанына келгендер сөзсүз түрдө Таттыбүбү эжени эстебей койбойт. Себеби актрисанын Уркуя Салиеванын ролун аткаргандыгы бүт кыргыз көрүүчүлөрдүн жүрөгүнөн түнөк таап калган. Бири–Уркуя Салиева Кыргыз мамлекетинин түптөлүшүнө зор эмгек өтөсө, экинчиси – Таттыбүбү Турсунбаева, кыргыз театр жана кино өнөрүнүн өнүгүшүнө чоң салымын кошкон. «Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин» – деп Кыргыз Эл акыны Аалы Токомбаев айткандай, эки эжебиз тең кыска өмүрүндө эл үчүн зор эмгектерди жаратып кетишкен.

Таттыбүбү эжеге ошол кездерде жогорку окуу жайлардын, айрыкча КМУнун кыргыз филологиясы факультетинин, журналистика бөлүмүнүн студенттери анын театр жана кинодогу чыгармачылыгына суктанышып, таанышууга ашыгышчу. Курсташтарымдын, төмөнкү курстардын студенттеринин шагын сындырбай, үйүнө алып барып тааныштырчумун. Алар эженин чыгармачылыгы жөнүндө көпкө чейин маектешип, Таттыбүбү эже ойногон спектаклдерге барып, куттуктап гүлдестелерин тартуулашканда, абдан кубанчу. Кээ учурда студенттер үйүнө чейин узатып барып, бир топко сүйлөшүп олтуруп кайтчубуз. Ошол студенттердин бири, белгилүү жазуучу жана коомдук ишмер Султан Раев эле. Султан экөөбүздүн Таттыбүбү эже жөнүндөгү «Союзга таанымал» деген макалабыз «Ленинчил жаш» гезитинин 1981-жылдын 28-апрелиндеги санына жарык көргөн. Макаланы үйүнө алып барганымда, эже кубанып ыраазылыгын билдирген.

БУЛБУЛДАЙ ҮНҮ ТАҢШЫГАН

Өткөн кылымдын 80-жылдарынын башында өндүрүштүк тажрыйбамды кыргыз радиосунун музыкалык редакциясында өтөп калдым. «Суроолор боюнча концертти түзөсүң» – деп редакциянын башкы редактору мага тапшырды. Концерттик программаны угармандардан келген каттардын негизинде түзчүмүн. Ошондо Таттыбүбү Турсунбаеванын аткаруусундагы ырларды көп суранышчу. Элдин суроосу боюнча Таттыбүбү эже ырдаган «Ай баратат», «Жүрөктүн чогу өчө элек», «Адамдар менин сүйгөнүм» деген чыгармалар дем алыш сайын «Суроолор боюнча концертте» уктурулчу. Биз экөөбүз үйүнүн бир бурчунда турчу радиодон, ошол каалоо-тилектерди коштогон эженин мукамдуу, кулакка жагымдуу үнүн ар жекшембиде укканы сайын, эже кубанып калчу. Жаш кезинде ырчы болууну абдан самаганын айтаар эле. Ташкенттеги театралдык институттун 5-курсунда группалаштары менен Москванын чоң-чоң театрларына практикага баргандагы бир окуяны айтып берген. Ошондо курсташы Кандалат Муратова Чайковский атындагы консерваторияда окуган кайнагасы Жайлообек Жалгасынов менен жеңеси Дарика Жалгасыновага конокко ээрчитип барганда, алар созолонтуп ырдаган Таттыбүбү эжени консерваторияга калышын сунушташыптыр. Консерваторияга калып окугусу келгенин, тилекке каршы, тагдырына ырчылык эмес, актрисалык жазылганын, Чайковский консерваториясында окубай калганын арман кылып айтып калчу. Анын булбулдукундай мукам үнү Чыңгыз Айтматовдун чыгармасынын негизинде тартылган «Сүйүү жаңырыгы» кинотасмасындагы ырды аткаруусуна мүмкүнчүлүк бергендигин, картинаны жараткан, кыргыздын белгилүү кинорежиссеру Болот Шамшиев биз менен болгон маегинде тастыктаган. Таттыбүбү эженин үнү

булбулдукундай кубулжуп кооз, назик, уккулуктуу, жагымдуу болгондуктан, аткарган ырларын угармандар тамшануу менен угушкандыгы жөнүндө каттардан окучубуз. Музыкалык редакцияга келген каттардагы элдин пикирин айтып келгенимде, эже жаш баладай аябай сүйүнүп, көңүлү көтөрүлүп: «Эл бар биз барбыз да, элиң жок болсо ким укмак ырдаган ырларыбызды» – деп угармандарга ыраазылыгын билдирчү. Таттыбүбү Турсунбаеванын ырчылык чеберчилиги, үнүнүн мукамдуулугу жөнүндө ой-жүгүрткөндөр бир топ эле болгон. Ошолордун бири – курсташым Атыркүл Кудайбергенова «Бишкек шамы» гезитинин 1991-жылдын 5-ноябрындагы санына жарыяланган «Жүрөктө жүргөн сыр» деген ой-толгоосунда Таттыбүбү Турсунбаеванын бир гана актриса эмес, чебер жана мукам үндүү ырчы экендигин ачып берүүгө аракет кылган. Ошол ой-толгоону кээ бир кыскартуулар менен окурмандарга сунуштайбыз.

ЖҮРӨКТӨ ЖҮРГӨН СЫР

Мен бул баянымды айтаарга чейин бир бүтүмгө келалбай көп айларды өткөрүп жибердим. Чечимге жетпей арсарсыганым–аткаруучуга профессионалдар бергендей бааны бераламбы деген ой тарткынчыктатып турду. Антейин десем жүрөк кургур: «Бу жашоодогу жамандык менен жакшылыктан, тазалык менен ыпластыктан, боорукерлик менен таш боорлуктан, кайдыгерлик менен кайрымдуулуктан биринчи кабар берип зырпылдай соккон жүрөктүн түрсүлүн күч менен басып, адамдар, акылга бийликти толук өткөрүп берип адилеттигиңерди түбөлүктүү орнотуп алдыңарбы? Ошол акылыңар дайыма эле кара кылды как жарып берсе, жүрөк ооруга чалдыкпас элеңер»–деп туруп алды.

Кеп салайын дегеним чүрөктөй сулуу атанган, кайрылып кылчайбас сапарга кетип, канынан жаралган өнөрү кыргыз элинин эсинен кеткис айтылуу актриса Таттыбүбү Турсунбаеванын аткарган беш ыры жөнүндө болмокчу. Эл улуттук көрөңгөлүү актрисанын таланттуу ролдоруна тан берип келсе, мен ага кошумча, ырдап жаткан учурдагы үнүнүн жан терметкен кереметине суктанам.

Кээде Таттыбүбү Турсунбаеванын аткаруусундагы «Ай баратат» деген ыр кыргыз радиосунан таңга маал угулганда уйку-соонун ортосунда жатып, айтып бералгыс жагымдуу сезимге кабылам. Созолонгон үнү качандыр бир убакта бирөөгө арнап, бирок биротоло кууп жиберген сагынычыңды, аргаңды кетире башпактатып кайрыйт. Айтмакчы, жүрөгүндөгү кейиши үнүнөн угулат дегеним, талантын, жашоо-турмушунан бөлүп карагым келбегендигимден болгондур. Анткени Таттыбүбү эже менен эки ирет кыска убакытка болсо да жолукканым күнү бүгүнкүдөй эсимде.

Студенттик курагыбыз. Жетимиш жетинчи жылдын күз айы болучу. Группалаш теңтуш кызым Ракыя искусство адамы болсом дегенде ак эткенден так этип, Таттыбүбү эже менен таанышып алып, үйүнө көп барып жүрдү. Бир күнү Ракыя:

– Жүрү Атыш, Таттыбүбү эжеге бүгүн жолукмак элем, чогуу барып келели, – деди. Ошондой дубанда жок сулуу, таланттуу аял менен бетме-бет келип сүйлөшөм дегенди ойлогондо, жолукпай жатып сүр басып, барбайын деп, кайра «үйүндө жүргөндө кандай болуп көрүнөт болду экен» деген балалык кызыгуум жеңип кетти. Гүл көтөрүп текилдеген бойдон Таттыбүбү эженин үйүнө жетип бардык. Актриса ашканасындагы столдо камыр жайып жатканынын үстүнөн чыктык. «Эки балам мектебинен келгенче тамагын даярдай салайын» – деп шашкалактап алыптыр. Сын мүчөсү келишип, үй-тиричилигин-

деги кыймылы да көркөмдүү, күлгөндөрү ырдагандай не бир кулакка жагымдуу. Баскан-турганы бийлегендей. Адамгерчилиги жогору, жадырап-жайнап турат экен. Жаркырап күлүп, тамашалап олтуруп тамагын берди. Эмне жөнүндө сүйлөшкөнүбүз сөзмө-сөз эсимде жок, дегинкиси каткырып күлүп олтуруп көңүлүбүз агарып чыккан.

Экинчи жолу үйүнө барганыбызда сустайып, көзү кызарып, жаңы эле ыйлап бүткөн жүзүн сууга чайып аарчынып олтурганын көрдүк. Кейишке түшүп турганын көрүп турабыз, бирок: «Эмне болду?» – деп сурагандан жүрөксүп, биз да үрпөйүп унчукпай олтурабыз.

– Сабактан жаңы чыксаңар курсагыңар ачты, жей койгула, – деди. Бирок берген тамагына көңүлүбүз чапкан жок. Акыры Ракыя чымырканып туруп:

– Эжеке, ыйлабай жүрүңүзчү, ден соолугуңузга деле күч келбейби – деди. Кийин сурасам Ракыя, Таттыбүбү эженин көп ыйлаарын айтты.

Актриса столго татынакай чыканактарын таяп, жаш баладай дем тарта улутунуп алып, кыргыз театрындагы искусство адамдарынын чөйрөсүндөгү турмуштан бир топко сүйлөп берген. Ошондо Таттыбүбү эженин өз оозунан көшөгөнүн артындагы кесиптештеринин ич күйдүлүгүнөн жүдөгөнүн уктук. Угуп алып эле жыйынтык чыгара албай аңкайып туруп бердик. Бу дүйнөгө жаралып тилибиз чыгып сөзгө түшүнө баштагандан «дүйнөдөгү элдердин эң эркини, тең укуктуусу, гумандуусу советтик системада жашаган эл» дегенди мээбизге куюп тарбиялашса, анан актрисанын биздин советтик коомго ылайык келбес сөздөрдү айтып олтурганы эсибизди эки кылды. «Балалыгым баштан чоң» дегендей, ошондогу сөзүнө азыркы коомдо жашап жатып баа берсем, ичим жаман сыйрылат.

Кыргыз телерадиокомпаниясынын ыр-күүлөрдүн шифрлери жайгашкан картотека бөлүмүндө өз ишимди жүргүзүп олтуруп, аткаруучу-ырчылардын карточкаларынын катарында Таттыбүбү Турсунбаевага да карточка ачылганын карайм. Болгону үркөрдөй болгон беш ыры бар, ошого зээним кейип, сөздүн учугу ушундан чубалып олтурат.

Алар мындай деген ырлар: «Адамдар менин сүйгөнүм», «Ай баратат», «Ысык-Көлдүн ак куусу», «Суу алган кыз», «Жүрөктүн чогу өчө элек». Ушул беш ыр Таттыбүбү эженин касиеттүү үнү менен кыргыз радиосунан уктурулуп калса кулакка сонун угулат. Жылаажын үндүү актрисанын үнүн жаздырам деп далалат кылбаганы ич күйдүрөт. Же кыргыз радио фондусунан бирөө чакырып, ырдаган ырларынын баарысын жазып калтыралы дебесе, адеп сактап тим болдубу, кандай десек да, ырдаган ырлары тасмага толук түшпөй калганы өкүндүрөт.

Азыр профессионал ырчылардын да, мен ырдай алам деген ырчылардын да, кыргыз радиосунун фондусунун негизги казынасында сакталып жаткан карточкасы көп. Ырдагандын техникасын жакшы өздөштүрүп алышкан ырчы-аткаруучулар өзүлөрү келип: «Кыргыз радиосунун фондусуна өткөргүлө» – деп суранышат. Ырдаган ыры элге жетеби, жокпу, баштарын оорутушпайт.

Таттыбүбү эженин жөнү бир башка. Анда кудай берген талант менен сулуулугуна жарашкан мукам үн бар болчу. «Анын үнү элдик обондорго ылайык болчу» дегендерге мен кошула албайм. Кеп ырдын автору обонду элдик ырларга окшотуп чыгаргандыгында. Ишенбесеңиз Таттыбүбү Турсунбаеванын аткаруусундагы ырларды кыргыз радиосунан угуп көрүңүз, атайын суроо салып, кат жазып. Аттигиниң ай, дагы бир өксүк, анын комуздун коштоосунда ырдаган ыры жазылып калбаганында. Дирилдеген комуз күүсүнө анын сезимди ойготкон адамдан башкача назик үнү ылайык келмек. Өнөрлүү

Жумгал өрөөнүнөн суурулуп чыгып, балбылдап күйгөн жылдызынын жарыктыгы кыргыз баласын таңдантып легендага айланган сулуунун комуз менен ырдаганын угуп калсак, моокумубуз дагы бир жолу канмак.

Акырында айтылуучу сөз, эч ким Таттыбүбү болуп туулган жок. Бир да актриса Таттыбүбү болуп кеталган жок. Ырдаганы бир керемет эле деп тамшандык. Ошол ырлары аркылуу Таттыбүбү Турсунбаеванын мукам үнүн укканга каниет кылалы. «Кыргыз радиосунун фондусунда ошол ырлар жакшы сакталсын» – деп тилей жүрөлү.

Курсташым Атыркүл айткандай далай музыка сүйүүчүлөр, ал турмак жөнөкөй эле радио угармандар: «Таттыбүбүнүн ырдаган ырларын көбүрөөк эле жаздырып коюшса болмок экен»– деп арман кылгандарды эл арасынан көп учураттык.

Таттыбүбү эженин кыялкечтигине, кээде кармап калчу сентименталдуулугуна чек жок эле. Кээде үйүнө барып калганымда Таттыбүбү эже жаратылыш тартуулаган сулуулугуна нааразы болуп: «Ушул сулуулуктан көрө, аялдык бак берсе болмок, сулуулук болбогон нерсе экен. Башкалардай болуп, эл көңүлүнө түшпөй жөнөкөй эле жаралсам, балким, жашоом элдикиндей болмок беле? Кээде элдин көңүл борборунда болгон учурларда жан дүйнөм жанчылып кетет» – деп арманын үшкүрүгү таш жара айтып калчу. Жаратылыш кубулуштарынын сыры чексиздей. Адам баласы көзүккөндөн деле каза таап калган учурларды бул чалкеш дүйнөдө учуратып жүрбөйбүзбү. Ошондон улам эжебиз ошол жаман сөздөрдүн, жаман көздөрдүн кесепетинен улам көз жумуп кеткенби, же болбосо Таттыбүбү эжеге жараткандын жазган тагдыры ушудур деп ойлоп кетесиң.

Таттыбүбү эженикине бат-баттан каттап турчумун. Күндөрдүн биринде кабар алганы үйүнө барып калдым. Эже керебетте от жалын болуп ысытмага күйүп-жанып, катуу ооруп жатыптыр. Канат менен Асел жаш. Тезинен дарыканага барып, ысытманы түшүрүүчү дары-дармек алып келип, ичирген соң ысытмасы түштү. Балдарына, эжеге тамак, ысык чай бердим. Жанына олтуруп көңүлүн көтөрүү максатында кызыктуу окуяларды божурап жаттым. Бир убакта: «Мен бу дүйнөдөн эрте эле кетет окшойм. Негедир ошондой туюмдар келе берет» – деди. Жаш жаным бул сөздү уккан соң чочуй түштүм. Эмне дээримди билбей: «Эже, эч убакта антип айтпаңыз. Кудай буйруса өмүрүңүз узун, өрүшүңүз жайык болот. Сиз азыр жашсыз. Сахнада, кинодо жарата элегиңиз али көп. Жакшылыктар алдыда. Балдарыңыз чоңоёт. Алардын бүт жакшылыктарын көрөсүз. Кыргыз элине далай сонун ролдорду тартуулайсыз» – деп эженин көңүлүн көтөргөнгө аракет кылып жаттым. Ошол түнү эже көпкө уктабады. Мен да анын жанынан жылган жокмун. Эже-сиңдидей баарлашып олтурдук. Бир оокумда: «Эгер көзүм өтүп кетсе балдарымдан кабар алып турчу» – деди. «Эже антпеңиз» – деп өзүмчө эле буулугуп, көзүм жашылданып кетти. Ошондо өзүмдү араң токтотуп, эжени алаксытып жаттым. Ошол күндөн бир ай өткөн соң, эже өзү айткандай каза болуп калды. Эженин өлүмү мага каттуу тийди. 3 күн сабакка барбадым. Бүт жан дүйнөм талкаланып, эч ким менен сүйлөшпөй да койдум. Мен кымбат адамымдан ажыраганыма балалык сезимим менен абдан кайгырдым. Чындыгында, Таттыбүбү эже мен үчүн абдан ыйык, баалуу, эң жакшы көргөн адамдарымдын бири эле. Кийин тынымсыз мүрзөсүнө барып, кыялымда эже менен сүйлөшүп, бугум чыгып калчу. «Мен жакында бул дүйнөдөн кетем го» – деп айткан сөзүнүн сырдуу түйүнүн кийинчерээк билдим. Ал түйүндү эженин агасы Нуркан байке чечип берди. Нуркан байке: «Таттыкем жөнүндө жазып жүрөсүң, андан калса сенде сүрөттөрү бар. Ошол сүрөттөрдөн Таттыбүбүнүн көргөзмөсүн жасоо керек» – деп 1991-жылы Москвада өткөн Таттыбүбү эжеге арналган сулуулар конкурсуна алып барган.

«Ак Мөөр–91» сулуулар конкурсун өткөрүп бүтүп, Москвадан Бишкекке учуп келе жатканда: «Билесиңби Ракыя, Таттыкемдин түшүнө апам кирип: «Кызым, жүр алып кетейин. Бу дүйнөдө абдан кыйналып кетиптирсиң, мени менен эле бол» – деп аппак кийинип келип, Таттыбүбүнү жетелеп кетиптир. Бул түшүнөн көп узабай эле Таттыкем каза болуп калбадыбы» – деп айтып берген. Бул түшүн Таттыбүбү эже мени жаш, коркуп калат деп айтпаган го, сыягы.

Таттыбүбү эже каза болгон соң, эженин керээзин жадымдан чыгарбай бош боло калган учурларымда балдарынан кабар алып турдум. Үйүнө барган сайын баягы кичинекей радиотүйүн, экөөбүз бирге олтуруп маектешкен диван биринчилерден болуп көзгө урунчу. Эрте жазда Аселди ээрчитип, мүрзөсүнө гүл тигип келчүбүз. Жан дүйнөсү аппак кардай тазалыгынан, баладай ишенчээктигинен улам Таттыбүбү эженин бул дүйнөдөгү жашоосу кыска болду. Эгер анча-мынча митайымыраак болсо, узак жашамак беле, ким билет?! Элге тартуулай турган көптөгөн ролдорду өмүрүнүн кыскалыгынан улам аткара албай калды го, аттиң арман дүйнө!!!

Ошентип, жан дүйнөсү жаркын, жакын адамым болгон Таттыбүбү эжемден ажыраган соң, анын кыргыз театр жана киносун өнүктүргөнгө кошкон салымын, ошондой эле адамдык мыкты сапаттарын жазууну пландап жүрчүмүн. Себеби мен эженин кыргыз элине сиңирген эмгегин даңазалоону ыйык парзым, жашоомдогу негизги максаттарымдын бири катары эсептечүмүн. Бул максатыма жетүү үчүн эже менен бирге иштегендерге, анын бир тууганы Нуркан байкеге, кинорежиссер, жазуучу, драматургдарга жолугуп, алар менен актрисанын чыгармачылыгына, пенде катары кандай адам экендиги жөнүндө аңгеме-дүкөн куруп, мен билгенден сырткары көп маалыматтарды жыйнадым. Эң алгач жыйнаган материалдарымдын негизинде «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын 1988-жылдын 6-октябрында № 41-санына «Таттыбүбүнү эскерип» деген чоң материал жарыяладым. Андан соң кыргыз телесинде атайын көрсөтүү уюштурдум. Аны таланттуу телережиссерлордун бири Бейшенбек Мамбетакунов тартып, көрсөтүүбүз байгеге татыктуу болгон. Эң башкысы кыргыз телекөрсөтүүсүнүн алтын фондунда сакталып калды. 1991-жылы Москвадагы Таттыбүбү эженин рухуна багышталып өткөрүлгөн сулуулар конкурсу жөнүндө «Экран» журналынын 1991-жылы май айында чыккан №9–10 сандарына «Аңызга айланган өмүр» деген макаланы жарыяладым. Бул макалам «Кыргызстан маданияты» гезитинин 1991-жылдын 13-июнундагы № 24 (1272) санына да басылган.

II БӨЛҮМ

ЗАЛКАРЛАР ҮНҮ ЖАҢЫРАТ

Таттыбүбү Турсунбаеванын чыгармачылык дареметин, адамдык мыкты сапаттарын ачып берүү максатында жазылган «Таттыбүбүнү эскерип» деген макала-баарлашуум 1988-жылдын жай айларында жазылып, кыргыз телесине тартылып, ошол жылдын 6-октябрында «Кыргызстан маданияты» гезитинин №41-санына айрым кыскартуулар менен басылгандыктан, китепке толук вариантын киргиздик. Макала-баарлашууда аалам алпы Чыңгыз Айтматов баш болгон өнөр адамдарынан тартып, карапайым калктын ичин аралап жазып алган пайдалуу маалыматтарды чогулткан экенмин. Тилекке каршы, маектешкен өнөр адамдардын дээрлик баары о дүйнө аттанып кетишкен. Алардын жаткан жерлери жайлуу, топурагы торко болсун. Кезегинде төмөндө маектешкен адамдардын артынан калбай, Таттыбүбү Турсунбаева жөнүндөгү кызыктуу маектерди жазып алганыма сыймыктанамын. Эгер чыгынбай койсок алар эже жөнүндөгү асыл ойлорун өзү менен кошо алып кете беришмек. Төмөндө сиздерге сунушталып жаткан маектештерим Таттыбүбү Турсунбаеванын өмүрү жана чыгармачылык жолу жөнүндө кызыктуу баян курушуп, залкар актрисабыздын аңызга айланган өмүрүн, адамгерчилик бийик сапаттарын, ак маралдай керилген ай-чырайлуу ажарын классикалык деңгээлде ачышкан. Маектер XX кылымдын 90-жылдары жазылып алынгандыктан, залкарларга берилген наамдар, сыйлыктар, каармандык орден жана медалдары ошол жылдардагыдай китепке түшүрүлдү.

Макала-баарлашуубуз улуу актриса жөнүндөгү өзүмдүн ой чабыттарым жана агасы Нурканбек Турсунбаевден алган маегим менен башталат. Андан соң залкардын, кесиптештеринин, курсташтарынын, шакирттеринин, күйөрмандарынын маектери жайгашат.

ТАТТЫБҮБҮНҮ ЭСКЕРИП

Элибиздин маңдайына бүткөн таланттуу актриса, Таттыбүбүнүн бу дүйнө менен кош айтышып, арабыздан кеткенине бир топ мезгил өткөнүнө карабай, эл арасында али күнчө анын талантына таазим кылып урматтоо жана жомоктогу периштедей сулуулугуна тамшана суктануу менен кеп кылышып эскеришип, жүрөктөрүнүн тереңине сактап келишет. Таттыбүбүнү жүрөк сыздабай, адилетсиз тагдырга «аттиң» деп жан кейибей эстөөгө болбос оф, арман ай...

Биздин эң негизги максатыбыз – актриса аз жашаган өмүрүндө элибизге калтырган эмгегин изилдөө менен бирге инсан катары жан дүйнөсүн ачып берүү. Эл аралап калк менен пикирлешип, аңгемелешкенде «Айланайын, сен борбордон келген турбайсыңбы, тиги Уркуя менен Ак Мөөрдү ойногон Таттыбүбү деген актриса кыз жөнүндө айтып берчи. Аны сен көрүп калдыңбы?» – деп сурагандар учурунда көп болгон. Кыргыз киночуларынын, союздун кино өнөрүнө байланышкан материалдарды жарыялаган «Экран» журналында иштеп жүргөн кезимде Таттыбүбү Турсунбаеванын өмүрү, чыгармачылык жолу жана кандай адам болгондугу жөнүндө толук айтып берүүнү өтүнгөн каттардын көп келгендигине күбө болдум. Ушул каттардын өзүнөн эле, Таттыбүбү деген ат калктын жүрөгүнөн ушунчалык бийик деңгээлде түнөк таап калгандыгын байкоого болоор эле.

1981-жылдын 21-декабрында Кыргыз эли оор жоготууга учурады. Эл кызы Таттыбүбү Турсунбаева күтүүсүздөн каза болду. Ал көз жумган күнү шаар калкы бүт көтөрүлүп чыгып, анын өлүмүнө бирде ишенсе, бирде ишенишпей аргасыздан түбөлүккө жайына узатышты. Таттыбүбүдөй жылдыз учуп кеткен соң, театрдын сахнасына каран түн түштү. «Бүгүн Таттыбүбү ойнойбу?» – деп театрдын кассир кызын тажатышкан таланттуу актрисанын күйөрмандарынын да аягы суйдаң тартып, акыры келбей да калышкан. Көрсө, театрдын жылдызы болгон Таттыбүбүнүн сулуулугу менен таланты, анын сахнада жараткан образдары көпчүлүк элди өзүнө тартып турчу турбайбы. Кээ бири Таттыбүбүнүн көрк-келбетин көрүп эстетикалык ырахат алганы келишсе, кээси анын талантына таазим этип келишчү. Ал сахнага чыкканда асмандагы чолпон жылдыздай жанып, сулуулугу сахнаны жарыкка бөлөп турчу. Таттыбүбү сахнада эмес көчөдө басып баратканда көптөгөн адамдар маралдай керилген мүчө келбетине, келишкен басыгына, нур төгүлгөн жүзүнө моюндары талыгыча кылчак-кылчак карашып суктанышчу. Элибиздин белгилүү акындарынын бири, маркум Жолон Мамытовдун Таттыбүбү Турсунбаевага арнаган «Ажал менен сулуулук» деген чыгармасындагы:

«Ай-чырайлуу жумур дене Жоканда,
Кыргызымда бир жаралган экен да.
Бир эркелеп бул турмуштун шаңына,
Эл-күзгүгө бир каранган экен да» –

деп айтылган саптарындагыдай Таттыбүбү кыргыз элине жаратылыштын атайын тартуулаган белеги болчу. Андан калса, ал театрдын бешенесине жаралган бакыт кушу эле. Бакыт кушу театр сахнасынан учуп кеткендигине карабай, көрүүчүлөр көп убакыттарга чейин кайсы гана спектаклдин башкы каарманы болбосун, аны Таттыбүбү аткарып жаткандай элестетишип жүрүштү. Акыркы жылдары театр сахнасында элдик эпостордун негизинде коюлган кыргыздын белгилүү драматургу Жалил Садыковдун «Манастын уулу Семетей», «Сейтек» спектаклдериндеги Каныкей менен Айчүрөктү: «Таттыбүбүгө гана ылайык ролдор экен, аттиң арман дүйнө» – деп элдин спектаклден

кийинки күбүр-шыбырын кулагыбыз чалып, биз да эл шарына кошулуп, аттиңибизди айтып калчу элек.

Таттыбүбү Турсунбаеванын күйөрмандарынын көбү анын балалык чагына, студенттик курагына кызыкпай койбойт. Ошондуктан бир тууган агасы Нурканбек Турсунбаевден алган маек, баарлашуубуз андан ары уласын.

– Таттыбүбүм 1944-жылдын 12-июлунда Тянь-Шань областынын Жумгал районунун Чаек айылында төрөлгөн. Биз 5 бир тууган элек. Таттыкем ортобузда жалгыз кыз болгон. Биз чыгармачылык менен алектенген үй-бүлө болчубуз. Чыгармачылыкка болгон шыгыбыз ата-тегибизден болуш керек десем жаңылышпайм. Себеби чоң атабыз Турсунбай чоң ырчы, комузчу, дастанчы, куудул адам, ал эми атам Мурсаалы айтылуу кадимки тоо булбулу Токтогул Сатылгановдун эң кенже окуучусу, чоң комузчу, дастанчы, обончу-композитор катары чыгармачыл инсан болгон. Атам 1939-жылы Москва шаарында өткөн Кыргыздын алгачкы декадасында Атай Огомбаев, Шекербек Шеркуловдор менен бирге Кремлде комузда кол ойнотуп, искусствобузду жалпы орус элине тааныткан. Энебиз Калыйбүбү колунан көөрү төгүлгөн ууз, ишмер адам эле. Таттыбүбү экөөбүз эгиз козудай чоңойдук. Мындан тышкары, чыгармачылыкта да үзөңгүлөш болдук. Себеби мектепте окуп жүргөндө эле чогуу ырдап-бийлеп, спорт секцияларына бирге катышчубуз. Агаларым: Жумгалбек – мыкты журналист, сатирик-акын, СССР журналисттер союзунун мүчөсү, Социалбек– чоң комузчу (негизги кесиби – ветеринар), инибиз Иманмады-сүрөтчү, скульптор-монументалист, СССР Сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү болушкан. Иманмады Москвадагы Сторогонов атындагы сүрөтчүлөр институтун бүтүргөн. Ал эми мен үч жашымда комуз үйрөнүп, 13 жашымда алгачкы «Энеме» аттуу обон жаратып, ошол күндөн тартып айылдаштарымдын арасында

55037 сбо



Таттыбүбүнүн атасы *Мурсаалы Турсунбаев* таланттуу комузчу болгон.

Нарын облустук китепканасы
№



Таттыбүбү Турсунбаева апасы Калыйбүбү менен.

обончу атыга баштагам. Таттыбүбү менин көпчүлүк обондорумду алгачкылардан болуп ырдап чыкчу. Ал ырлардын бир тобу Таттыбүбүнүн аткаруусунда кыргыз радиосунун алтын фондусуна жазылган. Таттыбүбүм кичине кезинен эле зирек болуп өсүп, 6 жашынан мектептин босогосун аттап, 1950–1960-жылдары Чаек орто мектебин ийгиликтүү аяктады. Мектепте окуп жүргөн жылдары эле Таттыкем экөөбүз өздүк-көркөм чыгармачылык ийриминин активдүү катышуучулары жана көптөгөн Республикалык кароо-конкурстардын жеңүүчүсү болгон элек. Таттыбүбү ырга-бийге гана шыктуу болбостон, айылына атагы чыккан спортсменка да болучу. Спортко жаш күнүнөн кызыгып, жеңил атлетика, волейбол, баскетбол боюнча айылдагы теңтуш балдар-кыздарды артка калтырып, алдыга салчу эмес. Чабандес катары да эч кимди алдыга салбады. Ал учурунда жеңил атлетика боюнча республикалык чоң мелдештерге катышып, байгелүү орундарга жетишкен.

Таттыбүбүнүн чыгармачылыктагы чоң чыйыры 1960-жылы 16 жаш курагында башталган. Ошол жылы Фрунзе шаарында Республикалык өздүк-көркөм чыгармачылыктын кароосу болду. Конкурста Тянь-Шань областы боюнча курама коллектив, менин «Сен партия» аттуу ырымды хор жанрында ырдап чыкты. Алар 1-байгени утуп алышып, мен чыгармама баалуу сыйлык алдым. Мындан тышкары, бул кароодо Таттыкем Кытайдагы кыргыздардын «Гүлкайыр» аттуу ырын ырдап 1-орунду ээлеп, комиссия тарабынан 6 метр баркыт жана диплом менен сыйланса, мен Болот Абылгазиевдин «Сонун да» аттуу ыры менен лауреаттык наамга ээ болгом. Ушул жылы Таттыбүбүм дароо көзгө илинип, жакшы аткаруучу гана эмес, табигат тартуулаган сулуулугу менен да эл арасында кеп жараткан. Ошондо «Кыргызфильм» киностудиясы «Советская Киргизия» киножурналынын алкагында «Элдик таланттар» деген ат менен кароонун катышуучуларын



Жумгалбек Турсунбаев



Социалбек Турсунбаев



Нурканбек Турсунбаев



Иманмады Турсунбаев

Таттыбүбү Турсунбаева ушундай эр азамат агаларынын арасында эрке, алпейим, эркек мүнөз күтүп бой жеткен эле.

тартып алышкан. Киножурналды тартуучулардын бири, кинорежиссер Рашид Байтемиров мындай деп маек куруп бергенин билем:

– Кароодогу катышуучулардын арасында Таттыбүбү башкалардан өзүнүн үнүнүн уккулуктуулугу, сулуулугу, аткаруучулук чеберчилиги жагынан өз алдынча бөлүнүп, айырмаланып турду. Ошондуктан биз Таттыбүбүгө көбүрөөк басым жасап тартып калууга аракет кылдык. Тартуу аяктаары менен Таттыбүбүнүн жанына басып келип, табигатынан сахна үчүн жаралганын жана анын келечекте чыныгы кыргыздын таланттуу адамдарынан болоорун ишендирип айттык. Анан аты-жөнүн, туулган жерин толук жазып алдык. Анда Таттыбүбү мектеп окуучусу эле деген Рашид Байтемировдун ошондогу маеги биздин демибизге дем кошуп, карындашым экөөбүзгө чоң эргүү берген.



Т. Турсунбаева кытайлык кыргыздардын «Гулкайыр» деген ырын аткарууда. Аккордеондо бир тууган агасы *Н. Турсунбаев.*

Ошол кезде Рашид Байтемиров Ташкенттеги А.Н.Островский атындагы театралдык-сүрөтчүлүк институттун режиссердук факультетинин 3-курсунда окучу. Ал практикалык иштерин көбүнчө «Кыргызфильм» киностудиясында өткөрүп, эл арасындагы көзүнө түшкөн таланттарды жазып, белгилеп алчу да, окуу башталган учурда институтта өзүнө сабак берген окутуучуларына айтчу. Байтемировдун бул жүргүзгөн иши көпчүлүк кыргыздын өнөрпоз балдар-кыздарынын багын ачты десек жаңылышпайм.

Ошол кароо-сынактан кийин «Кыргызфильм» киностудиясы Таттыбүбү үчүн атайын «Салиманын ыры» аттуу фильмдин сценарийин жазды. Бул кыргыздын эң алгачкы кыска метраждуу көркөм фильми болчу. Мында Таттыбүбү башкы каарман Салиманын образын эң жогорку деңгээлде аткарды. Фильм союздук масштабдагы кинофестивалда 1-орунду ээлеп, Таттыбүбүнүн жараткан Салимасы Союздук аренага чыккан. Ал фильмде мен да катышканмын. Ошол жылдары Ашыраалы Боталиев агай менен тааныштык. Киного тартылып бүткөн соң, агай үйүнө алып келди да, бизди катыра

даярдап музыкалык окуу жайга тапшырууга жолдомо берди. Мен композиторлукка, ал эми Таттыбүбү вокалдык бөлүмүндө окуй баштадык. Бир күнү Рашид Байтемиров келип Таттыбүбүнү чакырып алып: «Филармонияда Ташкенттеги театралдык институтка кабыл алуу жүрүп жатат. Таттыбүбү сен театралдык артистка болууга шык-жөндөмүң күч» – деп азгыра баштады.

Таттыбүбү экөөбүз өзүбүзчө кеңештик да, ушул институтка тапшырарыбызды айттык. Анан биз Ашыраалы Боталиевге билдирбей музыкалык окуу жайынан документтерибизди алып, филармонияга келип, Ташкенттеги А.Н.Островский атындагы театралдык-сүрөтчүлүк институтка документтерибизди тапшырдык. Ошол жылы 400 талапкер тапшырып, болгону 14 гана студент кабыл алынды. Окууга өткөндөрдү Рашид Байтемиров Ташкентке алып келип, бизди чыгаан педагог Яков Матвеевич Лобач менен тааныштырды. Таттыбүбү экөөбүз Яков Матвеевич Лобачтын өнөрканасында окуп калдык. Ушул жерден мен ошол кездеги кыргыз жаштарынан түзүлгөн группаны бир-эки сөз менен айтып кыстарып өткүм келет. Башка улуттардын студенттерине салыштырмалуу, кыргыз группасы беш жыл бою биринчи орунду ээлеп, институттун Ардак тактасында илинип турду. Музыкалык аспаптардын бүт баарында ойногонду билчүбүз. Ошондуктан музыкалдуу группа деп аталчубуз. Ташкентке мамлекеттик иштер менен Кыргыз Өкмөтүнөн келген өкүлдөргө биздин группа концерт берчүбүз. Институттагы башка улуттун студенттеринен тартып, окутуучу коллективине дейре кыргыз группасына суктанышып, баарыбызга аябай сый-урмат менен мамиле жасашчу.

Таттыбүбү студент кезинде эле эл оозуна көп кырдуу таланттуу адам катары жакшы таанылып калган. Ташкенттеги улуттук филармонияда дүйнөлүк бийчи Тамара ханумдун окуучусу катары, чоң концерттерде таң калтыра бийлечү. Композитор Алябевдин дүйнөгө таанымал «Соловей» аттуу тембри татаал ырын мукам, ийине жеткире аткарып, көптөгөн Өкмөттүк деңгээлде өткөн концерттерде көрүүчүлөрдүн алкышына



Ортодо Т.Турсунбаеванын устаты *Яков Матвеевич Лобач*,
оң жагында жаш *Таттыбүбү*.

ээ болгон. Таттыбүбү дипломдук спектаклдер: «Кар ханышасында» башкы каарман Кар ханышасын жана дүйнөлүк жазуучу Чыңгыз Айтматовдун «Кызыл жоолук жалжалым» спектаклиндеги башкы каарман Аселдин ролун аткаруу менен жети дубанга кыдырып келгенибизде, студент болгондугуна карабай кыргыз көрүүчүлөрүнө актриса катары таанылган. Ал эми дагы бир дипломдук спектакль казак элинин «Бали-бали кыздар ай» комедиясында башкы каарман Айсулуунун образын жогорку деңгээлде аткарып, Кара калпакстанда Союздук масштабда өткөн студенттер аралык фестивалда 1-орунга татыктуу болуп, чоң сыйлыктар менен сыйланып келген. Студент кезибизде Таттыбүбү экөөбүз «Кыргызфильм» киностудиясы тарткан «Түштүк кызы» көркөм фильмине чакыруу келип, чогуу тартылган элек.

Таттыбүбүнүн кайталангыс мукамдуу үнүн кыргыздын булбулу атыккан Сайра Кийизбаева да жогору баалап, драмалык актрисалыктан опера ырчылыгына өтүүсүн көптөн-көп суранып кайрылган. Ошол кишинин сунушу менен Таттыбүбү Ташкенттен келгенден кийин көптөгөн мамлекеттик деңгээлде өткөн концерттерде ырчылык өнөрүн элге тартуулап жүрдү. Таттыбүбүнүн аткаруусундагы көп чыгармалар азыр дагы Кыргыз радиосунун алтын фондусунда сакталуу.

1966-жылы окуубузду ийгиликтүү аяктап келип, алгачкы эмгек жолубузду Кыргыз Улуттук академиялык драма театрынын чоң сахнасынан баштаган элек. Таттыбүбү кыргыз театр сахнасында 30дан ашуун спектаклдерде кыргыз улуттук классикасынан дүйнөлүк классикага чейинки чыгармаларда башкы каармандардын образын эң жогорку деңгээлде аткарып, элдин жүрөгүнөн түнөк табат. Катардагы көрүүчүлөр атайын Таттыбүбү катышкан спектаклдерге агылып келчү. Талантына айкалышкан ай-чырайлуу жүзү, улуу адамгерчилиги, наристедей таза жан дүйнөсү, жумшак мүнөзү көрүүчүлөрдү арбап алаар эле. Ошол учурдагы бюрократиялык системанын, замандаш кесиптештеринин тоскоолдугуна карабастан 1972-жылы Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген артисти наамына жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Ардак грамотасына татыктуу болот.

Таттыбүбү кыргыз кино сересинде чоң ийгиликтерди жаратып, «Кыргыз киносу – Кыргыз керемети» деген аталышка кошкон салымы чоң. Учурунда 15тен ашуун кинофильмдерде башкы каармандардын образын жогорку деңгээлде аткарып, көптөгөн дүйнөлүк, эл аралык кинофестивалдарда 1-даражадагы «Аялдардын образын эң мыкты аткаргандыгы үчүн» сыйлыгы менен бир нече ирет сыйланган. Таттыбүбү кыргыз театр жана кино сахнасында бар болгону 15 гана жыл эмгектенип, жашады. Бирок жараткан каармандары менен өзүнө өлбөс-өчпөс эстелик тургузду. Кыргыз элибиздин кичинесинен чоңуна чейинки көрөрмандардын сүймөнчүгү, армандуу тагдырдын эгедери болуп, талантынын гүлдөп турган учурунда көралбастык менен ичи тардыктын курмандыгы, киши колдуу болуп арабыздан 37 жаш курагында, 1981-жылдын 21-декабрында тирүүчүлүк менен эрте кош айтышып кете берди. Кино, театр искусствосуна опол тоодой эмгек кылганына карабай Ала-Арча көрүстөнүнөн орун берилбей, бар болгон титулу Эмгек сиңирген артистка катары гана Чоң-Арык көрүстөнүндөгү адырга коюлуп калган. Таттыбүбүнүн тарыхтагы ордун мезгил өзү айгинелеп олтурат. Ошондуктан Таттыбүбүнү тирүүлүккө келе жатат десек жаңылышпайбыз. Анын ай-чырайына шайкеш келген талантына кесиптештерибиз тарабынан бут тосуулар өтө көп болду. Мисалы, «Отко таазим» кинофильминдеги жараткан Уркуянын образы эмне деген керемет! Дүйнөлүк кинофестивалдарда Таттыбүбүнү ааламдык актриса катары таанытткан каарман. Уркуянын образын жогорку чеберчилик менен аткарганын ар бир кыргыз баласы тана албайт.

Фильмдин ажарын Уркуянын образы ачкан. Көбүнесе тасманын көркөмдүк деңгээли Уркуянын образы аркылуу көтөрүлгөнү бүт көрүүчүлөргө белгилүү. Тасма Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүлүп, тилекке каршы Таттыбүбүгө бул сыйлыкты бербей коюшкан. Экинчи бир мисал, «Ак Мөөр» тасмасында феодалдык доордогу айчырайлуу кыргыз кызы Ак Мөөрдүн образын эң жогорку деңгээлде жаратып, бир канча мамлекеттерге барып келген. Ал мамлекеттер Таттыбүбүгө башкы сыйлыктарды тапшырышкан. «Ак Мөөр» тасмасындагы башкы ролу үчүн башка өлкөлөр сыйлап жаткан соң, Кыргыз мамлекетинде да карындашымды Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаттыгына көрсөтүшөт. Тилекке каршы, ар кандай көралбастык, бут тосуулардан кийин бул сыйлык да берилбей калат. Ошентип, Таттыбүбүгө карата мындай бут тосуулар көнүмүшкө айланган. Кыргыз Республикасынын Эл артисти наамына көрсөтүп, аны берген эмес. Ал эле эмес «жараксыз актриса» деген формулировка менен өзү иштеп турган театрдан чыгарып салууга аракет кылган учурлар да болгон. Бирок Таттыбүбүнүн өлбөс-өчпөс таланты Кыргыз деген улут барда ар дайым эстелип тураарына ишенем – дейт Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген артисти, драма жана кино актеру, обончу-композитор, Таттыбүбү эженин бир тууган агасы Нуркан Турсунбаев.

ТАТТЫБҮБҮ ТУРСУНБАЕВАНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ, ӨМҮРҮ, АДАМГЕРЧИЛИГИ ЖӨНҮНДӨ ЗАЛКАР ИНСАНДАР МЕНЕН МАЕКТЕШҮҮЛӨР

Таттыбүбү Турсунбаева Эмгек Кызыл Туу ордендүү кыргыз драма театрында (азыркы кезде бул театрга белгилүү драматург Токтоболот Абдумомуновдун аты ыйгарылган) иштеген жылдары дээрлик бардык спектаклдерде башкы ролдорду аткарып жүрдү. Кээде башкы ролдор бир гана Таттыбүбүгө ылайык болсо да, кандайдыр бир табышмактуу себептерден улам ага берилбей калчу. Анысы аз келгенсип басма сөз беттеринде Таттыбүбү Турсунбаеванын кинодогу жана театрдагы аткарган ролдоруна анализ жүргүзүлүп жазылган материалдардын аз санда экендиги өкүнтөт. Болбосо Таттыбүбү эже жараткан театрдагы жана кинодогу керемет образдар, көрүүчүлөрдүн эсинде ушул кезге чейин сакталуу. Актрисанын адамдык сапаты, актрисалык дараметі элибиздин залкар инсандары менен болгон баарлашууда ар тараптуу, так жана терең ачылгандыгына өзүңүздөр төмөндөгү маектерден күбө болосуздар.

«Таттыбүбү жараткан образдар кинодо болсун же театрда болсун, ал биздин арабыздан кеткенден кийин эч пайда боло элек...»

(Кыргыз Эл жазуучусу, Социалисттик Эмгектин Баатыры Чыңгыз Айтматов менен болгон маек)

– Чыңгыз Төрөкулович, Таттыбүбү Турсунбаеванын театр жана киноискусстводогу ээлеген орду, ошондой эле Сиздин «Кызыл алма», «Атадан калган туяк», «Асма көпүрө» чыгармаларыңыздын негизинде жаралган тасмаларда аткарган ролдору жөнүндө пикириңизди айтып берсеңиз. Дегеле Сиздин оюңузча, Таттыбүбү Турсунбаева адам катары, актриса катары кандай жан эле?

– Бир элдин театры ошол элдин тарыхына байланыштуу болот. Кайсы гана элде болбосун театр өз заманына, өз дооруна жараша жаралат. Театр өзүнүн заманасына туура келип пайда болгондо, өзүнө эң көрүнүктүү таланттарды чогултат. Театрды, театр кылып көрктөндүрүп турган жылдыздарынан ажырап калчу болсо, кайсы гана театр

болбосун отко суу сепкендей өчүп калышы ыктымал. Мына Батыш Европадагы театрларды алып көрөлү. Ал жакта бир убакта дүркүрөп гүлдөп, өсүп-өнүгүп, андагы жалпы көрүүчү калкты магниттей өздөрүнө арбап тартып турган сахна жылдыздары бул дүйнөдөн көзү өткөн соң, театрлардын ындыны өчүп жоюлуп кетет. Кыргыз драма театры мен эс тарткандан эле бар. Биздин театрдын да өз мезгилине жараша эң мыкты жылдыздары чыккан. Мисалы, Муратбек Рыскуловду алалы. Муратбек Рыскулов тубаса укмуштуудай актер болгон. Ал кыргыз сахнасында не бир сонун улуттук жана башка классик жазуучулардын чыгармаларындагы ар кандай психологиялык мүнөздөгү образдарды жаратып, кыргыз калкын тамшантып суктанткан. Мына ушундай улуттук театр искусствобуздагы жаркын таланттардын бири, кыргыз киносу менен театрынын накта жылдызы Таттыбүбү Турсунбаева. Ал кино менен театрдын кошулушкан заманында кыргыз киносу менен театрына көрк берип, улуттук өзгөчөлүгүн терең көрсөтүүгө себепкер болгон. Азыркы мезгилде Таттыбүбү жараткан образдар кинодо болсун же театрда болсун ал биздин арабыздан кеткенден кийин эч пайда боло элек. Таттыбүбү жаркын талант эле. Анын катышуусунда улуттук киноискусствобузда бир жагынан кубаттуу, бир жагынан назик фильмдер түзүлдү. Кыргыз элинин киноискусствосун дүйнөлүк аренага көтөрүп чыгышкан чыныгы элдик жигиттерибиз, кинорежиссерлор Төлөмүш Океев, Болот Шамшиев тарткан фильмдердеги Таттыбүбү жараткан образдар ар бир адамды өзүнө тартып суктандырбай койбойт. Айрыкча, Төлөмүш Океевдин, Кыргыз Эл жазуучусу Насирдин Байтемировдун «Тарых эстелиги» деген чыгармасынын негизинде тарткан «Отко таазим» фильминдеги Уркуянын образы укмуш чыккан. Фильмдеги Уркуянын ак жоолук салынып, боз жоргонун үстүндө өрүкзарды аралап кетип бара жатканы улуттук образдын жетип турган чеги.

Элибизде Таттыбүбүнүн актриса катары театр сахнасында да, кино экранында да ойногон ролдору эстен кеткис нерсе болуп калды. Ар бир элдин өзүнүн руханий казынасы болот. Ал казынага кайсы гана эл болбосун өзүнүн эң асыл берметтерин сактайт. Кыргыз элинин руханий казынасындагы ошондой асыл берметтеринин бири Таттыбүбү. Ал элибиздин руханий казынасында түбөлүккө сакталып калды. Адамзат жашоосундагы күндөлүк турмуш-тиричилигибизде кээ бир улуу нерселер кичирейтилип, ойду-келди тебеленип-тепселип калат тура. Ал эми жарыбас кичинекей нерселер олуттуу болуп, улуу нерседей болуп көрүнүп калат экен. Бирок кандайдыр бир убакыт мезгил жеткенде баягы өз убагында кичинекей болуп көзгө көрүнбөгөн улуу нерселер калыбына келип, акырындык менен анын улуулугу көрүнө баштайт тура. Таттыбүбү так мына ушундай болду. Анын улуулугун, кайталангыс талант экендигин убагында эч кимибиз барктап-баалай албадык. Анын көзү өткөн соң, актрисанын улуулугу, улуттук театр жана киноискусствобуздун чыныгы табылгыс байлыгы экендиги уламдан-улам даана ачылып көрүнө баштады.

Таттыбүбүнүн чыгармачылык ишмердигинин анча-мынча бөлүкчөлөрү менин чыгармачылыгыма да байланышып кетет. Себеби ал менин чыгармаларымдын негизинде тартылган бир нече фильмдерге түштү. Ал турмак кызы Асел да «Кылым карытар бир күн» романымдын негизинде кинорежиссер Дооронбек Садырбаев тарткан «Махабат дастаны» деген фильмде Бегимайдын образын жаратты. Таттыбүбүнүн «Кызыл алма» картинасындагы Бейтааныш кыздын, «Атадан калган туякта» Жээнгүлдүн, «Сүйүү жаңырыгында» Асиянын, ал эми кызы Аселдин Бегимайдын ролун аткарып, экран



Т.Турсунбаева. Төлөмүш Океев тарткан «Кызыл алма» көркөм тасмасында «Бейтааныш кыздын» ролунда, 1975-ж.

аркылуу жандуу образдарды түзүшү менин чыгармачылыгымдагы образдардын окуучу катмарына тереңирээк жана кененирээк түшүнүктүү болушуна чоң өбөлгө болду. Таттыбүбүнүн кызы экөөнүн тең жараткан образдары менин көңүлүмдү толтурат жана ошондой эле бул образдар мен ойлогондой чыккан.

«Таттыбүбү суу боюндагы таштан жарылып чыккан жалгыз гүл сыяктуу...»

(Кыргыз Эл жазуучусу, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Насирдин Байтемиров менен болгон маек)

– Насирдин агай Сиздин «Тарых эстелиги» романыңыздын негизинде тартылган «Отко таазим» фильминдеги башкы каарман Уркуяны Таттыбүбү Турсунбаева ойногонун жалпы калайык-журт билишет. Актрисанын аткарган ролу жана өзү жөнүндө Сиздин пикириңиз элге кызыктуу болсо керек?

– Менин оюмча, таланттын эки түрлүү тажрыйбасы бар. Эмгек менен келген жана тубаса. Биз көп учурда ушундан ажырап калып, баалабай жатабыз. Мына Муратбек Рыскулов, Сыдыкбек Жаманов, Боталиевдер Таттыбүбүнү биринчи көргөндө эле башкача келди дейт. Дүйнөгө бир ирет келди. Аны көргөн киши гана көрөт. Көрбөгөн киши көрбөй деле калат. Аны байкабай деле калат. Мына ушуну байкоо жагы жетишсе жакшы болор эле дейм. Менин кулагыма «Ак булутту аралап ай баратат» деген мукамдуу аваз ушул кезге чейин жаңырыктап угулуп турат, атаңдын гөрү ай, «булутту аралап

баратат» Таттыбүбүнүн арманы ушул ак булут. Ал өзүнүн тагдырын, келечегин ошол жаш курагында эле бүтүндөй жан турпаты менен сезе билгендей, көрө билгендей муңкана ырдап, өзү да ак булутка айланып, ак булут болуп кете берди го чиркин, арман дүйнө ай-а! Бул ырды Таттыбүбү бекер ырдаган эмес, билип ырдаган... Бири кем дүйнө дегениң ушул белем.

Менин «Тарых эстелиги» чыгармамдын негизинде тартылган «Отко таазим» фильминдеги Уркуя Салиеванын ролун аткарган актриса кызыбыз жөнүндө сөз кылуу бөтөнчө сыймык. Таттыбүбү суу боюндагы таштан жарылып чыккан гүл сыяктуу. Ал уяң дагы, назик дагы, кези келгенде жалбырттап отко айлана, кээде музга айлана жашап сахнаны, экранды өзүнчө бир кереметке айланта жашаган бул наристе кыз жөнүндө таза ойдомун. Менин чыгармамдын негизинде тартылган «Отко таазим» фильминде Таттыбүбү так жогоруда мен айткандай жашады. Анын кудай берген наристе мүнөзү сыяктуу эле кайгысы да, ызасы да, ачууланышы да, арманы да, үмүтү да, өкүнүчү да, жеңиши да бул картинада Таттыбүбүчө болду. Жасалмалуулук жок, жан-дили бар. Арамзалык жок, азаадалык бар. Өзү-өзү менен элдин өкүлүнө айлануу ыгы аркылуу кадимки кыргыздын тазалыкты канат кылып, жашоо өмүрүнө сактап жүргөн аруу кыргыздын аялзатынын элесин колунан келишинче жаратты десем жаңылышпаймын. Булуттай кармалгыс, учкундай ийилчээк элпек да, каттуу да элес анын Уркуясы аркылуу көзгө чалдыгат.



Т.Турсунбаева. Төлөмүш Океев тарткан «Отко таазим» көркөм тасмасында «Уркуянын» ролунда, 1971-ж.

Таттыбүбү дүйнөдөн жаш кетти. Жалаң кыргыздын экранын, сахнасын гана эмес, жалпы журтчулугун жашытып, өксүтүп кетти. Бирок ошончолук элге таасир калтырган элесте калган Таттыбүбүнүн арманы ичте кетти. Алчу баасын өз убагында албай калды. Азыр өткөн каталарды оңдоо, турмушту, коомду ирик-чириктен тазартуу, жаңылоо кези жүрүп жатат. Тарыхта ондогон таланттуу адамдар өзүнүн көзү тирүү кезинде сындалып, тил угуп, талант катары эсептелбей, жаркыраган жылдыз болуп турса да көз жаздымда калып, анан унутулуп кеткен мисалдар аз эмес го! Бирок алардын кай бирлери көп жылдар бою куйруктуу жылдыз сымак болуп ободон көрүнүп, жерге жарыгын чачып, өз ордун алып жатпайбы? Ошондуктан биз Таттыбүбү жөнүндө ойлонушубуз керек.

Таттыбүбү Турсунбаевасыз «Отко таазим» фильмин элестетүү кыйын. Мен элестете да албаймын. Уркуянын тирүү элеси экранда жандуу чагылдырылып, эл купулуна толгон актрисабызга убагында Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын берилбей калышы, чындыгын айтканымда, жетип турган наадандык. Таттыбүбүнүн эмгегин баалоо азыр деле кеч эмес деп ойлоймун.

«Таттыбүбү сахнага келгенде, сахна толо түшчү. Сахнадагы жүздөгөн көз аны ээрчий карап, ага арбалып олтурушчу...»

(Драматург, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Токтоболот Абдумомунов менен болгон маек)

– Токтоболот Абдумомунович, Таттыбүбү эже Сиздин «Машырбек үйлөнөт», «Малике», «Жыгылган оогонго күлөт» чыгармаларыңызда башкы ролдорду аткарган. Таттыбүбү Турсунбаеванын сиздин пьесаларыңыздагы аткарган ролдорун, дегеле анын чыгармачылыгына, ошондой эле адамдык сапаттарына кандай баа бере аласыз?

– Таттыбүбү сахнага келгенде сахна толо түшчү. Сахнадагы жүздөгөн көз аны ээрчий карап, ошого арбалып олтурушчу. Бардык эле артисттерде мындай эмес. Көп артисттер сахнага киргенде көрүүчүлөр: «Ай ушул батыраак эле чыгып кетсе экен, ушу жадатып жиберди, айланайын» – деп айткандарын далай жолу эле угуп калганбыз. Ал эми Таттыбүбүнү болсо көзү өткөндүктөн эмес, муну көзү барда да айтчу: «Ушу кетпесе экен, сахнада эле айланчыктап тура берсе экен, биз карап эле тура берер элек» деп кандайдыр бир суктанып карашып айткандарын угуп калчубуз. Бул эмнеликтен? Албетте, жаратылыш ар бир артистке берүүчү сыр бар. Жамал бар, жылдыз бар. Эмне үчүн андай болот десек, ага түшүнүк бере албайбыз. Биздин акылыбыз жетпейт. Кандай сыйкыр менен бизди ээрчитип, кандай сыйкыр менен бизди өзүнүн артынан алып кетет, биз ага жооп бере албайбыз.

Мына театр канча замандан бери жашап келе жатат, ошого не бир башы чарадай болгон кишилер эч качан жооп бере албай келген. Бул ар бир артисттин жаратылышындагы сырдуу көрүнүш. Экинчиден, Таттыбүбү өзүнүн ишине, өзүнүн ыйыгына, өтө жоопкерчилик менен берилип карай турган. Кайдыгерлик жок болчу анда. Ушул ролду

жеткирмейинче, ар бир айтылган сөз өзүнүн сөзү катары сезилмейинче Таттыбүбү эч качан сахнага чыкчу эмес.

Менин «Машырбек үйлөнөт», «Жыгылган оогонго күлөт», «Малике» аттуу пьесаларымда ойноп калды. Мен жазбаган, мен көзүмө элестете албаган нерселерди, көзгө илинбеген нюанстарды таап, толук кандуу образды жаратар эле. Таттыбүбү жаралганынан телегейи тегиз берилген, үнү дагы, күлгөнү дагы, ойлогону дагы, бой-келбети бүт бардык жагынан төп келишкен кыз эле. Кудай Таалам Таттыбүбүнү сахна үчүн жаратып койгондой болучу. Таттыбүбүнүн бир гана кемчилиги бар. Ал анын өмүрүнүн кыскалыгы болду. Ролду мыкты жаттаган, мизансценаны жакшы билген артисттер болот. Бирок андай артисттер сахнага киргенде эле жок болуп көрүнбөй калчу. Ал эми Таттыбүбүчү? Ал залды өзүнө тартып, өзү алып бара жаткан окуяга элди ээрчитип жүрүп олтурчу. Актриса кайталангыс сонун мизансценаларды таап алчу. Адам катары да, артист катары да абдан нуру төгүлгөн жылдыздуу кыз болчу. Андагы мен байкаган эң мыкты сапаттардын бири – адамга жамандык жасоо, бирөөгө ичи тардык кылуу, көрө албастык жок эле. Башка адамдын жакшылыгын көрсө жан алы калбай сүйүнүп, жамандыгын көрсө өз бир тууганына күйүнгөндөй күйүнчү. Себеби ал бай таланттын ээси эле. Трагедиябы же комедиябы, же болбосо психологиялык драмабы, кайсы гана жанрда ойнобосун, ал өзүн сууда сүзгөн балыктай эркин сезип ойночу...



Драматург Т.Абдумомуновдун «Жыгылган оогонго күлөт» спектаклинен бир көрүнүш. Гүлмайра – *Т.Турсунбаева.* Фрунзе ш., 1969-ж.

Биз, драматургдар, пьесаларыбызды театрга өткөрүп берип эле тим болбостон, алардын ар бир репетициясына да үзгүлтүксүз катышып, ала турган жерин алып, кошчусун кошуп, спектаклди даярдап жатканда да анча-мынча оңдоолорду киргизип турабыз. Ал турмак даяр болуп элге коюлган күндөн тартып премьерадан башка канча жолу коюлса, ошончо жолу катышууга аракет кылабыз. Өзүмдүн чыгармаларымда ойногон ролдорду гана эмес, Таттыбүбү катышкан бүт спектаклдерди көрүп чыктым окшойт. Бир күнү мен ага элдин көзүнчө:

– Бүгүнкү ойногон ролуң мыкты чыкты, Таттыбүбү–дедим.

– Жок, агай, оюмдагыдай жакшы чыкпай калды, – деп өзүнүн түзгөн образына көңүлү толбой, эртеси күнү ролдун үстүндө изилденип, көп жаңы нерселерди кошуп келгендигин байкадым. Мына ушундан эле Таттыбүбү образ жаратууда ролдун үстүнөн көп иштеп, изилденгенин байкагам.

«Жыгылган оогонго күлөт» чыгармамдагы Гүлмайранын ролун Таттыбүбү ойноп чыкты. Актриса кыргыздын шайыр мүнөз, ачык, тамашакөй, оюнкараак, ичинде бир да кири жок, таң шооласындай төгүлгөн келиндин татынакай кайталангыс образын түздү. Ал образды жаратууда автордун жазганына, режиссердун берген көрсөтмөсүнө өзүндө болгон адамдык сонун касиеттерди кошуп турар эле. Ал сенин жазганыңды жөн эле аткарчу эмес. Сенин жазганыңды негиз кылып, ошого өзүнүн жүрөгү өйүгөн же жүрөгүн кубанткан нерсени кошуп көрсөтчү. Артист ойноп жатканда бир жеринен эле ишенбей калсаң, андан ары туура ойноп жатса да ага болгон ишенич жоголот. Таттыбүбү дайыма көрүүчүдө ишенбөөчүлүктү туудурбаш үчүн аракет кылчу. Ал сахнага чыккан сайын «Эмне үчүн кирдим, эмне үчүн чыгып баратам? Бул жерди эмне үчүн минтип айтып жатам, башкача айтпастан?» – деп өзү менен өзү сүйлөшүп, жооп издеп турчу. Ал авторду да, режиссерду да урматтоочу. Бирок алардын айтканын айткандай, дегенин дегендей аткарып ээрчип кетчү эмес. Ал дайыма өзүнүн чындыгына жетүүгө аракеттенүүчү.

Таттыбүбү «Машырбек үйлөнөт» спектаклинде Зулайданын ролун ойноду. «Машырбек үйлөнөт» абдан жакшы коюлуп, элдин көңүлүнө толгон спектаклдердин бирине айланган. Мында Таттыбүбү акыл-эстүү, бирок аябагандай куу, митайым, сыртынан жыландай соймоңдогон, жылуурааак орун табууга умтулган, бирок адамга оңойлук менен сыр бербеген, өзүнүн кылган жаман иштерин акташ үчүн жообу дайым даяр турган, колдон сымаптай төгүлгөн аялдын образын түзүп койду. Актрисанын түзгөн бул образын көрүүчүлөр жылуу кабыл алып, эл арасына бат сиңип кетти.

Ойнолуучу образ өзүнүкү болмоюнча, ички табиятына төпкелмейинче, Таттыбүбүнүн кежигеси тартып туруп алчу. Ал бөлүнгөн роль өзүнө дал келгенде гана көбүрүп-жабырып ойноп кетчү. Мен театрдан көп артисттердин ойногон оюндарын көрүп жүрөм. Алардын ичинде жакшылары да, жамандары да, ортозаарлары да, таланттуулары да бар. Муратбек Рыскулов, Бакен Кыдыкеева, Даркүл Күйүкова, Сыдыкбек Жаманов, Советбек Жумадылов, Ж.Балыкбаева, Абдыашым Көбөгөнов жана башка ушу сыяктуу чоң устаттардын образдары дайыма менин көз алдымда турат. Ушу аты аталган чоң устаттардын катарында эле Таттыбүбүнүн түзүп кеткен образдары күнү бүгүнкүдөй көз алдымдан кетпей дайыма элестеп тура берет. Элдин сүйүүсүнө, кадыр-баркына бейжайлык, опурулуп-жопуруучулук, жамандык издөөчүлүк менен эмес, өзүнүн ак эмгеги, оргуштап өзүнө ээ-жаа бербей атырылып агып турган талантынын күчү менен жетти. Таттыбүбү өз доорунун чыныгы сүрөткери эле. Жаш болсо да Таттыбүбү өзүнүн кыска өмүрүндө кыргыз театры үчүн көп жакшы нерселерди калтырып кете алды.



Драматург Т. Абдумомуновдун «Машырбек үйлөнөт» спектаклинен бир көрүнүш. Зулайда – *Т.Турсунбаева*, Супатай – *С.Бийназаров*. Фрунзе ш., 1979-ж.

«...Ал биздин сахнабызга кокусунан конуп калган ак куу болчу...»

(СССРдин Эл артисти, киноактриса Бакен Кыдыкеева менен маек)

– Бакен эже, Сиз Таттыбүбү эже менен бир театрда иштеп калдыңыз. Кесиптешиңиз катары анын театрдагы жана кинодогу аткарган ролдоруна карата ой-пикириңиз кандай?

– Сөзүмдүн баш жагында эле акын Сүйөркул Тургунбаевдин «Таттуу кызы бир элдин» – деп Таттыбүбүгө арнап жазган чыгармасынан бир куплетти айтып өткүм келет:

«Кайсы таң бул?
Кайсы үрүл, кай үрүл?
Жылт деп өткөн, үлп деп өткөн бир өмүр?
Кыйры кырдуу кыргыз элдей кыртыштан,
Качан эми гүлдөөр экен сендей гүл?..»

Ушул ыр саптарында Таттыбүбүнүн канчалык даражада бизге тартуулангандыгын баалуу белек экендиги даана ачылып көрсөтүлгөн. Акын айткандай мындай театр үчүн жаралган талант эми бизде жаралабы же жокпу, баары бир тактап, ал турмак болжолдоп айтуу кыйын. Ал биздин сахнабызга кокусунан конуп калган ак куу болчу. Баркына жетип пайдалана албаганыбыздан соң, көздөн кайым болуп учуп кете берди. Эми аткарган ролдоруна бир аз токтолуп өтсөм. Театрда болобу, кинодо болобу Таттыбүбүнүн аткарган ролдору эң жогорку деңгээлде чыкчу. Элден өткөн сынчы жок да. Негизинен, Таттыбүбүнүн жараткан образдарын көрүүчүлөр сүйүп, тамшануу менен көрүшчү. Айрыкча «Отко таазим» фильминде Уркуянын, «Ак Мөөрдө» Ак Мөөрдүн, «Сүйүү жаңырыгы» картинасында Асиянын, «Кызыл алмада» Бейтааныш сулуунун, «Ак куулар конгон Айдың-Көл» фильминде Зейнептин, «Атадан калган туякта» Жээнгүлдүн, ал эми театрдагы Е.Шварцтын «Кар ханышасы» спектаклинде Кар ханышанын, М.Каримдин «Ай тутулган түндө» Шафактын, Т.Абдумомуновдун «Жыгылган оогонго күлөт» пьесасында Гүлмайранын, Лопе де Веганын «Бий мугалиминде» Фелисьянанын, М.Байжиевдин «Ар бир үйдө майрам» спектаклинде Мадинанын ролдорун чегине жеткирип ойноп, көрүүчүлөрдүн купулуна толгон. Көпчүлүк көрүүчүлөр Таттыбүбү ойногон спектаклдерге үзбөй келишчү. Ушундан улам Таттыбүбү канчалык деңгээлде элге сиңгенин билсе болот. Таттыбүбүнүн аткарган ролдору ар бир көрүүчүнүн жүрөгүнөн түнөк алган. Мен өзүм театрдын артисти катары анын кинодогу жана театрдагы жараткан образдарына жогору баа берем. Ал ар бир ролун кадимки турмушта жашагандай ойногон. Ал өзүнүн жараткан образдары аркылуу кыргыз улуттук театры менен киносунун өнүгүшүнө чоң салымын кошуп кете алды десем жаңылышпайм.

«...Жаш болсо да кыргыз театр, кино искусствосун өнүктүрүүгө өзүнүн зор салымын кошуп, атын түбөлүккө калтырып кете алды»

(Кыргыз ССРинин Эл артисти, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Сыдыкбек Жаманов менен маек)

– Кыргыз драма театрындагы улуу муундагы артист катары кесиптешиңиз Таттыбүбү Турсунбаеванын талантына, театр жана кинодогу чыгармачылыгына, адамдык сапатына карата ой-пикириңизди билелик деп кайрылып жатабыз?

– Таттыбүбү жөнүндө сөз, бир отуруш менен бүтпөйт го. Бир күнү «Кар ханышасынын» репетициясына балдар залдын сыртында чогулуп жатканын көрүп калдык да, алар жакка басып бардык. Мен, Мукем (Муратбек Рыскулов), Боталиев репетиция кылууга чогулган балдарга көз жүгүрттүк. «Имаш (Таттыбүбүнүн күйөөсү) жана беркилерди көрсөң татынакай, бирок айрыкча көзгө көрүнүктүүсү эле Таттыбүбү экен. Мындай карасаң жараткан ага периштедей сулуулукту, маралдай керилген бойду, балбылдап жанган карагаттай көздү бериптир. Баскан, турганы, сүйлөгөнү деги бүт кыймыл-аракети татынакай экен, баары орундуу болуп турат, эми сахнада кандай болду экен?» – деп Мукем, Боталиев, мен үчөөбүз фоеде өз алдыбызча сүйлөшүп туруп калдык. Балдар чогуу репетиция кылуу үчүн залга кирип кетишти.



Ч. Айтматов, К. Мухамеджанов. «Фудзьямадагы кадыр түн».
Оңдон үчүнчү Анвар – *Т.Турсунбаева,* Фрунзе ш., 1976-ж.

– Балдар сахнага кирип кетишти. Азыр репетиция башталат көрүнөт. Булардын репетициясын көрөлү – дедим мен жанымдагыларга.

– Коё тургула мен тамекимди күйгүзүп, тартып алайын – деп Мукем туруп калды.

– Тамекиңизди кирип деле күйгүзө бериңизчи? – деп аны ээрчитип залга кирдик. Таттыбүбү кийими жок, мындай эле сүйлөп, мындай эле ойноп репетиция кылып жаткан экен. Баскан-турганы, сулуулугу адамдын бүткөн боюна жабыша калып тартылып тургандыгына биз таң калып, суктанып жаттык...

– Оо, биздин театрга героина келиптир – деп калды Муке.

– Ой, бизде мындан сулуулар деле, мындай татынакайлар деле толуп жатат- деп тийишип жатты Боталиев.

– Жо-жок, бул башкача сулуу, башкача талант экен. Жакшынакай репетиция кылып жатышат. Жүргүлө сыртка чыгалы-деп Мукем бизди баштап эшикке кайра чыктык. Репетиция учурундагы эле көрүнүшү бизге абдан катуу таасир калтырды. Бул актриса сахнада далай мыкты образдарды жаратып, биздин театрдын деңгээлин көтөрөөрү шексиз экендиги тууралуу пикирлерди айттык да, тарап кеттик.

Эки-үч күн өтпөй эле «Кар ханышасы» сахнага коюлуп калды. Ошондо Таттыбүбү Кар ханышасынын кийими менен бир ойноду дейсиң, суктанбаган көрүүчү калбады. «Ой, бул окууну бүтүрүп келбей эле Ташкентте иштеп келген, машыккан артист го! Минтип отурса баарын талкалайт» – деп калдык ич ара. Ошондо Кар ханышасын чегине жеткире абдан жакшы ойноду. Ошондо Имашты деле, башкасын деле караганыбыз жок. Айтор, баарыбыз Таттыбүбүнү карап жатабыз. Бул спектакль сахнада 14 жылдай жүрүп калды. Кышкы каникул учурунда балдар бул спектаклди көргөнү көп келишчү. Спектакль

бүткөн соң балдар фоеде илинип турган сүрөттөрдүн ичинен эки гана кишинин сүрөтүн тигилип карашчу. Кар ханышасын ойногон Таттыбүбү Турсунбаеваны жана королду ойногон Бийназаровду. «Кар ханышасынан» соң «Ромео менен Жульеттада» Жульеттаны, «Азоого чалмада» Бьянканы, андан соң «Ак боз атта» Лайлумду, «Ай тутулган түндө» Шафакты ойноду. Таттыбүбүнүн ойногон ролдору такыр бири-бирине окшошкон жок. Таттыбүбү Турсунбаева өтө жөнөкөй, карапайым, бир мүнөздүү адам суктанарлык кыялжоругу, жүрүш-турушу, балалык баёо мүнөзү менен башкалардан айырмаланып турган таңкы чолпон жылдыз эле. Анын сахнага чыгып ойногондогу келбети, көз карашы, ар бир образды жаратуудагы чеберчилиги, дикциясы жагынан үнүнүн кооздугу да башкалардан айырмаланып, өтө бийик турган лирикалык актриса болучу. Искусство адамды таң калтырып, барган сайын толкундатып отура турган касиетке ээ болсо, бул касиет ушул гана актрисага таандык болгондой сезилээр эле. Анткени актриса өз өмүрүндө чыгармачылыгын улам жаңы табылгалар менен байытып, адамдын аң-сезимине, жүрөгүнө таасир калтыра турган касиетке ээ болучу.

Мен анын сахналык турмушундагы бир эпизодго кайрылып өтөйүн. Бир күнү мен Таттыбүбүнүн Уильям Шекспирдин «Отелло» спектаклиндеги Дездемонанын образын түзүүгө жасалып жаткан репетициясын көргөнү залга кирип калдым. Ошондогу бир эле кичинекей эпизод ушул күнгө чейин кулагыма угулуп тургансыйт. Таттыбүбү ары жактан келе жаткан Отеллону көрө коюп: «Жаным, Отелло!» деген укмуштуудай илбериңки, назик үнү ошондо менин бүт тула боюмду эритип жиберген эле. Көрсө, бул актрисанын тубаса жаралган талантындагы баа жеткис назиктиги турбайбы! Бул аткарып жаткан ролуна болгон мамилеси ролдун нугуна кирип жашап жаткандыгы актердук чеберчилигин айгинелейт. Тилекке каршы Таттыбүбү Дездемонанын образын даярдап жүргөнү менен, бир да жолу эл алдында ойноп чыкпаганына али күнчө арман кылам. Себеби Дездемона Таттыбүбүгө гана ылайык роль эле.

Актриса менен мен Мустай Каримдин «Ай тутулган түндө», кыргыз элинин эпостук чыгармасынын негизинде даярдалып сахнага коюлган «Байыркы жомок» спектаклдеринде бирге ойноп калдым. Ал «Ай тутулган түндө» Шафактын, «Байыркы жомокто» хандын эрке кызы Зулайканын ролдорун ойноду. Шафак менен Зулайканын образдары бири-бирине окшобой, ар бир персонаждын өзүнө таандык болгон кулк-мүнөзү жана жүрүш-турушундагы ички спецификалык өзгөчөлүктөрү актриса тарабынан кылдаттык менен жогорку чеберчиликте ачылып берилген. Актриса каза болгондон кийин, анын чыгармачылыгына карата жакшы пикирлер айтылып, көрүүчүлөр тарабынан деле азыркы коюлуп жаткан спектаклдерди көрүшүп жатып: «Каап, аттиң арман дүйнө десе, Таттыбүбү биздин арабызда болгондо Каныкей менен Айчүрөккө куп келишип калбайт беле» деген сөздөрдү көп угуп калдым.

Биз гастролго барганда айыл арасынан: «Жанагы Таттыбүбү Турсунбаева деген актрисаңар кайсы кыз?» – деп канча жерден сурашпады дейсиздер. Бу дүйнөдөн көзү өтүп кеткендигин айталбай, кээде нессиреп туруп калчубуз.

Мен сөзүмдүн аягында мындай пикирди айткым келет. Жаш болсо да кыргыз театр, кино искусствосун өнүктүрүүгө өзүнүн зор салымын кошуп, атын түбөлүккө калтырып кете алды. Анын жараткан образдары дайыма элдин жүрөгүндө сактала бererине ишенем. Азыр театрыбызга ушундай актриса суудай керек экендигин баарыбыз айта баштадык.

«Таттыбүбү бала кыял, ичи кенен, бардык адамга жакшылык кылган, эч кимге эрегишпеген адам эле»

(Кыргыз Эл артисти Сабира Күмүшалиева менен маек)

– Сабира эже, Сиз Таттыбүбү Турсунбаева жараткан «Отко таазим» тасмасындагы Уркуянын энеси болуп, картинанын башынан аягына чейин катышып калдыңыз. Ошондуктан Сиз Уркуянын образынын күчтүү чыгышынын негизги касиети эмнеде деп ойлойсуз?

– Бул актриса сахнада болсун, турмушта болсун өтө мээримдүү, бабаларыбыз айткандай, тилинде мээр чөбү бар актриса эле. Жашым бир топ өтүп кетип, мен элдик артист болгондо бул актриса театрга келди. Ошого карабай актрисага аябай суктанчу элем. Атаңын гөрү: «Же моюн жок, же бой жок менде» – деп койчумун ичимден. Бул актрисадан, элди билбейм, мен сүрдөп кетчүмүн. Адам сүрдөй билиш керек. Адам ошондон коруна билиш керек. Адам ошол актрисаны сыйлай билиш керек. Корунуп, жүдөп калганың, ошондон үйрөнөйүн дегениң. Сахнадагы жашоо менен турмуштагы жашоо эки башка нерсе болот. Бул актрисанын сахнадагы жашоосу өтө кызыктуу, өтө мээримдүү, өтө таң калтыра турган бөлөкчө эле. Тянь-Шань Ала-Тоосуна чак келе турган эч нерсе жок эмеспи! Абасы да, суусу да таза, мөңгүлөрү апаппак. Ошонун суусун ичип ырахаттанып олтурабыз. Актриса нак ошол Ала-Тоодой залкар, суусундай таза эле. «Мен муну ойноймун» – деп бирөө менен роль талашканын, бирөө менен айтышып жатканын, бирөөгө бир ичи тарлык кылганын эч бир уккан жокмун. Анткени бул өзүнүн талантын, өзүнүн бийиктикте экенин билчү. Таттыбүбү бала кыял, ичи кенен, бардык адамга жакшылык кылган, эч кимге эрегишпеген адам эле. Мунун оозун кыйшайтып туруп эркелеп турганы адамды элжиретип жиберчү. Аткарган ролдоруна карата ачууланып сындап койгон учурларда, таарынып, тултуюп калгандын ордуна негедир эркелеп, адамды эритип сүйлөп жиберчү жагымдуу мүнөздөрү бар эле. Бул актриса кайра келбес жакка эрте кетип калды. Мына ушуга биз өкүнөбүз.

Актриса кинодо өлбөс-өчпөс образдарды жаратты. «Атадан калган туякта» менин келиним болуп ойноду. «Отко таазим», «Кызыл алма», «Ак Мөөр», «Ак куулар конгон Айдың-Көл» – баарында ролдорун укмуштуудай ойноду. Уркуя – Таттыбүбүнүн кинодо түзгөн образдарынын эң алдыңкысы. Актрисанын оргуштап төгүлүп турган таланты, көрк-келбети Уркуянын образынын тереңдеп ачылып берилишине өбөлгө түзүп, фильмдин көркөмдүк деңгээлин жогорулатты. Аз күн жашаганына карабай искусствонун даңгыраган жолунда өз изин калтырып кете алды.

Аны акыркы сапарга узатуудагы актриса менен коштошууга келген элдин көбүн айтпа. Ошол учурда ичимден: «Жаш болгону менен аз эле убакыттын ичинде ушунча элди өзүнө багынтып, тартып алган азамат экен. «Эмгеги бар элге таандык, эли бардын эмгеги бар деген ушул да» – деп койдум.

Таттыбүбү менен «Атадан калган туякта» жана «Отко таазим» картиналарында бирге түшүп калдым. Биринде келиним, биринде кызым болуп ойнойт. «Отко таазим» фильминде обкомдун секретары (Б.Бейшеналиев) менен арабада кетип бараткан жерин



Драматург Токтоболот Абдумомуновдун
«Малика» спектаклинен көрүнүш.
Малика – *Т.Турсунбаева*, Сурмакан – *С.Кумушалиева*. Фрунзе ш., 1976-ж.

тартып жатканда атайын көргөнү бардым. Ал эпизод тартылып жаткан учурда Таттыбүбүгө суктанып, тамшанбаган адам калбады. Таттыбүбүнүн ойногон ролдору өзүнчө бөлүнүп-бөлүнүп турчу. Ар бир образды ар кандай алып чыкчу. Сахнага чыгып, аны тең жарып басып өткөнүндө эле өзүнчө образ түзүлүп калчу.

Бир жолу биз Оштогу жибек комбинатына барып, жумушчулар менен пикир алмашуу иретиндеги жолугушуу уюштурдук. Ошондо элдин арасынан бир жумушчу кыз:

– Сиз «Отко таазим» фильминде Уркуянын (Т.Турсунбаеванын) энеси болуп аткардыңыз эле. Ошондуктан Сиз Таттыбүбү эже жөнүндө айтып берсеңиз? деген суроо берип калды.

Таттыбүбү жөнүндө айтып жатып ыйлап жибергенимди сезбей калыптырмын. Элдин жүзүнөн жылтырап жаш куюлуп жатканын көрүп, Таттыбүбүнү бир гана биз эмес, элдин бүт баары жакшы көрүшөрүн сездим. Мындай учур Ош шаарындагы Крупская атындагы орто мектептин окуучулары менен болгон жолугушууда да кайталанды. Менин 70 жылдык юбилейлик тоюмда фильмдерден үзүндү көрсөтүлгөн. Ошондо Таттыбүбү көрүнө калган жерлерде эл күрүлдөп ордунан туруп шартылдатып кол чаап жиберишти. Ушундан эле Таттыбүбүнү эл кандай деңгээлде жакшы көрөрүн сезсек болот.

Мындай актриса эми биздин театр үчүн көп мезгилдерден кийин жаралат. Ал биздин сахнабызга конуп калган көз тойгуз ак куу эле. Пайдалана албаганыбыздан соң көздөн кайым болуп, эч кимге карматпай учуп кете берди.

«Таттыбүбү бар кезинде кыргыз сахнасынын ажары ачылып, көркү чыгып кулпуруп турчу»

(Театр режиссеру, Кыргыз Эл артисти Абдыашым Көбөгөнов менен маек)

– Кыргыз драма театрындагы улуу муундагы артист катары Таттыбүбү Турсунбаеванын талантына кандай карайсыз?

– Калың бадалдуу токойдун арасында көк мелжип чынар терек өсүп турат дейли. Ошол бадалдардын арасында бой тиреп өзүнүн кооздугу менен адамдардын көз жоосун алып суктандырган чынар теректи мен Таттыбүбүгө салыштыргым келет. Бадалдарсыз чынар терек, чынар терексиз бадалдар көркү ачылып көрүнбөй калмак.Ушул сыңары Таттыбүбү бар кезинде кыргыз сахнасынын ажары ачылып, көркү чыгып кулпуруп турчу. Театр жылдызы жалп деп өчкөн соң, сахнанын куту уча түшкөндөй болду.

«Жаратылыш тартуулаган бул гүлдү жакшылап багып өстүрө албай калдык...»

(Кыргыз Эл артисти, киноактер Советбек Жумадылов менен маек)

– Советбек агай, Сиз Таттыбүбү эже менен бир театрда иштеп, бир нече спектаклдерде бирге иштеп калдыңыз. Кесиптешиңиз катары актрисанын чыгармачылыгына карата пикириңизди айтып өтсөңүз?

– Таттыбүбү сейрек жаралган таланттардан эле. Жаратылыш тартуулаган бул гүлдү жакшылап багып өстүрө албай калдык. Ал өтө жагымдуу жана сиңимдүү эле. Дегеле кимге болсо да жөнөкөй, кичи пейил мамиле кылчу. Анда эч качан бой көтөрүү, теңсинбөө деген жок эле. Таттыбүбүнү мен адам катары да, артист катары да жогору баалаймын.

Актриса менен «Отко таазим», «Ак Мөөр» фильмдеринде, «Омар Хаямдын махабаты», «Замандаштар» спектаклдеринде бирге иштеп калдым. Адамды такыр кыйначу эмес. Бат эле ролго кирип кетчү. Кээ бирлери образды азап-күч менен чыгарса, Таттыбүбүдө жаратылышынан ушундай жаралгандай чыкчу. Орто Азия боюнча Таттыбүбүдөй актриса жок. Эгер анын көзү тирүү болгондо бүт өлкөлөрдүн киностудиялары киного тартканы чакырмак.



Чыңгыз Айтматовдун «Гүлсарат» повести боюнча даярдалган
«Танабай» спектаклинен көрүнүш. Танабай – *С.Жумадылов*
Батма – *Т. Турсунбаева,* Фрунзе ш. 1978-ж.



М. Байжиевдин «Ар бир үйдө майрам» спектаклинен көрүнүш.
Мадина – *Т.Турсунбаева*, Дайыр Мусаевич – *С.Жумадылов*,
Азат Султанович – *А. Кыдырназаров*. Фрунзе ш., 1977-ж.

«Таттыбүбү ойногон ролдордон мадонналык, бизче айтканда, бүбүлүк касиеттер даана эле төгүлүп турат»

(СССРдин Эл артисти, сүрөтчү, киноактер Сүймөнкул Чокморов менен маек)

– Сүймөнкул агай, Сиз Таттыбүбү эже менен «Отко таазим», «Кызыл алма» фильмдерине бирге тартылып калдыңыз. Улуттук киноискусствобуздун жылдызы болгон Таттыбүбү Турсунбаеванын артисттик чеберчилигине, башкалардан айырмаланган эң негизги касиеттерине, сиз менен бирге түшкөн фильмдериндеги ролдорундагы артыкчылыктар жөнүндө эмнелерди айтаар элеңиз?

– Таттыбүбү аялдардын эң мыкты образдарын жаратып кетти. Жалаң кыргыз киносунда эмес, советтик кинодо да аялдардын образын түзүү маселеси ушу убакка чейин чоң проблема болуп келген. Ушул кезге чейин Кыргызстандан болобу, Орто Азиядан болобу, ал турмак Советтер Союзунан чыккан актрисалардан болобу кинодо болсун, театрда болсун Таттыбүбүдөй чыныгы назик, жүзүнөн мээрими төгүлгөн, ыймандуу аялзатынын толук кандуу образын түзгөн актрисаларды такыр учурата алган жокмун. Мейли, союздагы актрисалар Гундарева, Гурченкону же болбосо Макарованы албайлы, бирөө да чыныгы, назик, жакшынакай аялдардын образын жарата алышпады. Себеби биз ойлогондой образдарды жаратуу үчүн жаратылышынан ошондой төрөлүү керек тура. Мен Рафаэлдин, Леонарда да Винчинин мадонналарындай чыныгы аялзатына таандык касиеттер төгүлүп турган аялдардын образынын галереясын түзөт деп Таттыбүбүдөн аябай күткөн элем. Үмүтүм таш каап андай галерея түзүлбөй калды. Түзүлгөн күндө да өтө аз санда. «Отко таазим», «Кызыл алма», «Сүйүү жаңырыгы», «Атадан калган туяк», «Ак куулар конгон Айдың-Көл», «Ак Мөөр» фильмдериндеги Таттыбүбү ойногон ролдордон мадонналык, бизче айтканда, бүбүлүк касиеттер даана эле төгүлүп турат. Негизинен, «Мадонна» деген сөз «Бүбү» деген түшүнүктү берет. Бүбүлүк касиеттер «Отко таазим» фильминдеги кээ бир эпизоддордон укмуштуудай адам суктанарлык даражада көрүнөт. Мисалга алсак, Уркуяны өлтүрөр алдындагы бешикке артынып, уйкусурап баласын эмизип жаткан учуру кадимки Рафаэлдин, Леонардо да Винчинин «Мадонна» бизче айтканда «Бүбү» аялдарынан элес берип турат. Андан соң жаз айынын өрүктөр гүлдөгөн маалындагы Уркуянын айлана-тегерекке суктануу менен карап, бак аралап ак боз атын жетелеп бара жаткан мезгили кайсы гана адамды болбосун суктандырбай койбойт. Мында жаратылыштын сулуулугу менен Таттыбүбүнүн сулуулугу дал келип, фильмдин көркөмдүк деңгээлин эң бийик даражага көтөрүп салган.

Таттыбүбүдөгү эң бир жакшы сапаттардын бири жаш баладай бат ишенгендиги эле. Режиссердун оозунан чыгаары менен ошого ишенип, ролго бат кирип кетчү. Актрисанын күчтүүлүгү ушунда. Менин актердук чеберчилигимде мындай тез ишенүүчүлүк касиет жок. Мен ушул жерде бир мисал келтиргим келип турат. «Карашкараш ашуусундагы ок» фильминде Бактыгулдун ролун аткарып калдым. Ал фильмдеги бир эпизодду алайын. Бактыгулдун Сүлүккарасы сууга агып кетти. Баласы болсо Феодордо. Аялынан ажыраган. Бул бапасыз дүйнөдө өзү жалгыз калып, тагдырга

нааразылыгын билдирип, мүңкүрөп кайгы-муңга батты. Учурдагы тартылып жаткан кырдаалды түзүүнүн жолдорун режиссер мага бир нече жолу көрсөтүп, түшүндүрүп берди. Чыныгы турмушта айланамда кино тартуучу топ жана аялым, балам болуп аткарган артисттер мени жардап карап турушат. Сүлүккара болсо жок. Ошол жок немени агып кетип жаткан сыяктантып, ага карата менин аябай ичим ачышып карап турган абалды түзүшүм керек. Бирок Бактыгулдун жалгызсырап калган абалын берүү, ага кирип кетип, ошондой кырдаалды түзүү мен үчүн абдан кыйын болду. Нары суук тартып турган. Мен образга көптөн кийин кирдим. Образга киргенге чейин режиссерду баш кылып, кино тартуучу топту да бир кыйла азапка салгам. Анда дагы качан гана жүрөгүм ийге келип, чын дилимден ошондой абалга келгенимде тартыла баштадым. Муну менен эмнени айтмакчымын? Менде кино тартуу учурунда ар бир эпизоддогу окуяга айкалышып бат кирип кетүү жок болсо, Таттыбүбүдө мындай сапат бар эле. Ал режиссер айтары менен бат кирип кетип, кадимки ошол абалды түзүп койчу. Мисалы, Өзбекстандын белгилүү актрисаларынын бири Диларам Камбарова менен бир фильмге тартылып калдым. Анда Таттыбүбүнүкүндөй сапаттар жок эле. Таттыбүбүдө актердук угуу күчтүү болгон. Режиссер кандай багытты көрсөтсө, ошондой ойноп кеткен. Актерлордун көбү экрандан жакшы, сулуу көрүнөйүн деп кийим тандачу. Бирок Таттыбүбү ага карачу эмес. Тытык кийим болобу, жаман, оңгон кийими болобу эч нерсеге карабай ойноп кетчү. Ал сценарийде кандай кийим жазылса, так ошондой кийинчү. Таттыбүбү менен «Кызыл алма», «Отко таазим» фильмдеринде бирге тартылып калдым. Аны менен киного түшүү абдан жеңил болчу.

Чыныгы талантка мүнөздүү сапат – кенендик. Ал абдан кенен болуп, анда ич күйдүлүк, ичи тардык жок эле. Бүт адамдарга жакшылык гана каалап турчу. Таттыбүбү чыныгы талант эле. «Талантты сакташ керек» – деп В.И. Ленин айткан. Тилекке каршы, жетекчилик да, коомчулук да Таттыбүбүнү сактай албай калды.

– Сиз көп эл аралык кинофестивалдарга катышып жүрөсүз. Ошол салтанаттуу киножыйындарда Таттыбүбү эже түшкөн фильмдер көрсөтүлүп болгон соң, ал тууралуу Сизден кызыгып сураштырган чет өлкөлүк киноишмерлер, көрүүчүлөр болду беле?

– Мен кино жаатында иштеп жүрүп, киноактер катары Азия, Африка, Латын Америкада өткөн эл аралык кинофестивалдарга көп катыштым. Ар кайсы өлкөнүн киноишмерлери менен таанышттым. Чыгармачылык жактан бир нече жолу ой бөлүштүм. Ошондой учурларда Таттыбүбүнүн кинодо жараткан образдары жөнүндө да сөз боло калчу. Айрыкча Туркиянын, Египеттин, Франциянын, ГДРдин киноишмерлеринин Таттыбүбүнүн ойногон ролдоруна карата эң жылуу пикирлерди айтып, анын кинодогу баскан-турганына, жарк этип күлгөнүнө суктанышып кеп кылышканына көп эле жолу күбө болдум. Туркиялык актрисалар Таттыбүбүнүн сулуулугуна тамшануу менен бирге актердук чеберчилигине кызыгышып көп сурашчу. Аларга кыргыз киносунун жылдызы болуп жанып турган сүйүктүү актрисабыз жөнүндө маек куруп, аны менен сыймыктанган учурларым көп болду. Ал өзүнүн таланты, кудай берген сулуулугу менен дүйнөлүк образдарды жаратууга күчү жетмек. Аны эл аралык кинофестивалга катышкан режиссерлор, актерлор да дүйнөлүк деңгээлге чыга турган актриса экендигине баа беришкен. Таттыбүбүнү жазып гана тим болбой, анын театрдагы, кинодогу эмгегин баалоо менен бирге ал жөнүндө эскерүү кечесин дайыма өткөрүп туруу биздин эң ыйык парзыбыз.

«Театрда да, кинодо да бир нече жаркын образдарды жаратып, кыргыздын улуттук маданиятын бир топ деңгээлге көтөрүп кетти...»

(Кинорежиссер, СССРдин Эл артисти Төлөмүш Океев менен маек)

– Төлөмүш агай, Таттыбүбү Турсунбаева Сиз жараткан «Отко таазим», «Кызыл алма» тасмаларыңызда башкы ролдорду, ал эми «Коңур күз» тасмаңызда эпизоддук ролду аткарган эле. Актриса жөнүндө сиздин ойлоруңуз окурманга таасир калтыраар?

– Дегеле адамзат жашоосунда, адамдар бир кесипке багытталып төрөлгөндөй жаралат. Кээ адамдар ошол жаратылышынан жадына бүткөн кесипке багытталбай Ошко баратып, Нарынга адашып кетип калган сыяктуу түбөлүктүү кесип тандоодо жаңылышып, бу дүйнөдө өзүн өзү ачалбай өтүп кетиши мүмкүн. А кээ бирлери болсо ошол төрөлгөндө кошо пайда болгон жөндөмдүүлүгүн эрте сезип, аны өнүктүрүп, жашоо-турмушундагы түбөлүктүү кесибин туура тандап, эл керегине жарап, өзүн өзү ачып бергенге жетише алат. Адамзат жашоосундагы дагы бир кызык нерсе жаратылышынан бир кесипке бардык жагынан төп келишип төрөлүп калган адамдар бар. Андай адамдардын катарына Таттыбүбүнү мисал келтирсе болот. Ал артисттик кесипке ылайыкташып төрөлүп калган. Ага жаратылыш өндү да, үндү да, бой-келбетти да келиштирип берип салган.



Т.Турсунбаева. Төлөмүш Океев тарткан «Кызыл алма» көркөм тасмасында «Бейтааныш кыздын» ролунда, 1975-ж.

Таттыбүбү өмүрүнүн кыскалыгына карабай, ал өзүн өзү ача билди. Театрда да, кинодо да бир нече жаркын образдарды жаратып, кыргыздын улуттук маданиятын бир топ деңгээлге көтөрүп кетти. Минтип айтканыбызга кээ бир адамдар кош көңүлдүүлүк менен карап, ишенгилери келбей, бул айтылган пикирге шек келтириши мүмкүн. Мен союзда жана чет өлкөлөрдө өткөн бир нече кинофестивалдарда Таттыбүбү тартылып калган «Отко таазим», «Кызыл алма», «Коңур күз» көркөм тасмалары менен дагы катышканмын. Ошондой фестивалдарда түрдүү улуттагы чет элдик кино ишмерлеринин анын аткарган ролдоруна суктануу менен карашып, жогору баа беришип, Таттыбүбү жөнүндө абдан кызыгып сурашкандыгын баса белгилеп айтып кетемин.

Мисалдарга токтолсок, 1973-жылы Алжирге барып калдым. 8-Марттын алдында Алжир телесинде сүйлөдүм. Анан «Отко таазим» кинофильмин көрсөттүк. Алжирдин басма сөз беттерине фильм жөнүндө пикирлер биринин артынан экинчиси басылып чыгып жатты. Арабдын мыкты, белдүү журналисттеринин бири Ахмед Бейжау «Отко таазим» фильминдеги Уркуя менен Ажынын ролун аткарышкан кыргыз киносунун сыймыгы болгон Таттыбүбү Турсунбаева менен Муратбек Рыскуловдун артисттик чеберчилигине, жараткан образдарынын тереңдиктерине карата эң жогорку бааны берип, өзүнүн жакшы пикирлерин айтып, кеңири пландагы макаласын басма сөзгө жарыялаган. Ушул эле жылы Сан Ремодо «Отко таазим» фильмин Италия көрүүчүлөрүнө тартуулады. Жалпы фильмге, анын ичинде Таттыбүбү жараткан Уркуяга Италия Коммунисттик партиясынын органы болгон «Унита» газетасы эң бийик даражадагы баа берди. 1973-жылы Тбилиси шаарында Бүткүлсоюздук конкурс жүрүп, ага да «Отко таазим» фильми менен катыштык. Анда бул фильмге «Советский экран» журналынын «Советтик граждандын эрдиги» деген диплом берилди. Албетте, мында башкы каармандын образын жараткан Таттыбүбүнүн эмгеги зор.

Азыркы кезде «Кызыл алма», «Көк серек» фильмдери кассета болуп чыгып, Францияда жана башка бир топ өлкөлөрдө сатылып жатат. Мына ушул келтирилген мисалдар эле Таттыбүбүнү көптөгөн чет өлкөлөргө таанылып, кыргыз киносунун сыймыгына айланып калгандыгын далилдеп турат. Муратбек Рыскулов, Сүймөнкул Чокморов, Алиман Жангорозова, Таттыбүбү Турсунбаева кинодогу түзгөн образдары аркылуу кыргыз адамдарынын психологиясын, мүнөзүн таасын чагылдырып көрсөтүү менен бирге кыргыз киносун дүйнөлүк аренага көтөрүп чыга алышты. Муратбек Рыскулов кыргыздын акылман, салабаттуу карыялары катары көрүнсө, Алиман Жангорозова кыргыз элинин карапайым, мээрман, акылдуу, сабырдуу энеси катары көрүнө алды. Сүймөнкул Чокморов болсо өз каармандары аркылуу кыргыздын жигиттеринин кандай экендигин экран аркылуу көрсөтүп жар салса, ал эми Таттыбүбү болсо кыргыздын кыз-келиндеринин сулуулугун, назиктигин, биздин элдин аялзатына байыртадан бери таандык болгон ыймандуулук касиетин көрсөтүп даңазалады.

– «Отко таазим» фильминде башкы ролду Таттыбүбү Турсунбаева ойногонуна карабай Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын ыйгарылбай калганына эмне себеп болду?

– Көпчүлүк элден да, Таттыбүбүнүн кесиптештеринен да «Отко таазим» фильминин ажарын ачып, көркөмдүк деңгээлин жогору көтөргөн Таттыбүбү болсо, анан ага Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын берилбей калганы эмнеси? деген нааразы болгон пикирлерди көп угуп жүрөм. Ошол учурда республикадан сырткары жакта кино тартууда болуп калып, кийлигише албай, Таттыбүбүнүн алдында өзүбүздү ыңгайсыз абалда сезип калдык. Чындыгында, бул күнөөнүн баары ошол кездеги сыйлык берүү комиссиясынын мүчөлөрүнөн деп ойлойм.



Кыргыз Эл жазуучусу Насирдин Байтемировдун «Тарых эстелиги» романынын негизинде тартылган «Отко таазим» тасмасын тартууга даярдык көрүү учурунан бир көрүнүш. Баткен чөлкөмү, 1971-ж.

«Таттыбүбүдөй сахнада өзүн эркин сезген актрисаны жолуктура элекмин»

(Драматург Бакы Өмүралиев менен маек)

– Бакы агай, Сиз драматург катары Таттыбүбү эженин артисттик чеберчилигине кандай баа бере аласыз?

– Таттыбүбү Турсунбаеваны тагдыр сахна үчүн жараткандай. Ал ажарлуу, нары акылдуу актриса эле. Мен өзүмдүн турмушумда көп театрларда болуп, көптөгөн актерлордун чыгармалары менен таанышмын. Бирок биздин Таттыбүбүдөй сахнада өзүн эркин сезген актрисаны жолуктура элекмин. Таттыбүбү сахнанын көркү болучу. Ал сахнага чыкканда сахна көркүнө чыгып толо түшчү. Мейли комедиялык, мейли драмалык, трагедиялык пландагы роль болсун, Таттыбүбү бардыгын бирдей деңгээлде аткарчу. Ал биринчи пьесаны бөлүштүрүп роль алгандан баштап эле, образга кыйналбай ошол замат кирип кетчү.Адатта көпчүлүк актерлорго мүнөздүү болгон, кыйналып-кысталып изденүү ага мүнөздүү эмес болчу. Мен муну анын өтө ишенчээктигинен го деп ойлойм. Ал режиссерго, бирге ойногон өнөктөштөрүнүн сөздөрүнө жаш баладай ишенчү. Учурунда мен дагы «Бали, бали кыздар ай» спектаклине Таттыбүбү менен өнөктөш катары ойногом. Анын сахнага чыгышы актер үчүн да, көрүүчүлөр үчүн да керемет көрүнчү. Анын ажары, муңайым мүнөзү, тунук көздөрү, даана, так, логикалуу сүйлөгөн сөздөрү баарыбызды кубантчу. Таттыбүбү жөнүндө өзүнчө монография жазса да болот.

Ал өзүнүн кыска өмүрүнүн ичинде элге аябай алынып, кинодо, театрларда нечен сонун унутулгус образдарды жаратты. Анын театрга болгон мамилесин үлгү катары эскерүү керек. Менин оюмча, эки жылда бир жолу Таттыбүбү Турсунбаева атындагы сыйлык ыйгарылса анын талантын барктаган болор элек. Анткени ал түбөлүктүү өчпөс образдарды жараткан демилгечи, изденгич, эч кимге окшобогон өзүнчө бир сахна жылдызы эле. Таттыбүбү табылгыс талант.

«Бүбүсара Бейшеналиева, Таттыбүбү Турсунбаева – бул кыргыз искусствосуна келген эки пери болчу»

(Белгилүү театр режиссеру Бообек Ибраев менен маек)

– Сиз режиссер катары Таттыбүбү Турсунбаева менен иштеп калдыңыз. Ошондуктан анын театрдагы ролдоруна театралдык режиссер катары кеңири токтолуп өтсөңүз?

– Дегеле биздин кыргыз искусствосунда, өзгөчө театралдык искусстводо мени аябай суктанткан, таң калтырган эки чоң актриса бар. Бири – биздин сүйүктүү Бүбүсара Бейшеналиева, экинчиси – Таттыбүбү Турсунбаева. Бул биздин кыргыз искусствосуна келген эки пери болчу. Чындыгында, бул эки перинин сулуулугу, таланты, кайсы жагынан алсак дагы жаратылыштын биздин искусствого берген белеги. Анткени мындай актрисалар чанда жаралат. Мындай таланттар жүз жылда бир келет. Бүбүсара Бейшеналиеваны операнын сахнасында бийлеп жатканда суктануу менен карап, нечен жолу тамшандык. Айдайды бийлеп жатканда анын кыймыл-аракетине, сулуу келбетине, чеберчилигине суктанып, тамшанбаган адам жок эле. Кийин мына биздин драма театрга Таттыбүбү Турсунбаеванын келиши, театрга гана эмес, жалпы кыргыз көркөм өнөрүнө болуп көрбөгөндөй жаңылыктарды, ооматтарды тартуулады. Таттыбүбү учурунда кыргыз театрында чолпон жылдыздай жанып турду.

1972-жылы У.Шекспирдин «Ромео менен Жульеттасын» коюп калдым. Эң негизгиси бул спектаклде Ромеону ойной турган актер же Жульеттаны ойной турган актриса болбосо коюп деле кереги жок болчу. Мен театрда Имаш жана Таттыбүбү бар үчүн У.Шекспирдин «Ромео менен Жульеттасын» коюу оюма келди да, Ташкенттеги өзүмдүн чоң режиссер, мугалимиме чалдым. Ал туура көрдү. Ал да Таттыбүбүнү билчү. Ошентип мен «Ромео менен Жульеттаны» койдум. Көп жылга чейин театрда бул спектакль аншлаг менен коюлду. Эл абдан кызыгып көрүшчү. Экөөнү, айрыкча Таттыбүбүнү көрүүгө келишчү. Ал турмак театрдагы кийим илгичте иштеген аялдар, кийим илгичтин эшигин жаап коюшуп Таттыбүбүнүн ойногон ролун көрүүгө киришчү.

1974-жылы драматург Мар Байжиевдин «Байыркы жомогун» («Кожожаш» эпосунун негизинде жазылган) коюп калдым. Мында Таттыбүбү Зулайканын, С. Жаманов Каракожо хандын ролун ойногон. Зулайка эпос боюнча келбети жагынан сулуу, акылдуу, эркелиги, назиктиги бар аял катары сүрөттөлөт. Таттыбүбүдө ушул сапаттардын баары бар эле да.

Бир кызыктуу нерсе айтып берейин. Таттыбүбү турмушунда абдан жөнөкөй, жупуну жүрчү. Сахнага чыкканда дароо өзгөрүлчү. Ал сахнага чыкканда сахна толуп турчу.

Актрисанын дарамети, табигый таланты, жылдызы чоң роль ойнойт экен. Таттыбүбү чыга калганда сахна жарк дей түшчү. Мар Байжиевдин «Ар бир үйдө майрам» спектаклинде профессордун кызы Мадинаны ойногондо, бир бий бар болчу, ошону бийлегенин Мар экөөбүз залдан көрүп олтуруп, Бүбүсара Бейшеналиеванын Айдайды бийлеп жаткандагы абалы көз алыдыбызга тартыла түшкөн учурга кабылганбыз. Драмалык актриса болгонуна карабай бийлегенде балерина Бүбүсара Бейшеналиевадан элес берип кетчү. Экөөнүн мүнөзүндө дагы, турпатында дагы окшоштуктар бар эле.

Мен режиссер катары Таттыбүбү менен бир топ жыл бирге иштешип калдым. Мен койгон спектаклдердин көбүндө ойноду. Таттыбүбү менен иштөө өтө жеңил эле. Кайсы ролду бербейин бат ийге келип, өздөштүрүп кетчү. Ал биздин театрдын башкы каарманы боюнча калды. Азыркы учурда мындай башкы каарманды учурата албайсың. Айрыкча биз эпостук чыгармаларды коюу учурларында төп келишкен Айчүрөк, Каныкейлерди таба албай кыйналдык.

«Таттыбүбү кайталангыс, эч кимге окшобогон өз алдынча чыккан талант эле...»

(СССРдин Эл артисти, кинорежиссер Болот Шамшиев менен маек)

– Болот агай, Таттыбүбү эже сиздин да фильмдериңизге тартылып калган эле. Мисалга алсак «Сүйүү жаңырыгы» картинасында Асиянын ролу. Мындан сырткары актрисанын театр жана киноискусстводогу ээлеген орду боюнча кандай пикирдесиз?

– Таттыбүбү кайталангыс, эч кимге окшобогон өз алдынча чыккан талант эле. Ал менин «Сүйүү жаңырыгы» фильмимде Асиянын ролун абдан жакшы ойногон. Фильмдеги ырды Таттыбүбү өзү аткарган. Аны эч ким деле билбейт. Асиянын образын жакшы жараткан. Мага анын жараткан образы жагат. Бир гана менин фильмимде эмес, башка фильмдердеги аткарган ролдору да жогорку деңгээлде чыккан десем жаңылышпайм. Ушул учурдан пайдаланып айтып калайын. Негедир «Сүйүү жаңырыгы» фильми телевидениеден көп көрсөтүлбөйт. Азыркы кезде Таттыбүбүдөй актриса жок. Андай актриса жаралыш үчүн убакыт керек. Таттыбүбү тартылган фильмдерди тез-тез экрандан көрсөтүп туруунун өзү деле канчалык даражада актрисанын чыгармачылык ишин сыйлап көтөргөндүк жана өтүп кеткен өмүрдүн алдында адамдык вазыйпаны аткаргандык болуп эсептелет. Ушул жерден дагы бир нерсени камтып өткүм келет. Эгер «Отко таазим» фильминде Уркуянын ролун Таттыбүбү ойнобой башка бирөө ойногондо фильм такыр башкача болуп калмак эле. Турсунбаева фильмдин жүзүн ачкан менен өз баасын ала албай калган. Актриса четте калып, тарткан режиссер менен оператор гана Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болуп калышкан. Ошондуктан кеч болсо да Таттыбүбү өз баасын алса экен деген ойду айткым келет.



Кинорежиссер *Болот Шамшиев* менен актриса *Таттыбубу Турсунбаева*
«Сүйүү жаңырыгы» тасмасынын тартылышына даярдык көрүүдө, 1974-ж.

«Таттыбүбү менен сахнада ойноо өтө жеңил жана жагымдуу болчу...»

(Кыргыз ССРинин Эл артисти, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Сатыбалды Далбаев менен маек)

– Сиз Таттыбүбү эже менен бир топ жыл театрда бирге иштеп, көпчүлүк спектаклдерде бирге ойноп калдыңыз. Актрисанын адамдык сапатына, чыгармачылык ишмердүүлүгүнө көз карашыңыз кандай?

– Таттыбүбү менен бир топ жыл иштештим. Кишилерге кара санабаган, көңүлүндө бир да кири жок, өтө жумшак, мүнөзү жибектей созулган,жароокер адам эле. Ал биздин театрыбыздын көркү болчу. Бүбүсара Бейшеналиева кыргыз операсынын жылдызы болсо, Таттыбүбү кыргыз театрынын жылдызы эле. Таттыбүбү менен сахнада ойноо өтө жеңил жана жагымдуу болчу. «Омар Хаямдын махабаты» спектаклинде мен Омардын ролун, ал болсо Элпини ойноп калды. Аны менен сахнада ойногондо мен өзүмдү кадимки турмушта жашап жаткандай сезчүмүн. Таттыбүбүнүн түзгөн Элписинен кадимкидей ырахат алып балкып, жүрөгүм күйүп-жанып абдан толкунданчумун. Элпинин образын толук кандуу ачып, чегине жеткирип ойноду. Ал «Отелло» спектаклиндеги Дездемонанын ролун даярдап жүргөн чакта жогоруда Сыдыкбек агай айткандай, атайы барып көрчүбүз. Репетиция учурундагы эле Таттыбүбү жаратып жаткан Дездемона укмуштуудай таасир калтырып, биз суктанып ага аябай тамшанган элек. Актрисанын Дездемонаны сахнага, эл алдында ойноп чыгуусун абдан күттүк. Тилекке каршы, саргайып күткөн тилегибиз орундалбай калды. Таттыбүбүнүн аткаруусундагы Дездемонанын ролун сахнадан көрбөй калганыбызга биз гана эмес көпчүлүк көрүүчү калкы да арман кылат экен.



Драматург А.Макаенокдун «Трибунал» спектаклинде
немец офицери – *С.Далбаев*, Надя – *Т.Турсунбаева*, Фрунзе ш., 1971-ж.

ЭСКЕРҮҮЛӨР

«Таттыбүбү эркек мүнөз болчу»

– Шар кетчү. Адамдын көңүлүн калтырып «жок» деш такыр болчу эмес. Үнүнүн диапазону опералык эле. Укмуштуудай бийлөөчү. Ташкентте окуп жүргөн учурубузда өзбекче бийлегенде, өзбектер өздөрү таң калчу. Бийчи болсо да, опералык ырчы болсо да эң мыкты, таланттуу, адамды тамшандырып, эстетикалык ырахат тартуулаган артистка боло алмак. Бирок биз өз учурунда мунун талантын пайдалана албай калдык.

Абдрасул ЖУНУШОВ,
учурунда Токтогул Сатылганов атындагы кыргыз филармониясынын директору болуп иштеген, курсташы

«Шаңк этип күлгөндө эле ырахат алчусуң»

– «Омар Хаямдын махабатында» Таттыбүбү менен бирге ойнодум: Таттыбүбү Элпини, мен Ахмедди ойногом. Аны менен спектаклде бирге ойноо абдан жеңил эле. Таттыбүбүнү баарыбыз жакшы көрчүбүз. Улууга да, кичүүгө да бирдей мамиле жасап, жаркылдап күлүп турчу. Шаңк этип күлгөндө, ырахат алчусуң. Анын сахнада ак маралдай керилип басканы, адамды караганы укмуш эле. Бул спектаклде бийлегенде, анын ар бир кыймыл-аракетине көрүүчү куштарланбай койчу эмес.

Касымбай ТАБАЛДИЕВ,
Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти, кесиптеши

«Кинодо болсун, театрда болсун нака турмушту ойночу»

– Адам катары чыныгы асыл жан болчу. Кайсы ролду аткарбасын, дал өзү болуп калчу. Көбүнчө гримсиз чыкчу. Жасалмалуулук жок эле. Кинодо болсун, театрда болсун нака турмушту ойночу. Ал өзүнчө жашынып, эч кимге көрүнбөй көп иштечү. Кылдаттык менен ролунун ар бир деталын иштеп чыкчу. Баарынан да анын адамгерчилиги күч болгон. Адамдарды бөлүп жарбай, баарына бирдей мамиле жасачу. Өтө боорукер, жардамга суусаган адамга чын жүрөгү менен жардам берчү.

Мелис ИСХАКОВ,
Кыргыз драма театрында сүрөтчү болуп иштеген

«Таттыбүбү барды бардай,жокту жоктой кабыл алчу»

– Таттыбүбү баладай таза, көрө албастык, ушакчылык мүнөздөрү жок эле. Үйбүлөдө да ушундай болчу. Таттыбүбү барды бардай, жокту жоктой кабыл алчу. Бирөөнүн үйүндө: «Тигиндей эмерек бар экен, мындай килем, идиш-аяк бар экен» – деп такыр атаандашпаган. Байлыкты эмес, биринчи орунга адамгерчиликти, жөнөкөйлүктү койчу. Дүнүйөнү ээрчибеди. Убакыт, мезгил, өзү сындап коёт дечи. Кээ бир адамдар эсептешип жашайт эмеспи. Таттыбүбүдө андай мүнөз болбоду. Бирөөгө кара санабай, колунан келген жакшылыгын аябай жардам берчү. Мактанганды да такыр жактырбачу. Жан дүйнөсүнүн тереңинде элдик адам экендигин сезчү. Ошондуктан өзүнүн ишине жан дүйнөсү менен берилип кыргыз театр жана киноискусствосунун өнүгүшүнө өз салымын кошууга дилгирленип турчу. Кызым Аселя жөнүндө да жакшы сөз айтылып жатат. Ал апасына жетпесе да, анын жарымына жетсин. Аселя өзүн өзү кармап, өзүн коргой билип, намыскөй, өзүн бирөөгө жедирбеш керек. Таттыбүбү такыр өзүн ойлочу эмес.

Имаш ЭШИМБЕКОВ,
Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти, Таттыбүбүнүн күйөөсү



Таттыбүбү Турсунбаева күйөөсү *Имаш Эшимбеков*
менен майрамдык жыйында.

Таттыбүбүнү институттагы окутуучулар курамы: «Кыргыздын тубаса Дездемонасы» – деп атап коюшчу»

– Таттыбүбүнү институттагы окутуучулар курамы: «Кыргыздын тубаса Дездемонасы» – деп атап коюшчу. Баарыбыз аны жакшы көрчүбүз. Сабактарынан жакшы окучу. Театрда, институтта да өзгөчөлөнүп турчу. Биз абдан жакын курбулардан элек. Студент кезде бирге тамактанып, кезектешип тамак жасачубуз. Таттыбүбү картошканы абдан таттуу кууручу.

Анын үнү аябай кооз эле. Ырдаганда булбулдай кубулжуп адамды өзүнө тартып алчу. Биз 5-курска көчкөн чакта, күз айларында кыргыз, өзбек, кара калпак группасы Москвага практикага барып, театрларды кыдырып, иштөө ыкмалары менен таанышканбыз.

Окуп жүргөндө Козукеев Жумабекке турмушка чыккан элем. Кайнагам Жалгасынов Жайлообек менен жеңем Жалгасынова Дарика Чайковский атындагы консерваторияда окушчу. Таттыбүбү экөөбүз аларга жолуктук. Эт салып, сыйлашкан соң, Таттыбүбүнү ырдатышып: «Үнүң сонун, сопрана экен» – деп немкага окшош, чап жаак аялга ээрчитип барышканда, ага да үнү жагып, эркек окутуучуга алып барып ырдатып көрдү эле, ал агай дароо эле: «Консерваторияга кал» – деди. Бирок Таттыбүбү агасы менен кеңешип көрөрүн айтты. Таттыбүбү ошондо абдан консерваторияга окугусу келээрин мага айткан эле, эмнеге калбаганын билбеймин. Кайнагам менен жеңем да Таттыбүбүнүн калышын каалап: «Көнгөнүңчө жардам беребиз» – дешип, ушундай үн менен чоң-чоң ийгиликтерге жетээрин да айтышты. Тилекке каршы, биз менен келе берди.

Таттыбүбү менен жүргөн кездеги дагы бир окуя эсиме түшөт. Биз Таласка «Бали, бали кыздар ай» деген спектаклди коюп бардык. Колунда уулу Канат бар болчу. Биз бир күнү эс алганы Талас суусуна бардык. Суу үстүндө жыгылган теректерден сууга секирип ойноп жатып, агып кеттим. Жээкте Таттыбүбү баласын ойнотуп олтурган. Имаш менен Жумабек суудан алып чыгышты, Таттыбүбү: «Сүйүнчү» – деп кыйкырганда, анын жанына келдик. Көрсө, баласы Канат там-туң басып, жетине албай сүйүнүп алыптыр. Таттыбүбү абдан баласаак эле.

Таттыбүбү менен бирге «Кар ханышасы» спектаклинде Герданын ролун аткарчумун. Таттыбүбү «Кар ханышаны» ойноп жатканда кадимки «Кар ханышадай» сүр берип, ролдо болгондугума карабай Таттыбүбүнүн «Кар ханышасынын» айбатынан сүрдөп, апкаарый түшчүмүн. Себеби Таттыбүбү жомоктогу «Кар ханышанын» өзү болуп калчу. «Кар ханышанын» образын Таттыбүбү терең ачып бере алган. Таттыбүбү ченде жок адам эле. Бирөө менен урушканын, же кыйынсынган мүнөзүн көрө албадым. Ушакты абдан жек көрчү. Жардамга муктаж адамга тыйыны болбосо, жылуу сөзү менен жардам берчү. Ал дайыма жаркылдап күлүп турчу, күлкүсүнөн да ырахат алчусуң.

Кандалат МУРАТОВА,
курсташы, ынак курбусу

«Таттыбүбүнү институттагы бардык улуттун студенттери жакшы көрчү»

– Таттыбүбү менен кантип таанышып калганымдан баштайын. Мен Токмоктогу маданий агартуу окуу жайында окучумун. Студенттик кезимде «Салиманын ыры» фильмине тандоо жүрүп, Салиманын ролуна мени тандашып, тасманы кийинчерээк тартабыз дегенинен практикам башталып, Кочкорго кетип калдым. Практикадан келип кино тартуучу топко бардым. Алар: «Сен кечигип калдың. Сенин ордуңа башканы алдык. Бирок сен анын курбусу болуп ойнойсуң» – дешти. Мен ага деле макул болдум. «Салиманын ырын» Соң-Көлдө бир ай тартышты. Ошондо Таттыбүбү экөөбүз ынак курбулардан болуп калдык. Картина тартылып бүткөн соң, Таттыбүбү экөөбүз эки тарапка кеттик.

Кыргызстандык таланттуу жаштарды Ташкенттеги Островский атындагы театралдык институтка тандап жатканда Таттыбүбү мени аябай издеп, таппаптыр. Менин да тагдырыма бул окуу буйруп, Таттыбүбүнү ошол жактан көрдүм. Ошентип экөөбүз кайра биригип, Яков Матвеевич Лобачтын группасында окуп, бирге жашап калдык.

Ташкентте окуп жүргөндө Мухими музыкалык драма театрына, Хамза драма театрына, Навои опера-балет театрына көп барчубуз. Театрларга бара жатканбызда: «Мен силерге жентельмен болоюн» – деп трамвайларга чыгарып, андан түшүп кетип жатканыбызда ар бирибизге колун сунуп түшүрүп, театрдын кийим илгичине кийимдерибизди илип, театрдан чыкканыбызда кийим илгичке чуркап барып кийимдерибизди алып кийгизип, жигиттердин ролун аткарып койчу. Таттыбүбүнүн мындай мамилесине группалаш кыздар төбөбүз көккө жетип, сүйүнүп калчубуз.

Жатаканада биз электр чайнегин колдончубуз. Аныбыз бузулуп калган учурларда Таттыбүбү заматта оңдоп койчу. «Эми этиет кылып колдонгула, антпесек оңдогон мени деле ток тартып кетет» – деп тамаша аралаштыра сүйлөп, бизге камкордук көрүп эскертип айтып калчу. Эркектердей болуп аны-муну оңдогонго абдан эптүү эле.

Таттыбүбүнүн сулуулугун табигат тартуулаган. Мырзалар турмак айымдардын баары суктанчу анын керемет сулуулугуна. Ал турмак анын ынак курбусу болуп туруп мен да абдан суктанчумун. Чындыгында, өмүрүмдө мындай сулууну көргөн эмесмин. Боёнуп, такыр сулууланчу эмес. Бетине бет май эле сүйкөп койчу. Кандай кийим кийсе өзүнө кыт куйгандай жарашып калчу. Биз канчалык жасанып-кийинбейли ага жетчү эмеспиз. Кийимдердин бири жарашса, бири жарашпай калчу.

Бир күнү Таттыбүбү сонун кара пальто тиктирип кийди. Тим эле укмуш жарашыптыр. Мен да ушундай пальто тиктирип кийгим келди. «Таттыбүбүнүкүндөй мага жарашпай калса кантем» деген ойго келдим да, тиктирип кийбедим. Ал учурда биз бүт кийимдерибизди тиктиртип кийчүбүз. Сатып алуу деген бизде жок эле.

Таттыбүбү сулуулугуна маани берип, «Сулуумун» деп деле чиренгенин көрбөдүк. Ошончолук сулуу болуп турса да жөнөкөй, кичи пейил, ичинде кири жок, ак көңүл, бирөөдөн жардамын аябаган, бирөө жардам сураса чуркап барган жан эле. Институтта кайсы гана улуттун жигиттери окубасын, баары Таттыбүбүгө кызыгышып, суктанышчу. Алардын арасынан канчалары сүйүү сезимдерин билдирип сөз айтышпады дейсиң... Ага ашык болгондорду айтып олтурса сөз бүтпөйт. Биз жигиттер келип чакырганда чыгып, аларга аны-муну алдыртып жеп алчубуз. Стипендия алган күнү чыкпай койчубуз. Себеби

ал күндөрү стипендиябыз менен курсагыбыз тоюп калчу. Ага койкойгон жигиттер келип, мага каяктагы быртыйган-сыртыйгандары келчү. Ошондо мен Таттыбүбүгө: «Мага каяктагы бети тырык, көзү кыйшык, бою кысканын баары келет» – десем, Таттыбүбү каткырып күлүп калчу. Бир жолу да Таттыбүбүгө бою узун, келбети келишкен жигит келди. Ал жигит жанына көзү чалыр досун ээрчите келиптир. Анан мен Таттыбүбүгө келген жигитке: «Муну мага алып келдиңби?» – десем: «Жок, бул менин дос балам» – дейт. «Эми сен Таттыбүбү менен кетсең, мен муну менен кетишим керек да» – десем: «Жок, сен муну менен сүйлөшүп тур» – десе болобу. Ошондо мен кызара түштүм.

Дагы бир кызыктуу окуяны айтып берейин. Бир күнү Жумгал районунун Чаегинен Таттыбүбүнүн агалары келип, бизди тамакка чакырышты. Жолдо бара жатсак: «Жүргүлө, бул ашканада лагман бар, ушул жакка кирели» – деп калды Таттыбүбү. Мен болсо «Лагманга кирбей эле, ресторанга баралычы» – дедим. Анда ал: «Жаныбызда бир тыйын акчабыз жок болсо, анан кантип ресторанга барабыз дейбиз, кой уят» – деди. Анда мен: «Сен айта албасаң агаларыңа мен айтайын» – дедим. Ошентип олтуруп ресторанга бардык. Таттыбүбүнүн агалары түрдүү тамактарга буйрутма берди. Официанткалар биринин артынан экинчи тамакты алып келип, столду жайнатышты. Таттыбүбү экөөбүз ресторанга барарын барып алып же вилка кармаганды билсекчи. Тамакка көңүл буруп жей баштадык. Менин көзүмө капустага окшогон жашыл чөп урунду. Аны сугунуп жей койсом оозумду куйкалап кетти. Көзүмдөн жаш агып, муунуп жута албай калдым. Көрсө, ал хрен экен. Таттыбүбүнү карасам, бетинин баары соус. Экөөбүз тең чуркап кол жууган жакка бардык. «Ай, сага эмне болду?» – деп Таттыбүбүдөн сурасам: «Маданияттуулугумду көрсөтөйүн деп этти бычак менен кесип жейин десем, соусу бетиме чачырап кетти» – деп каткырып күлүп калды. А мен болсо хренди капуста деп жеп алганымды, оозум куйкаланып күйүп жатканын айтып каткырдым. Мен оозумду чайкап, Таттыбүбү бетин жууп, күлкүбүздү араң токтотуп, кайра ордубузга бардык.

Биздин группаны тейлеген агайыбыз Яков Матвеевич Лобач жана башка мугалимдер Таттыбүбүнү абдан жакшы көрүшүп, аны колдоп турушчу. Көрсө, алар мугалимдик көз караш менен андан бир нерсе чыгаарын сезишчү тура. Биздин дипломдук ишибиз жазуучу Чыңгыз Айтматовдун «Кызыл жоолук жалжалым» чыгармасы боюнча коюлган спектакль болду. Анда Таттыбүбү Аселдин ролун аткарып, беш деген баага татыктуу болгон. Сабактардын баарынан жакшы окучу.

Анын жан дүйнөсү жаш баланыкындай таза, бир кишиге жамандыгы жок болгондуктан, Таттыбүбүнү институттагы кайсы гана улуттун студенти болбосун жакшы көрчү. Баарына бирдей мамиле жасачу. Окуп жүргөн кезибизде биз, группалаштары Таттыбүбүнүн сулуулугу, таланты, мүнөзү, жанга жагымдуу кыял-жоруктары менен абдан сыймыктанчубуз. Таттыбүбүнүн өлүмү мага каттуу тийди. Менин тоом кулагандай эле болду. Себеби экөөбүз абдан ынак, бири-бирибизден сыр жашырбаган курбулардан элек. Азыр дайыма Таттыбүбүгө багыштап куран окуп турам.

Мындан 10 жыл мурун менин түшүмө Таттыбүбү кирди. Мен бир жолдо кетип жатыптырмын. Алдымдан Таттыбүбү чыгып эле бир кара халат менен тосуп, нары жакка өткөрбөй койду. Ары жакка акырын көз жүгүртүп карасам абдан терең аң экен. Көрсө, мени Таттыбүбүнүн руху бир жамандыктан сактап калган тура. Ошол түштөн баштап чыгармачылыгымда чоң ийгиликтер жаралып, Манас университетинде, театралдык

окуу жайда сабак бере баштадым. Жашоомдогу мындай өзгөрүүлөрдөн соң курбум Таттыбүбүнүн рухунун күчтүүлүгүнө таң берип: «Рухуңан айланайын Таттыбүбү!» – деп жалынып-жалбарып да алам.

Таттыбүбү биздин арабыздан кеткен соң, театр же кино майданынан мындай артисти жолуктура элекмин. Бул жашоодо Таттыбүбү өзүнүн элге жасаган эмгеги менен өз эстелигин өзү тургузуп кетти деген пикирди айтаар элем.

Жаркын БАЛЫКБАЕВА,
курсташы, ынак курбусу


Дубликат

Ташкентск. театрально-худо жествен. ин-т им. А.Н.Островского

Студент билети
Студенческий билет № 5

Фамилиясы Турсунбаева
Фамилия
Исми Таттыбүбү
Имя
Отасининг исми
Отчество
Укишга кирган вакти
Время поступления пр. 34 от 24/VII-61
Факультети
Факультет актерский
Билет берилган вакти
Дата выдачи билета 24/XII-64 г.
Директор (ректор)

В 1964/65 уч. году является студентом IV курса
Декан ф-та

В 1965/66 уч. году является студентом V курса
Декан ф-ка

В 1966/67 уч. году является студентом курса
Декан ф-та

В 19____/____уч. году является студентом_____курса
Декан ф-та

В 19____/____уч. году является студентом_____курса
Декан ф-та

В 19____/____уч. году является студентом_____курса
Декан ф-та

Т.Турсунбаеванын «Студенттик билети».



Т.Турсунбаева курдашы *Жаркын Балыкбаева* менен.



Группалаштары – *Жаркын Балыкбаева, Аят Абдырахманова, Таттыбубү Турсунбаева, Бермет Шакенбаева.*



1-катарда солдон оңго: *Турсун Исаева, Таттыбубү Турсунбаева.*
2-катарда солдон оңго: *Жаркын Балыкбаева, Кенже Абдыгулова.*


С новым годом
Пламенем бу

« РОЛДОРДУ КӨЗ КАРАШЫ, ЖЫЛМАЮСУ МЕНЕН ГАНА ОЙНОП, ОБРАЗДЫ АЧЫП БЕРИП КОЙЧУ»

(«Кыргызфильмдин» кинорежиссеру Жали Соданбек менен маек)

– Сиздин да чыгармачылыгыңыз Таттыбүбү Турсунбаева менен байланышы бар экенин «Процесс» деген тасмаңыздан улам билебиз. Ошондуктан актрисанын талантына жана адамдык сапатына карата кандай ой-пикирдесиз?

– Москвадагы Бүткүлсоюздук Кинематографисттер институтунда окуп жүргөндө Таттыбүбү эжени фильмдеримде тартам деп кыялданчумун. Тилегим толук орундалбай калды. Менин «Процесс» деген тасмамда гана тартылып калды. Мен «Процессти» 1979-жылы баштап, 1980-жылдары аяктагам. Актрисанын акыркы тартылаган тасмасы «Процесс» болуп калды. Азыркы күндө «Процесстеги» башкы ролдогу Аскар Жаныбеков деген жаш адвокаттын ролун ойногон Аман Камчыбеков, адвокаттын жездесинин ролун аткарган белгилүү таланттуу актер Советбек Жумадылов, эжеси Зулайканын ролун ойногон Таттыбүбү эже арабызда жоктугу абдан кейиштүү. Алар тирүү болгондо канчалаган сонун образдарды жаратышып, кыргыз киносунун өнүгүшүнө дагы чоң салымдарын кошушмак.

«Процесске» Таттыбүбү эжени тандаганда, аткара турган ролдогу аялдын мүнөзүн сурады. Мен ага жаш адвокат Аскар Жаныбековдун эжеси болуп ойной тургандыгын, адвокатка эжеси абдан кам көрүш жана кечигип келсе тамагын даярдап күтүп олтуруш керектигин, мындан сырткары фильмдеги күйөөңүз, иниңиз кечигип келсе: «Күн-түн эле жүрөсүң, же тапкан акчаң жок. Андан көрө мал догдур болсоң жакшыраак жашамаксың»



Т.Турсунбаева, Ж.Соданбек жана *Мария Курманалиева* «Процесс» тасмасын тартууга даярдык көргөн учурундагы бир көз ирмем, 1979-ж.

– деп тилдей тургандыгын, ошондуктан күйөөңүзгө да, иниңизге да бирдей көңүлдөрүн таап мамиле түзүшү керек экендигин айтып бердим. Ошого жараша ролун даярдап тартыла баштады. Актриса ойногон роль абдан жакшы, ойдогудай чыкты. Фильм орус тилинде тартылды. Турсунбаева текстин жаттап жатканда: «Басымдарын туура коюп жатамбы» – деп сурап калчу. ««Мосфильмде» кайрадан үнү жазылат» дечүмүн. Ал көрүүчүгө жеткиликтүү образ жаратуу үчүн бүт жан дүйнөсү менен берилчү. Негедир бул фильмде актрисанын толуп калганын байкадык. «Таттыбүбү толуп кетиптир» – деп айтып жатышты. Ооругандан улам келбети өзгөргөнүн кийин билдик. Ал ооруганын да билдирчү эмес. Периштедей таза адам эле.

Экөөбүз тең 12-июлда туулуптурбуз. «Ай, Өкмөт кандайсың? Туулган күнүң менен!» – деп чалып куттуктап калчу. Мен да эжени куттуктап, дайым ушинтип бири-бирибизди куттуктап турчубуз. Мени ушинтип «Өкмөт» деп атап койчу.

1981-жылы Алма-Атада жазуучу Ө.Даникеевдин «Кыздын сыры» чыгармасынын негизинде, киносценарист Чимонин менен Ө.Даникеевдин сценарийинин негизинде «Түшүндүрүүнү издебе» деген фильм тартып жатканбыз. Фильмдин гримеру Котова деген аял чуркап келип: «Таня өлдү» – деп калды. Биз «Кыргызфильмдеги» гример Татьяна Адамчо деп ойлоптурбуз. «Таттыбүбү Турсунбаева» дегенде баарыбыз шалдайып туруп калдык. Чындыгында, Таттыбүбү эжени «өлөт» деп эч кимибиз ойлобоптурбуз. Себеби такыр оору адамдай көрүнчү эмес. Дайыма жайдары, маанайы көтөрүңкү жүрчү. Көрсө, ооруганын эч кимге айтчу эмес экен. Бизде казактын артисттери да тартылып жаткан эле. Алар да: «Уркуяны», «Ак Мөөрдү» ойногон актриса өлдүбү, – деп абдан кейишип, бизге көңүл айтышты. Ошол күнү кино тартууну токтоттук. Казактын Нарынбетов Сатыбалды деген кинорежиссеру бизге көңүл айтып жатып: «Тартайын деп даярданып



Кинорежиссер Жали Соданбектин «Процесс» тасмасынан бир кадр. Адвокаттын эжеси Зулайка – *Т. Турсунбаева*, адвокаттын жездеси Байбол – *С. Жумадылов*, жаш адвокат Аскар Жаныбеков – *А. Камчыбеков*, Фрунзе ш., 1979-ж.

жүргөн тасманын башкы ролун Таттыбүбү Турсунбаевага сунуштайын деп жүргөн элем. Тилегиме жетпей калбадымбы!» – деп бизге өкүнүү менен өзүнүн планын айткан.

Таттыбүбү эже кыргыз киносунун өнүгүшүнө чоң салым кошо алды. Мындай актрисаны ушу күнгө чейин жолуктура элекмин. Кыргыз эли турганда Таттыбүбү эженин элге кылган эмгеги дайыма эскерилип, муундан-муунга айтылып келе бермекчи.

«Жасаган мамилеси, чыгармачылыкта жараткан ийгиликтери аркылуу жаштарга таасир берип, үлгү болчу...»

(Кыргыз Эл артисти, шакирти Замир Сооронбаев эскерет)

– Илгертен Таттыбүбү эженин чыгармачылыгы мени абдан кызыктырчу. Эже менен 1974-жылдардан таанышып калдым. Мени бир тууганындай көрчү. Мен да бир тууган эжемдей көрчүмүн. Үйлөнгөнүмдө келинчегим экөөбүздү отко чакырган. Аябай колу ачык, боорукер, кыйналып турган адамга жанындагы болгон акчасынын бир тыйынын калтырбай берип койчу. Эженин эркектей мүнөзү бар эле. Анча-мынча жаман сөздөрдү ошондой мүнөзүнөн улам көтөрүп, көп деле көңүл бурчу эмес. Эжедеги эң жакшы сапаттардын дагы бири, аялдарга таандык ушакчылык касиети түк жок эле. Бул сапаты менен эже башкалардан айырмаланып турчу.

Таттыбүбү эже жашоо-тиричиликке чыгармачылык менен карап, турмуш менен чыгармачылыкты тыгыз айкалыштырып алып жүрчү. Жаштар менен жаштай, карылар менен карыдай сүйлөшүп, мамиле түзө билчү. Менин оюмду билүүгө көп аракеттенчү. Көрсө, жаштардан көзү жетип көрүп калган эң жакшы нерселерди таап алып, өзүнө терең сиңирип, чыгармачылыгында пайдаланууга аракеттенчү экен. Жаштарга куру акыл-насаат, кеп-кеңеш берчү эмес. Өзүнүн жасаган мамилеси, чыгармачылык иштериндеги жараткан ийгиликтери аркылуу таасир берип, үлгү болчу.

Кээ бир артисттер жашоосунда ажары жанып, сахнада жанса, кээсиники тескерисинче. Ал эми Таттыбүбү эженин ажары сахнада да, жеке жашоосунда да бирдей жанып турчу. Бирге иштешкендери деле, сырт адамдар деле эже жөнүндө ар кандай жаман сөздөрдү эл арасына агытты. Көрсө, мындай жаман сөздөрдү айттырткан эженин жаратылыш берген сулуулугу менен таланты экен. Канчалык эжени жамандашпасын, анын зоболосу көтөрүлгөндөн көтөрүлө берет. «Жаман кишиге чөп илээшет, жакшы кишиге сөз илээшет» дегендей эже табигатынан бардык жагынан төп келишкен адам, ошондуктан дайыма сөз илээшип келген.

Мен бир жолу Ш.Садыбакасовдун «Ак боз ат» спектаклин коюп, 2,5 ай эже менен Ак-Талаада чыгармачылык сапарда болдум. Эже бул спектаклде Эркайымдын образын жараткан. «Ак боз ат» спектаклинде Лайлумду да, Эркайымды да ойночу. Бул барганда Эркайымды ойногон. Көрүүчүлөрдүн баарына аткарган ролу менен жаккан. Эжени жергиликтүү жашоочулардын сыйлаганын айтпа! Сыйдын үстүнө сый болуп, эженин аткарган ролун абдан тамшануу менен айтып жатышты. Ал менен бирге жүргөн 2,5 айда актриса жөнүндөгү болбогон ушак-айыңдардын калп экендигине көзүм жетти. Эже өзүн эл арасында абдан сонун алып жүрөт экен. Баарына мээримин төгө мамиле түзүп, өзүн өтө жөнөкөй алып жүргөнүн көрүп таң калгам. Мындай жөнөкөй мүнөзгө ээ болгону анын акылдуулугу го. Карл Маркстын кызы Элеонера атасынан:

– Ата, адамдагы эң мыкты сапат кайсы? – деп сураганда, атасы: «Адамдагы эң мыкты сапат – жөнөкөйлүк. Ар бир адам жөнөкөй боло албайт. Жөнөкөй болуу абдан кыйын. Ошондуктан мен айтаар элем жөнөкөйлүк – бул улуулук» – деп жооп берген экен. Таттыбүбү эже ошондой улуу сапатка ээ эле. Таттыбүбү эжедей төгөрөгү төп келишкен, акылы жок башка бирөө болсо көөп кетмек деп ойлойм. Көп театр сынчылары, журналисттер, акындар актрисанын сахнада ойногон ролдоруна көңүл бурбай эле, анын сулуулугуна тамшанып, сулуулугун эле даңазалап жаза беришкен. Анын кинодогу образдары сакталып калды, ал эми театрдагы түзгөн образдары жөнүндө көп жазылбай калганы абдан өкүнүчтүү. Кийинчерээк бир топ пьесаларда бирге ойноп калдык. Сахнада эже менен бирге иштешүү өтө жеңил.

Эженин сахнадан басып өтүп кетиши өзүнчө керемет. «Бий мугалиминде» Фелисьянаны, «Ак боз атта» Эркайымды, Лайлумду «Ар бир үйдө майрамда» Мадинанын ролдорун эң мыкты ойногондуктан, көрүүчүлөрдү, бизди да абдан суктандырчу. «Отко таазим» фильминдеги жараткан Уркуянын образы көрүүчүлөргө катуу таасир эткен. Мында колхоздун биринчи башкармасынын, республиканын Борбордук Аткаруу Комитетинин мүчөсүнүн, тап душмандарга каршы күрөшкөн революционерканын ролун аткарып, образдын ички дүйнөсүн ачып бере алган. Актриса образды эң жогорку деңгээлде жаратканга жетишкен.

Мен Баткенде болгон кезимде атайын Таттыбүбү эженин өрүкзарды аралап, ак боз атты жетелеп кетип бараткан кадрды тарткан жерге барып көрдүм. Өрүктөр гүлдөгөн маалда абдан кооз, сулуу болуп калат экен. Жаратылыштын мындай ажайып кооздугунан көз тайгылат. Фильмди тартып жаткан режиссер Төлөмүш Океев өрүкзардын сулуулугу менен Таттыбүбү эженин сулуулугун айкалыштырып тартып калган. Бул – Океевдин гениалдуулугу. Ноокаттагы музейден Уркуя Салиеванын сүрөтүн көргөм. Бирок элдер Уркуя Салиеваны Таттыбүбү эженин өңүндөй элестетип калышкан. «Отко таазим» фильминде Уркуянын ролун Таттыбүбү эже аткарбаса мынчалык деңгээлде чыкмак эмес. Фильмдин ажарын Таттыбүбү эже ачып турат. Тилекке каршы, фильмди көркүнө чыгарган Таттыбүбү эжеге Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын ыйгарылбай калышы өкүнүчтүү иш. Турмушумда Б.Шалтаев менен Т.Турсунбаеваны өзүмдүн насаатчыларым катары эсептеп калдым.

«Орто Азия боюнча театр, киноискусствосунун күйүп турган жылдызы болмок»

(Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти, шакирти Эгемберди Бекболиев эскерет)

– Таттыбүбү эжени адам катары чоң тамгалар менен жазса болот. Ал эми артист катары чыныгы талант. Актриса менен мен испан драматургу Лопе де Веганын «Бий мугалими», кыргыз драматургу Шатман Садыбакасовдун «Ак боз ат» спектаклинде бирге роль ойноп калдым. Эже менен сахнага чыкканымда өзүмдү эркин сезип, андагы болгон артисттик чеберчилигинин не бир сонун касиеттерин өзүмө сиңирип алууга аракеттенчүмүн. Турмуштагы сапаттарынан да сахнада колдонгонун көп байкачумун. Жакшысын жакшы, жаманын жаман деп эле бетке айтып салчу. Эгер өз учурунда актрисаны барктап-бааласак, Орто Азия боюнча театр, кино искусствосунун күйүп турган жылдызы болмок.

«Тунук, таза, акактай аппак, жылдызы жанган, аурасы күчтүү эле»

(«Ак Шумкар» партиясынын лидери, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри Темир Сариев менен маек)

– Сиз 1973-жылдары кинорежиссер Элдар Уразбаев тарткан «Атадан калган туяк» тасмасында Таттыбүбү эже менен бирге тартылган экенсиз. Таттыбүбү эже Сизге актриса жана адам катары кандай таасир калтырды эле?

– Анда мен Фрунзедеги Крупская атындагы спорт мектебинде окучумун, болгону 10 жашта элем. Жайкы каникулда туулуп-өскөн айылым Төш-Булакка (мурунку Белогорка) келгем. «Киночулар келиптир, кино тартат экен» – деп эл дүрбөп сөз кылып жатты. Бир күнү кино тобу айылдагы жаш балдарды ары-бери чуркатып, кино сынагынан өткөрүп калды. Мен да балдар менен сынактан өттүм. Эртеси күнү киного түшчү кийимдерди таркатышты. Кино тартуу майдын аягында төштөгү эски сарайдан башталып, түшө баштадык. Таттыбүбү эже Шайлоонун энеси Жээнгүлдүн ролун ойноду. Мен экинчи баланын ролун ойнодум. Бизге Таттыбүбү эже сыяктуу кыргыздын белгилүү актрисалары менен киного тартылуу абдан кызыктуу болду. 2 ай Белогоркада, 20 күндөй Мерке жакка барып тартылдык.



Режиссёр Э.Уразбаевдын «Атадан калган туяк» тасмасында тартылган *Темир Сариев* ортодо пилоткачан, 1973-ж.

Таттыбүбү эженин жүзүнөн мээрими төгүлүп турчу. Жумшак мүнөз, бирөөнүн көңүлүн калтырбаган адам эле. Киного тартылган балдар эженин көйнөгүнөн, колунан кармап жанынан чыкпай жүрчүбүз. Ал шадылуу колдору менен бешенебизден сылап, энелик жылуу мээримин төкчү. Бизди фильмге кой айдатып чуркатып тарткан эпизоддору бар. Ошондо бутубузга аябай тикенектер кирчү. Эже эрикпей балдардын бутундагы тикенектерди терип берчү. Башымдан сылап, бешенемден өпкөнү ушу кезге чейин эсимден кетпейт. Колу да пахтадай жумшак эле. Анын кара чыптамасы менен жеңил жайкы көйнөгү, жарашыктуу басыгы али күнчө эстен кетпейт. Ушул кийими өзүнө абдан жарашып калчу. Классташтарым Таттыбүбү эже менен бирге киного тартылдым десем ишенишпей, «Атадан калган туяк» фильми көрсөтүлө баштаганда гана ишенишкен. Таттыбүбү эже менен бир киного түшкөнүмө абдан сыймыктанам. Досторум эженин сүрөтүн: «Бирге киного тартылгансың, илип ал» – деп алып келип беришкен. Кеңсемдин төрүнө илип койгом.

Кино тартуу учурунда эженин сулуулугуна суктанбаган адам калбады. Улуу, кичүү дебей эжени сүйүшчү. Киного тартылып жаткан жаш балдар ага тийишкен эркектердин катыгын берип, чүпүрөккө топуракты түйүп, жигиттерди көздөй билдирбей ыргытып, жигиттерди жолотпоонун аракетин кылып, эжени кадимкидей кызганып коргочубуз. Таттыбүбү эженин жанына олтуруп карапайым айылдыктар да, киного тартылгандар да сүйлөшкөндү жакшы көрүшчү. Баарлашкандардын кызыккан бүт суроосуна жооп берчү. Өзү да карапайым эл менен сүйлөшкөндү, бирге болгонду жакшы көрчү. Биз да жанына олтуруп алып, Уркуянын ролун кантип аткаргандыгы жөнүндө, айрыкча Уркуяны сойгон жерин кызыгып сурачубуз. Эмне сурасак да бүт жооп берчү. Тунук, таза, акактай аппак, жылдызы, аурасы күчтүү эле. Кандай гана адам болбосун өзүнө каратчу. Өң келбети, койкойгон мойну эч кимди кайдыгер калтырчу эмес. Анын сулуулугу көлдөгү сүзүп бара жаткан ак куунун элесин берчү. Ага жараткан сейрек кездешүүчү сулуулукту, талантты берген. Өз заманында «Ак Мөөр»телефильминде Ак Мөөр, «Отко таазим» фильминде Уркуя, «Кызыл алма» тасмасында Бейтааныш кыз, «Ак куулар конгон Айдың-Көлдө» Зейнеп, «Атадан калган туякта» Жээнгүл сыяктуу улуу классикалык ролдорду аткарып, кыргыз элинин жүрөгүндө калып, кыргыз киносунун «кереметине» айланган. Эженин көзүнөн адамдарды өзүнө тарткан нур жанып турчу. Ал ошол көзүнөн төгүлүп турган нуру менен элдин эсинде калды.

Таттыбүбү эже жарык дүйнөдөгү аз өмүрүндө кыргыз театр жана кино өнөрүнүн өнүгүшүнө чоң салымын кошуп кетти. Ошондуктан кыргыз эли анын атын түбөлүккө сактаарына ишенем.

* * *

Бурул МУКАНБЕТОВА,
Кыргызстан Сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү,
Азамат Алтайдын карындашы

– Мен Таттыбүбү менен Т.Океевдин «Кызыл алма» фильминде тартылып калдым. Анда мен көпчүлүк эл катышкан жерине түштүм. Таттыбүбү бала кыял, боорукер, бир да адамга жаман сүйлөбөгөн, адамгерчиликтүү болчу. Анын сулуулугуна, баскан-турганына киного тартылып жаткандардын баары суктанчубуз. Жаратылыш сулуулукту аябаптыр, Таттыбүбүгө. Бирок өмүрдү аяптыр. Бул фильмдеги Сүймөнкул Чокморов менен Таттыбүбүнүн ат минип бараткан эпизоду керемет тартылган. Бул эпизоддо экөөнүн

көрк-келбеттери бири-бирине абдан айкалышып, атка мингендери жарашып калган. Фильмге катышып жаткан артисттер, жөнөкөй көпчүлүктү түзүп катышып жаткан элдин баары ушул эпизод тартылып жатканда суктанышкан. Сүймөнкулга да көрк-келбет, талант, адамгерчиликти берген, тилекке каршы, өмүрдү аз бериптир. Экөө тең «Кызыл алмадагы» ушул эпизоду менен элдин эсинде калды.

* * *

Гүлсана САРНОГОЕВА,
Кыргыз Эл акыны Байдылда Сарногоевдин кызы, күйөрманы

– Таттыбүбү Турсунбаева менен 1976-жылы таластык туугандарымдын үйүнө барганымда жолуккам. Ошондо Таттыбүбү эженин абдан жагымдуу, мээримдүү экенин байкагам. Мурун телевизордон көрүп сулуулугуна суктанып жүргөм. Ал эми ошол жолуккан күндөн баштап жакшы адам экенин сезгем. Анын ички дүйнөсүнүн тазалыгы көзүнөн эле чагылып турат экен. Кызыл пиджак кийип алып, диванда олтурган эже мага жумшак кайрылып: «Таанышып алалы, атым – Таттыбүбү, сенин атыңчы?» дегени али күнчө эсимде. Ошол жарым сааттык баарлашуум, менин бүтүндөй өмүрүмө күч-кубат бергендей туюлат.

Москвадан маданият институтун бүтүп, Италияга кеткенге чейин кино жаатында иштегем. Таттыбүбү эже түшкөн бүт тасмаларды көргөм. Актриса жараткан бардык образдар бири-бирине окшобогон адеми образдар. Анын жараткан образдары көрүүчүлөргө катуу таасир калтырып, өзүнө тартып турат. Ал кайсы гана ролду аткарбасын турмуштагыдай ойнойт. Уркуя, Бейтааныш сулуу, Ак Мөөрдү албайлы таң калбаган, суктанбаган көрөрман жокко эсе. Таттыбүбү эженин кыргыз маданиятындагы ээлеген орду чоң.

Таттыбүбү Турсунбаева эжени мен Италиянын актрисасы Моника Белучи менен салыштырам. Мониканы дүйнө жүзү боюнча сулуу аялдардын символу деп айтышат. Демек, Таттыбүбү эжени да бир гана кыргыздын эмес, дүйнө жүзүндөгү сулуу аялдардын символу деп жазып кетким келет.

* * *

Гүлнара НУРМАТОВА,
Айыл чарба илимдеринин кандидаты, күйөрманы

– Таттыбүбү эженин тартылган фильмдеринин баарын көргөм. Эжедей образга кирген актриса театрда же кинодо болсун чанда кездешет. Жараткан образдары аркылуу көрүүчүгө эстетикалык чексиз ырахат тартуулайт. Тартылган фильмдери, өзүндөй көркөм. Актриса таланты, сулуулугу менен тасмалардын ажарын ачкан. Анын өңүнөн акылмандуулугу, мээримдүүлүгү, ички дүйнөсүнүн тазалыгы, боорукерлиги чагылып турчу. Мен Ч.Айтматовдун «Жамийла» чыгармасынын негизинде тартылган «Жамийла» көркөм тасмасындагы Жамийланын ролун Таттыбүбү эжеге беришпегенине ушу кезге чейин таң калам. Эгер Жамийланын ролун актриса ойногондо өзүнүн сулуулугу жана таланты менен образды эң жогорку деңгээлде жаратып, бул тасманы мындан да көркүнө чыгармак. Эл Ак Мөөргө, Уркуяга, Бейтааныш кыздын образдарына тамшангандай эженин Жамийласына тамшанышмак.

Таттыбүбү эже көз жумганда кыргыз киносу менен театры өз жылдызын жоготконун бүт кыргыз эли сезген. Актриса жараткан роль, образдары аркылуу элдин жүрөгүндө түбөлүккө сакталып калды.

* * *

Сабира ӨЖӨРБАЕВА,
Ак-Өргөө конушундагы № 77 орто мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары, күйөрманы

– Таттыбүбү эже тартылган тасмаларды ушу күнгө чейин суктануу менен көрөм. «Отко таазим», «Ак Мөөр», «Кызыл алма», «Ак куулар конгон Айдың-Көл» тасмаларында классикалык образдарды жараткан десек жаңылышпайбыз. Көрөрман фильмдердеги Таттыбүбү эженин жараткан образдарына кайдыгер карабайт. Актриса өзүнүн таланты, жараткан берген сулуулугу менен ошол тасмалардын көркүнө көрк кошуп, ажарын ачып салган. Ал өзүнө берилген ролдорду жашоодогудай ойногон. Театрда, кинодо актрисанын жараткан образдары эң жогорку деңгээлде ойнолуп, көрөрмандардын купулуна толгон. Биздин кино жана театр искусствосун өнүктүрүүгө Таттыбүбү Турсунбаеванын кошкон салымы абдан чоң.

Жаркын ТЕМИРБАЕВА СУРАН кызы,
КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер

Талант менен ширелишкен сулуулук

Өзүңүздөр күбө болгондой Таттыбүбү эженин күйөрмандарынын диапазону кеңири. Алардын арасында чыгармачыл чөйрөнүн адамдары актрисанын чыгармачылыгына жогору баа беришип, анын татаал тагдырына, кыска өмүрүнө токтолуп кейишет. Ошондой күйөрмандардын бири – журналист эжебиз Жаркын Темирбаева. Жаркын эже «Азаттык» радиостанциясында кабарчы болуп иштеп жүргөн кезинде, бүт дүйнөдөгү кыргыздарга жана башка улуттарга таанытуу максатында Таттыбүбү эже жөнүндө көптөгөн материалдарды «Азаттык» аркылуу уктуруп келген. Таттыбүбү Турсунбаева жөнүндө ой-толгоолорун сураганыбызда «Талант менен ширелишкен сулуулук» аттуу актрисанын адамдык сапатына, сулуулугуна, ташкындаган талантына карата айтылган ой-толгоолорду камтыган макаласын берген.

Улуу актриса, кыргыз театры менен киносунун жылдызы, ай-чырайлуу талант Таттыбүбү Турсунбаева тирүү болгондо 2014-жылы 70 жашка чыкмак. Сахна жылдызы Таттыбүбү Турсунбаева менен замандаш болуу биз үчүн сыймык. Кийинки муундар экранданбы же сүрөттөгү элесин көрүп тамшанып: «Тирүү арабызда болсо ээ» – деп арман кылышат. Анын тирүү кезин, көчө аралап басып баратканын көрбөй калгандар Таттыбүбүнү тарыхый актриса катары сулуулугун аңыз кылып калышты. Аны менен сахнада, үй-бүлөдө, туугандык жакындыкта болобу, көчөдө бирге басабы, чай ичеби, айтор, Таттыбүбү менен бирге болгон мүнөттөр кимдердин тагдырына буюрбасын ал адам бактылуу экен дейсиң. Себеби Таттыбүбүнүн жан дүйнөсүнөн назиктик, сулуулук менен улуулук, ызаткөйлүк, кичи пейилдик нуру төгүлүп, жанындагы адамдардын көңүлүнө үрөн, жакшылык, нур чачып турар эле. Андагы бул сапат көзү өтсө да өчпөй жашап келатпайбы. Кыргыз эли жомоктогудай сулууларды берген эл деп сыймыктанууга акылуубуз.

Кезинде Таттыбүбүнүн замандашы болгон зор акын Жолон Мамытов: «Сыймыгыбыз колдон учуп кеткенче, сыйыбызды, сөзүбүздү аяппыз» – деп бекеринен жазбагандыр.

Адамзат жаралганда кошо келген көралбастык кендирди кесип, адам баласын арманга салып келет. Залкар талант, айтылуу сулуу ушул көралбастыктын курмандыгы болуп кеткени трагедия. Көралбастыктын капканынан жан дүйнөсү таза актриса сактана албады. Болбосо Таттыбүбү душман күтпөптүр. Турсунбаева жөнүндө сөз болгондо, сахна жылдызынын табигый сулуулугу, сырткы өң-түс келбетине жуурулушкан таланты, ички дүйнөсү баладай таза ишенчээктиги, адамгерчилиги, анан да Ак Мөөрдүн элесин берген ак куунун трагедияга жык толгон аялдык тагдыры армандуу айтылат.

Сулуулук дүйнөнү сактайт деген улуу сөз бар го. Анда сулууну ким сактайт? – деп эскерген экен улуу акын Жолон Мамытов. Акын актрисанын таланты жана сулуулугу жөнүндө өз учурунда «Жүз жашка тол кылым» деген китебиндеги «Ажал менен сулуулук» деген ырында мындай армандуу саптарды жазган:

Жуурулушса талант менен сулуулук,
Сезимдерге уялады жылуулук.
Дал ошондон гүлүн ачып тазалык,
Байкалбастан бүрүн ачты улуулук.

Жылмаюсун топтоп сүйкүм ууртуна,
Келишимди топтоп бойго, тулкуна.
Бирде болсо Дездемона ай-чырай,
Бет келишти бирде болуп Уркуя.

Нуру болгон кино менен кеченин,
Шаңы болгон шайыр турмуш көчөнүн.
Ак жылдызды байкабаппыз шум ажал,
Шарт деп бир күн колдон жулуп кетээрин.

Сыйлык, сыйды убагында алганда,
Балким, талант ташып чыкмак андан да.
Чексиздикке эрте учаарын ким билди,
Салып коюп сансыз журтту арманга?

Таттыбүбү тирүү болсо канчалаган образдарды жаратмак. Таттыбүбүнү сагынган эл сахнадан жан дүйнөсү аруулукка толгончо карап, тагдырына ыраазы болмок. Андай тагдырдан ким ажыратты? Көрөалбастык. Ошондон улам улуу актрисанын трагедиялуу тагдыры кыргыз коомунда көралбастыктын чоң тамгасы менен айтылып да, жазылып да калды.

Актрисанын бул жарык дүйнөнү эрте кечкенинин себептерин актрисанын замандашы, акын Жолон Мамытов ошол эле «Ажал менен сулуулук» аттуу ырында дагы мындай ыр саптары менен уланткан:

Көргөн көрөр узун өмүр пайдасын,
Бирок айтчы, сен – өлбөстүк кайдасың?
Зор сахнаңа ойнотконуң ойноткон,
Ажал, талант, сулуулуктун кармашын.

Жаш тагдырга биз кайдыгер караппыз,
Сулуулукту туш-тушунан талаппыз.
Сыймыгыбыз колдон учуп кеткенче,
Сыйыбызды, сөзубүздү аяппыз.

Ойлой калсам зээним кейийт азыр да,
Оо, биз деги качан жеттик кадырга?
Ак денесин «Ала-Арчага» койбостон,
Аттап-буттап алып кеттик адырга...

Ошентип, күнүмдүк турмуштун агымы ичи таза талантка бирде балын, бирде уусун ичирип олтуруп, асмандан жанган жылдыз сымал Таттыбүбүнүн өз көркү өзүнө душман болгонуна оор үшкүрүнөсүң. Арийне аялзатынын сулуулугу – ички, сырткы дүйнөсү, жароокер жайдары сапаттары айкалышып, табигый чырайын коштоп турганы менен бааланган. «Сулуу аялдан аруулук аңкып турса, кимди болсо да өзүнө тартып, көз жоосун арбап турат» – дейт сулуулук дастанын айткан бир талант.

– Андай сапат Таттыбүбү эжеде бар болчу, – деп эскерет, Кыргыз Эл артисти Келдибек Ниязов:

– Бир чоң концертке Таттыбүбү эже экөөбүз алып баруучу болуп калыппыз. Мен анда жашмын. Артисттердин кийим чечкен жерине кире калсам эле, бет маңдайда турган эки сулуу көзүмө урунса эшикти жаба салыпмын сүрдөгөнүмдөн. «Кел-келегой! Чечинип, кийине бер, минтип уялсаң кантип артист болосуң» – деп, жапайыга окшоп турган мага карай, колдорун жаңсап сүйлөп жатпайбы, Таттыбүбү эже. Ич көйнөкчөн күзгүгө каранып, жасанып жатыптыр да жарыктык десе. Андай сулууну мен башка көрбөдүм. Мойнунун узундугу, сүйлөгөндө кашкайган тиши, колдору, каш-көзү, койчу сүрөтчү тарткан бир сулууну тирүү көрдүм да.

Келдибек Ниязов мырзанын айтымында, Таттыбүбүдөй сулуулар көбүнчө театр өнөрүндө кездешкен. Театр сулуу аялдын артыкчылыгын, анын таасын талантын талап кылган. Таттыбүбүдөй сулуунун асыл сапаттарын, табигый ажарын ачып, элдин алдына алып чыккан театр болгон. Андыктан театр аркылуу: «Ай десе айдай, Күн десе күндөй» – деп сүрөттөлгөн аял сулуулугу байыркы жомоктордон тартып, классикалык чыгармаларга чейин даңазаланып келген.

Театр ишмерлери: «Таттыбүбүнүн чыгышы менен кыргыз театрына жаңы жылдыз келген» – деп айтып келишет. Айрыкча Кыргыз Эл акыны театр таануучу, маркум Эрнис Турсунов Таттыбүбүдөй таланттардын тагдыры тууралуу «Триумф жана Трагедия» деген укмуштуудай терең философиялуу жыйнагын калтырып кетиптир. Ал китепти баракатасаң көзүңдөн армандуу жаш агып, көңүлдөн бөксөө жериң көрүнөт. Театрда сулуу каармандарды кыйла жылдар бою аткарып келген Бакен Кыдыкееванын улгая баштаган учурунда Таттыбүбүнүн чыга келиши токтоло калган чыгармачылыкты кайрадан жандандыргандыгы кеп болот.

Кыргыз театрынын тарыхында: «1966–1980-жылдарга чейин элдин көбү театрга Таттыбүбүнү көрүш үчүн келээр эле» – деп айтылат. Таттыбүбү жараткан Кар ханышасы, Жульетта, Төрөкан, Зулайка, Эркайым, Элпи, Мадина, Ак Мөөр, Уркуя сыяктуу образдар Таттыбүбү менен тагдырлаш. Таттыбүбү бул каармандардын катарында өзү да

кайталангыс каарман болуп турмушта жашап калгандай таасир калтырат. Эсил кайран актриса атактын артынан жүгүрбөгөн, атак анын артынан жүгүргөн. Ал атагын, өзүндөгү мүмкүнчүлүктү башкалардан ажыратып караганда, агасы Нуркан Турсунбаев арман кылгандай кичине «кыйтырлыгы» болгондо көралбастыктын жеми болбойт беле дейсиң.

«Таланттын байлыгы болбойт, тагдыры болот» демекчи сулуулукту, талантты аянбай берген жараткан ага аялдык бакытты жана өмүрдү да аянбай бергенде деген арман ар бир кыргыздын, сахна жылдызын сүйгөн көрөрмандын арманы болуп кала бермекчи. Балким, сулуулардын тагдыры ушундайдыр. Таттыбүбү кыргыздын кылымдардан аңызга айланган сулуулардын жомогундай болуп кыргыз элинин жүрөгүндө, театр сүйүүчүлөрдүн эсинде жапжаш бойдон жашап калат. Таттыбүбү жөнүндө канчалык ушак айыңдар айтылбасын, жараткандын ага тартуулаган сулуулугунун, талантынын жанында арык аттап, суу кечпейт. Албетте, адамдагы улуулуктун жанында көрпендечилик менен айтылган имиштер текейге барабар кеп дешет улуу ойчулдар. Ошондуктан Таттыбүбү деген улуу талант, сулуу актрисаны эскерип жатып ал тууралуу ар убак ыйык, улуу салыштыруулар Таттыбүбү деген ысымды кайталатып, жаңылап турар.

Дегеле кыргыз искусствосу менен адабиятында таланттуу инсандардын мезгилинен эрте кеткени өзүнчө кайгылуу көрүнүш. Айтсак: «Бакен Кыдыкеева, белгилүү бийчи Бүбүсара Бейшеналиева сыяктуу таланттар бул жарыкчылыктан эмнегедир эрте чарчагандай ой келет» – дейт бир өнөр адамы. Анысы мейли, өмүрдү узартуу, ажалдан алып калуу колдон келбес дечи. Колдон келгенин айтсак, жамы кыргыз элин арманга салган Таттыбүбүнүн сөөгү эмне себептен «Ала-Арчага» коюлбады десең? Же бул дагы колдон келбейт беле? Бул суроо баарыбыздын жүрөгүбүздү мыкчып, сарсанаага салып келет. Чолок ойго чулганган, көкүрөгү сокур билермандардын кылганы кыргыздын кендирин кесип келгени келген. Таттыбүбүнүн сөөгү Орок айылындагы адырга коюлган. Бир тууганы Нуркан Турсунбаев арманын дене боюна сыйдырып көтөрүп, Таттыбүбүнүн атын өчүрбөшкө аракет жасап келет.

Акын Жолон Мамытовдун ыр саптарында Таттыбүбү Турсунбаевадай мыкты таланттардын жаздым болушу эчен сонун образдардын ачылбай калышына себеп болсо, экинчиден, бир кылымдын үч улуу таланттарынын өмүр тагдыры армандуу делет эскермелерде. Алардын эң армандуусу Таттыбүбү Турсунбаева деп айтылып жүрөт. Бирок «өлгөндөр жаш бойдон калат» демекчи булардын жаркыраган элеси элдин эсинде жаш бойдон калды. Таттыбүбүнүн 70 жашка чыкканын, анын жапжаш элесине таазим этип эскерип, эстеп жазып жатышат. Аз жашаганы менен талант катары ары сулуу, ары адамгерчилиги бийик улуу актриса эл оозунда кылымдар бою өчпөй жашап калары шексиз. Балким, адам болуп төрөлүп, адам болуп өлүү ушул Таттыбүбү сыяктуу ички дүйнөсү назик, таза сулууларга буйругандыр деген ой келет. Ошондон улам жаратылышы таза инсандар бул жалган дүйнөнүн оош-кыйыш соккуларына туруштук бералбай эрте кетет окшойт...

Камара КАСЫМБАЕВА,
журналист

БИР КЫЛЫМДА БИР ЖАРАЛГАН ЖАН ЭЛЕ

«Кандай десем, жарык нур го күндөгү,
Көргөндөрдүн эрип түшкөн жүрөгү.
Ай десең ай, Күн десең күн көркү бар,
Мактап аны даанышмандар айталаар».
Шота Руставели

Биз Таттыбүбү эже жашаган доордо жашап, талантына жана сулуулугуна таазим кылып, театр, кинодогу аткарган ролдоруна суктанып барып көрчү элек. Ал учурда актрисаны бул дүйнөдөн эрте кетет деп ким ойлоптур. Таттыбүбү эженин көзү өткөнүнө быйыл 33 жылдын жүзү болду. Ал биздин жадыбызда азыр деле кинодо ойногон ролдору аркылуу тирүүдөй элес калтырат. Анын 70 жылдык мааракесине карата адамдык бейнеси менен ташкындаган таланты тууралуу жаркын элесине таазим кылып эскерип кетүүнү туура көрдүм.

Элибиздин ар бир доорунда мактана жана сыймыктана турган уул- кыздары болот эмеспи! Кыргыз элиндеги ошондой кыздардын бири – «Соң-Көлдүн чүрөгү» атка конгон, жүзүнөн нур төгүлгөн, күлкүсүнөн күн нуру чачыраган, сулуулугуна эч бир жан теңдешсиз Таттыбүбү эжебиз болгон. Чындыгында, Таттыбүбү эжени жаратылыш төрт тарабын төп кылып жараткан. Орустун атактуу жазуучусу А. Чехов: «Адам сулуу болуш үчүн бардык жагы: жүзү, жан дүйнөсү, акыл-эси жана сымбаты сулуу болуш керек» – деп айтканы эжебиздин адамдык бардык сапатына дал келет. Таттыбүбү эже көркөм чыгармалардагы кыргыздын кыздарынын сулуулугун чыныгы турмушта даңазалаган аялзаты экенин эч бир жан тан албаса керек. Мен күндөлүк дептериме бир китептен алып мындай деп жазган экенмин: «Кудай ар бир адамды жаратканда өзүнө ылайык көрк берет. Кудай сулуулук берген адамга өзүнүн кереметин ыраа көрүп тартуулап, ага сулуулукту жөн бербестен, сулуу адамдын ички дүйнөсүнө жараша жөндөм, талант, шык, сыр жана сүр берип жаратат. Ички дүйнөсү, адамдык сапаты, акыл-эси, анын сулуулугуна табышмактуу сыр берип, элге бир башкача көрүнүп, Кудайдын кереметине ширешкен сулуу адам–бул артыкчылык менен берилген бакыттын өзүн таанып билүүсү аны бардык жакшы нерсеге жеткирет. Кудай сулуулукту адам баласына жөн энчилебестен аны Кудайдын сүйгөн адамы деп таанып, ал аркылуу сулуулуктун сырын түшүнүп, аны элге берилген кенч катары сыйлоо жана коргоо керектигин буйрат». Чындыгында эле Кудай Таттыбүбү эжеге керемет сулуулук менен кошо актрисалык-артисттик талант, өнөр берип, кыргыз эли үчүн руханий байлык кылып жараткан.

Таттыбүбү эже кыргыз театр сахнасындагы жана киносундагы нукура жараткан ролдору менен көрүүчүлөрдүн купулуна толуп, элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болгон артист. Учурунда анын өнөрү бааланбаса дагы ал азыр театрда «Сахна ханышасы» деген элдин баасына арзып, кинодо асманда жанып турган «Чолпон жылдыз» экенин мезгил өзү далилдеп турат. Анын ушул актрисалык жана артисттик талантына куп жарашкан адам баласына бир жолу берилүүчү ай-чырайлуу сулуулугу, көз жоосун алган көркөмдүгү менен адамды таң калтырып, аларды суктантып келгенин ким танат. Өнөр берилген

мындай адам аз жашайбы же көп жашайбы, анын артында көркөм чыгармалардагы башкы каармандардын ролдору элибиздин руханий дүйнөсүн байыткан күлазык болуп калаарына сөз жок.

Таттыбүбү эже Кыргыз маданияты менен искусствосунун тарыхында ар тараптуу өнөрү менен кылымдар бою аңызга айланып жазылып калаары айдан ачык. Ал актриса-артист гана эмес, кубулжуган үнү менен ырчы катары жамы журтка таанылган. Актриса ырдаган, агасы Нуркан Турсунбаев жараткан «Ай баратат» деген ыр анын укулуктуу мукам үнү менен жүрөктү элжиретип, делебени козгоп, табигаттын айлуу түндөгү сулуулугун өзүнчө эле бир укмуштуудай сыйкырдуу көрүнүшкө айлантат. Асмандагы жай, каалгып сүзүп бара жаткан Ай бирде булутка кирип, бирде андан кайра чыгып ырды ырдаган Таттыбүбү Ааламдын кучагында термелип, нурдуу жүзү табигаттын кооздугу аркылуу жарк эткен күлкүсү менен күмүш үнү айкалышып, ыр ышкыбоздорунун жүрөгүнөн түнөк алып, ушу кезге чейин алар менен кубулжуган үнү кошо жашап келет.

Ошентип, «кечээ көргөн бүгүн жок» дегендей, көзү өтүп кеткен актрисанын ырларын кийинки муундун өкүлдөрү ырдап келүүдө. «Ай баратат» ырын Таттыбүбү эжеден кийин Ырыскелди Осмонкулов ырдап чыкты. Мезгил өткөн сайын анын ордун андан кийинки ырчылар баса баштайт. Мисалы, бир кылым мурда Соң-Көлдөн Ак Мөөр сулуу жаралса, андан кийин анын ордуна Таттыбүбү эже жаралды. Дагы бир кылымда Таттыбүбү эжеге окшогон айдай сулуу кыздар төрөлөт, актриса аткарган ролдорду алар Таттыбүбү эжедей мыкты аткарып чыгышы мүмкүн. Оомалуу-төкмөлүү дүйнө деген ушундай болот тура. Бири кетет, бири жашоого келет. Бул да болсо жашоонун мыйзам-ченемдүүлүгү. Азыр деле элибиздин арасында Таттыбүбү эженин ысымын алып жүргөн кыздар бар, бирок алар андай болуп жарк этип чыга элек.

Эже бул жашоого бир келип кеткен аялзаты гана болбостон, ал театр сахнасында же кинодо болобу, өз ордун таап аялдык назиктиги, жароокер жан дүйнөсү менен өзүнө жарашкан ажайып аруулугу, сымбаты жана чыгармачылык таланты адамдык ажарын ачкан касиеттери менен жамы журтту таң калтырып келгенине бүгүн суктанып айтып отурабыз. Бирок аны учурунда кимибиз сактай алдык? Бирөөнүн көзү, бирөөнүн сөзү тийди, бирөө көрө албастык кылды дейбиз. Тилекке каршы, аны далилдеген эч бир жан жок. Элибизде: «Кыңыр иш кырк жылда билинет» дегендей анын чыгармачылык жашоосуна бут тоскондор бир мезгилде калкып чыгат деген үмүттөбүз.

Таттыбүбү Турсунбаеванын биринин артынан экинчисин жараткан башкы ролдору жалпы журттун эсинде. «Ак Мөөр», «Отко таазим» фильмдериндеги Ак Мөөр менен Уркуянын ролдорун мыкты ойноп, кыргыздын нукура аялзатынын кайталангыс образын жаратып, элдин алкышына арзып келгенин ким танат? Эми бул ролдорду мындай жогорку деңгээлде кайталап аткара алабы да, же жокпу ким билет? Анткени ал ушул ролдор үчүн гана жаралгандай туюм калтырат.

«Отко таазим» фильминде Таттыбүбү эженин өрүкзарды аралап, башына салынган ак бөртмө жоолугу менен ак боз атты минип бара жаткан жана булакка барып жүзүн суугa чайып жууган жерлери, ага куюп койгондой жарашып жуурулушуп, көрүүчүлөрдүн сугун арттырган укмуштай кооз эпизод жаралган. Менин көз алдыма өрүкзар Жапондордун сакурасы гүлдөгөн эң бир кооз мезгилди элестетип турат. Ушул жерден табигат Таттыбүбүнүн көркүнө көрк берип тургандай элес калтырат. Ар бир жердин өзүнө жараша кооздугу жана сулуулугу болот эмеспи! Баткендеги эң кооз мезгил өрүкзардын

гүлдөгөн учуру. Баткен жергебиздеги өрүкзардын сулуулугу актриса аткарган Уркуянын образы аркылуу атагы алыска кеткен. Себеби «Отко таазим» фильминдеги өрүкзардын кооздугу менен Уркуянын ролун ойногон Таттыбүбү эжебиздин сулуулугу абдан айкалышып, картинанын көркүн ачып салган. Актриса «Ак Мөөр», «Отко таазим» кинолорунда аткарган ролдору менен бир эле учурда элдин элесинде Ак Мөөр –Таттыбүбү же Уркуя – Таттыбүбү болуп кала берет. Ал көзү тирүүсүндө театрда да, кинодо да уникалдуу мыкты ролдорду жаратуу менен «Сахна ханышасы» жана «Кино жылдызы» деген атак-даңк алып, эмгегинин үзүрүн көрбөй бул дүйнөдөн эрте кеткенине: «Аттиң дүйнө!» – деп өкүнгөндөн башка эмне кылат элек.

«Отко таазим» кыргыз элинин белгилүү кинорежиссеру Төлөмүш Океевдин шедевр кинолорунун бири десек жаңылышпайбыз. Ал бул тасмадагы Уркуянын ролу аркылуу Таттыбүбү эжени жамы журтка таанытты. Ал эми Таттыбүбү эже болсо оргуштаган таланты жана аруулугу менен өзүнө берилген ролду эң жогорку деңгээлде ойноп, фильмдин көркөмдүүлүгүн арттырып келген.

Актрисанын сулуулугу, керемет өнөрү кыргыз элинин чыгармаларында гана эмес, башка элдердин чыгармаларындагы образдарды театрда, кинодо жаратып, алардын адамдык бейнесин өзүнө сиңирип, аларга жан киргизип, жашоо берген артистка катары анын ысмы кыргыз искусствосунун тарых баракчарында алтын тамгалар менен жазылып түбөлүк мурас болуп, ал бул жашоодо бир кылымда бир жаралган жан болуп калаары бышык.

Гректердин сулуулук жана сүйүүнүн Кудайы Афродита сыяктуу Таттыбүбү эженин ажайып сулуулугу кыргыз аялзатынын символу катары, кылымдар бою кыргыз элинин руханий дүйнөсүндө бирде Таттыбүбү, бирде Ак Мөөр, бирде Уркуя болуп, легендага айланган өмүрү түбөлүк жашай бермекчи.

III БӨЛҮМ

КАТ КУРЖУН

««Таттыбүбү» – деп дарек издеп алыстан,
Каттар келчү жаз жамгырдай нөшөрлөп...»

Адам жаратылышы ушундай. Элден айланса болот. Кезегинде Таттыбүбү Турсунбаеванын жылдызы жанып, атагы алыска тарап, ичи тар карөзгөйлөр туш-тарабынан талап, ушак-айыңга белчесинен батышып, кудай алдында күнөө тартып турган чакта, залкар актрисанын жабыркаган жан дүйнө жаратын айыктырган – бул анын көрөрмандарынан, угармандарынан жамгырдай жаап күнүгө театрга, үйүнө келип турган сансыз каттар болоор эле. Театрдан, гастролдон баланыкындай назик дүйнөсү жабыркап келгенде, күйөрмандарынан келген каттарга көз жашын төгүп окуп, бугун чыгарып, зарылына жооп жазгандан Таттыбүбү кадимкидей айыгып, ошол каттардан күч-кубат, колдоо жана кайрат алып эртеси жумушуна шайдоот кетчү.

Эжеге келген каттарды, куттуктоолорду көзүбүздөн өткөргөндө, алардын дээрлик 90 пайызы жан дүйнөсү бул чалкеш дүйнөнүн жамандыгын көрө элек, сезимдери таза 10 жаштан 17 жашка чейинки мектеп окуучуларынан экендигин билдик. Эженин баланыкындай таза, баёо дүйнөсүн жабыркатпай кармап жүргөн ошол тилеги ак, жан дүйнөсү тунук жаштардын каттары, куттуктоолру болуп чыкты. Анткени Таттыбүбү Турсунбаеванын жан дүйнөсү, дал ошол кат жазган уул-кыздарыныкындай таза жана аруу эле. Албетте, эжеге улуу муундардын өкүлдөрү, чет өлкөнүн жарандарынан бери каалоо-тилектери менен каттарын, куттуктоолорун жөнөтүп турушкан.

Төмөндө биз эжеге республикабыздын туш-тарабынан, чет өлкөлөрдөн анын жылдызы жанып турган мезгилдерде келген кат-кабарлардын, куттуктоолордун кээ бирин жарыялоону туура көрдүк.

БОЛГАРИЯДАН ИЗДЕП КЕЛГЕН АЗИЗ ЖЕЛИЛ

Таттыбүбү Турсунбаеванын аты алыска угулуп, тааныла баштаган мезгилдерде, анын чыгармачылыгына кызыгып, иликтеп-изилдегени 1980-жылдардын башында Кыргызстанга келип, актрисага жолугуп бетме-бет, кең-кесири аңгемелешкен чет өлкөлүк киноишмерлер да болгон. Төмөндө ошондойлордун бири, Болгариялык киноишмер Азиз Желил жөнүндө баяндап беребиз.

Азиз Желил Болгариянын борбору Софияда жашаган киноишмер. Ал Париждеги киноакадемиядан билим алган. Улуту – түрк. Актрисанын киноэкранда жараткан образдарына окуп жүргөн кезинде кызыга баштаган. Ал Таттыбүбү эженин кинодогу жараткан образдарын дипломдук иши кылып тандайт. Дипломдук ишин жазуу максатында кыргыз жерине келип, Таттыбүбү эжеге жолугуп, анын кино экранда жараткан образдары жөнүндө материал алып кетет. Ал кайра кетээринде дипломдук иштин негизинде макала даярдап, Болгариянын басма сөз беттерине жарыялай тургандыгын Таттыбүбү эжеге айткан. Ушундан улам Болгария, Европа басма сөз беттеринен Таттыбүбү эженин чыгармачылыгы жөнүндө жазылган макалалар орун алып, сүйүктүү актрисабыздын аты болгар элине да таанымал болуп калгандыгын туюнсак болот. Мына ушул келтирген мисалдар эле Таттыбүбү Турсунбаеванын чет өлкөлөргө тааныла баштаганын далилдеп турат.

Бир күнү адаттагыдай Таттыбүбү эженин үйүнө келгенимде, эже жайланышып олтурган соң, чай үстүндө Азиз Желил жөнүндөгү кызыктуу баянын айтып берген.

– Мен сага бир адам жөнүндө айтып берейин. Ал – Азиз Желил. Өзү Франциядагы киноакадемиянын акыркы курсунда окуйт экен. Менин кинодогу аткарган ролдорум боюнча дипломдук иш жазам деп келиптир. Мен тартылган фильмдерди көрүптүр. Азиз Фрунзеге келгенде театрдан да, үйдөн да мага кезиге албай коюптур. Театрга келип сураса: «Таттыбүбүнүн кайда экенин билбейбиз» – деп коюшуптур. Эмнеге антип айтканына түшүнбөйм. Жашаган жеримдин дарегин сурап үйгө келет. Кызым Асел жаш болгондуктан, бейтааныштыкөрүп чочуганбы, киргизбептир. Өзү он күнгө эле келип, мени издеп жүрүп, он күнү да аяктап, иш сапарын дагы он күнгө узартыптыр.

Биз репетиция учурларында эс алып олтурчу жайыбыз бар. Азиз мени театрда иштегендерден эч кимисинен сурабай «акыры ушул жерге эс алганы чыгат» деген ой менен ошол жерде олтура берет. Бир күнү эс алганы чыксам, бир кыргызга окшобогон жигит олтурат. Ал мени көрүп, кудуңдай сүйүнүп, алдыман тосуп: «Мен сизди канча күндөн бери издеп жүрөм. Театрда бирге иштешкендер сизди «билбейбиз» дешти. Кызыңыз болсо: «Апам иште» – деп үйүңүзгө киргизбей койду. Мен алыскы Болгария жергесинен атайын келдим. Сиздин кинодогу аткарган ролдоруңузга абдан кызыгып, кеңири маалымат алганы келдим» – деп, орус тилинде акцент менен сүйлөдү. Мен ошондо күнүгө эле театрда экенимди, кызым болсо бейтааныш өң болгондуктан чочуркап киргизбегенин айттым. Ал менден кантип артистка болгонумду, кайдан окуганымды, көркөм тасмаларга кандайча тартылганымды жана кинодогу аткарган ролдорумду толук сурап алды. Дипломдук иш жазарын, андан калса мен жөнүндө Болгариядагы жана Европа өлкөлөрүндөгү гезит-журналдарга материал даярдап, чагылдырарын айтты. Мына жакында андан открытка келди–деп Таттыбүбү эже мага Азиз Желилден келген открытканы

сунду. Бул кабарга мен дагы кубандым. Ошондо Таттыбүбү эже экөөбүз мындан ары Азиз Желил менен тыгыз байланышта болуу керек экендиги жөнүндө көпкө сүйлөшүп олтурганбыз. Ал турмак Таттыбүбү эже экөөбүз Азиз Желилге кат жазмай болуп, кандайдыр бир себептер менен кат жазбай калганбыз.

Азиз Желилдин открыткасында мындай сөздөр жазылган:

26.VI.1981 г

Привет из Болгарии!

Обнимаю все мои друзя и желаю здоровя и счастя! Я готов сделать все что могу из Болгарии и Европа! Ваш друг: Азиз

(Азиз Желил кандай жазса, өзгөртпөй берилди.)





Эми биздин Сизге таанышып кайрылып жатканыбыз бул. Биз 8-класстан окуп, алдыдагы мамлекеттик экзаменди ийгиликтүү тапшыруунун алдында турабыз. Бизди «Келечекте ким болуу керек?» деген сезим пайда болуп, кандайдыр бир кыял бийлеп алды. А биз болсок келечекте сиз сыяктуу актер болууну каалайбыз. Биздин бул оюбузга Сиз кандай дейсиз? Ушу Сиздин актердук чыгармачылыгыңызга, өмүр баяныңызга, аткаруучулук чеберчилигиңизге кызыгып, ушул жөнүндө көп билүүнү каалайбыз. Сиз катышып келаткан кинолордон мисал келтирсек, кинорежиссер Төлөмүш Океев тарткан «Отко таазим», «Кызыл алма» жана башка кинофильмдер, спектаклдердеги сиздин чеберчилигиңиз жагат. Биз Сиздин ошол чеберчилигиңиздин сырларын билгибиз келет. Анткени биздин кыялыбызда, толгонуубузда «Бизди келечекте көптөгөн ролдор күтүп турат, ошол ролдорду ойноп, эң сонун образдарды жарата билүүбүз керек» дейбиз.

Жакында эле болуп өткөн Бүткүлсоюздук IX кинофестивал бизди кубанычка, сыймыкка бөлөдү. Келечекте бул фестивал да, бизди кучагын жайып күтүп тургансыды. Биз сүйүктүү эже-агаларыбыз – киноактерлор Муратбек Рыскулов (маркум), Дааркүл Күйүкова, Болот Бейшеналиев, Сабира Күмүшалиева жана Сиз – Таттыбүбү Турсунбаевалар менен сыймыктанабыз. Биз да ушулардай болуп жүрсөк дейбиз. Биздин чоң максатыбыз ушул, эже.

Эми Сиздин үй адресиңизди билбегенибизден, театрдын өзүнө жазууну чечтик. Сиздин жообуңузда үй адресиңизди чыдамсыздык менен күтөбүз.

Кош болуңуз, жооп күтөбүз – деп саламыбыз менен Турду, Сайнагүл.

Биздин адрес: Нарынский обл.
Тянь-Шанский р/н
С. «Кож-Завод» №53 Азисова Сайнагүл,
же Конокбаева Турду. Индекс: 722600
Чыдамсыздык менен жооп күтөбүз.1976-жыл.22/IV Кош,кош! Жооп жазыңыз.

Салам кат!

Саламатсызбы Таттыбүбү Турсунбаевна?

Комсомолдук ысык саламым менен Света.

Мен Москва районуна караштуу Орто-Суу селосунда жашайм. Келечекте киноактриса болууну самайм. Ошондуктан сиз менен кат алышып, сиздин ой-пикириңизди уксам жакшы болор эле.

Таанышуу салам каты!

...Эжебиз Таттыбүбүгө, мындагы Владимир областындагы Сабинка шаарында окуп жаткан сиңдилериңиз Камила, Бактыгүлдөн жалындуу ысык салам деп билерсиз.

...Балким, бул катты күткөн эмес чыгаарсыз. Биз бул шаарда текстилный техникумда окуйбуз. Бүгүн эс алып келатып мандайыбыздагы киоскадан сиздин сүрөтүңүз биринчи бетине басылып, толугу менен чыгармачылыгыңызга арналган Москвадан чыккан журналды көрүп, төбөбүз көккө жеткидей кубанычка бөлөндүк, эже. Кудуңдап, сүйүнгөндүктөн тиги журналды көргүчө бири-бирибизден талашып, шашабыз.

Журналдын ичинде сиздин кинодогу өмүр жолуңуз жана театралдык ишмердигиңиз кенен баяндалган. «Саманчынын жолу», «Атадан калган туяк», «Ак Мөөр» жана «Кызыл алма» фильмдеринин кадрлары берилип жана кыскача баяндалган. Журналды талашып жатканыбызды өтүп бараткан бир орус киши көрүп калып: «Бул ким?» – деп сурап калды. Биз ушунчалык чоң сүйүнүч менен: «Бул биздин актрисабыз!» – деп айттык. Ал киши көрүп алып: «Сулуу актрисаңар бар экен» – дейт. Биз: «Өңү гана сулуу эмес, эжекебиздин ички сезими, театрдагы сиңирген эмгеги да сулуу» – деп кубандык. Анда ал киши бизге кошулуп: «А эжеңердин ички сезими сулуу экенин кайдан билесиңер?» – деди. Биз толкунданууменен: «Ушунчалык сонун образдарды жаратып жаткан соң, кандай сулуу эмес»– десек, ал: «Анда иш башкача» – деп, андан кийин: «Кана эмесе, силердин эжеңердин ички сезими сулуу бекен, мен да окуп көрөйүн» – деп ал киши да бирди алды. Биз ушунчалык чоң даражадагы эжекебиз бар экендигине сүйүндүк.

Эжеке сизге чоң ийгилик каалап Камила, Жунушалиева. 1976-жыл.

Саламатсызбы Таттыбүбү эже!

Мен Талас районундагы «Победа» колхозунун Наматбек селосунда жашайм. Атым – Эрке, фамилиям Намазбекова. Мен сизди телевизор аркылуу көп көрөм. Сиз катышкан кинобу, спектакль болобу өтө толкунданууменен көрөм. Кээде: «Мен да ушул эжедей болсом» – деп тилеп кетем. Максатыма жетемби, аны билбеймин.

Алматыдан салем!

Салеметсизби Таттүбүбү апай!

Калыңыз калай? Жумыс, баарысы калай өтип жатыр? Арийне, сиз мени танимайсыз гой. Мен, Сайра Копобаева Бахтияр кызы, Казахстанданмын. Алматы мемлекеттик Консерваториясынын театр факультетинин 2-курс студенткасымын. Мен сизди бир неше фильмдерден көрип жүримин. Биздин курста Фрунзеден бир кыз окуйды. Бурын театр студияда окыган. Сол курбым сиздин адрести маган берген. Сизден жауп күтемин! Сау-болып турыңыз апай.

Саламатсызбы Таттыбүбү эже!

...Мен, Суранчиева Ишенхан Сейдахматовна, Кант районундагы «Жогорку Ала-Арча» орто мектебинин 10-классында окуп жатамын. 4-классыман бери артисттик кесипти өтө жакшы көрөм. Мен киного тартылууну жана кинокомедияларды, ырдаганды жакшы көрөм. Эже, мен шаарга жакынмын, эгер катыма жооп берсеңиз, мен сизге барып консультация алсам деген оюм бар. Кош, саламатта болуңуз көрүшкөнчө.

Кымбаттуу Таттыбүбү эже!

Жакында эле мен сизди телевидение боюнча «Машырбек үйлөнөт» деген спектакльде көрдүм. Мага өзгөчө сиздин жана Көбөгөнованын аткаргану жакты. Сиздин талантыңызга таазим кылам!!! Мен сизди көбүнчө киноискусствосунда көрөр элем. Кинодогу ролдоруңуздан мага өзгөчө «Отко таазим» жана «Кызыл алма» кинофильмдери жагат.

«Отко тазимде» сиз тап күрөшүнө активдүү катышкан, курч мүнөз Уркуя Салиеванын образын кийимиңиз, сөздөрүңүз, мүнөзүңүз, кыймылыңыз менен ача алсаңыз, ал эми «Кызыл алмада» болсо кыялдагы назик, сулуу, азыркы учурдун, же болбосо мындайча айтканда «современный» шаардык кыздын образын эң сонун түзө алгансыз! Суктанамын сизге Таттыбүбү эже!!! Анткени сиз талантыңызга жараша сулуулугуңуз да төп келишкен актрисасыз. Мен да кино актриса болгум келет. Өмүр бою эпизоддук роль аткарып өтсөм да, киноискусствого аз да болсо өз салымымды кошкум келет...

Талантыңызга баш ийип, таазим кылам – деп, Сабира Алымкулова.

Менин дарегим: Талас району, «Жон-Арык» айылы
Кыргызстандын 50 жылдыгы көчөсү-12

Автордон

Каттар-каттар! Алардын аягы үзүлчүдөй эмес. Таттыбүбү эжеге кимдер гана кеңеш сурап, арыз-арманын айтып, ыраазылыгын билдирип кат жазышпады. Алар эжеге өз адамдай терең ишенип, көкүрөгүндө сактап жүргөн ыймандай сырларын да жашырышпай айтышчу, кубанышчу, эже менен кошо ыйлашчу. Арабыздан 37 жаш күлгүн курагында дүйнө салып кете берген Таттыбүбү Турсунбаеванын таза, баланыкындай мүнөзү экрандан жарк этип көрүнүп, жүзүнөн нуру төгүлүп тургандыктан калк ага өз сырын жашырбай, ачык, так айтып келишкен. Буга биз кубансак болот. Анткени Таттыбүбү Турсунбаеванын талантына таазим этип, кеңеш сурап кат жазгандарды азыр үй-бүлөсү, небере-чөбүрөлөрү менен кошуп эсептегенде эле жүз миңдеп саналат го. Ал эми кат жазбай эле, анын талантына үйүндө таазим этип олтургандарды кошуп алганда, демек, калкыбыздын 3–4 миллиону эженин 70 жылдык маараксин белгилешет деп ишенсек болот. Элдик адам деп ушундай залкар таланттарды айтсак жарашат.

IV БӨЛҮМ

«БИЗ ҮЧҮН АПАБЫЗДАН АЖЫРАП КАЛУУ ЧОҢ ЖОГОТУУ БОЛДУ»

Коомчулукка белгилүү үй-бүлөлөрдүн жеке турмушу, бала-чакасы, урук-туугандары сыяктуу маалыматтар көпчүлүктү кызыктырганын эске алып, китепке Имаш Эшимбеков менен Таттыбүбү Турсунбаеванын уул-кызынын ата-энеси жөнүндөгү эскерүүлөрүн, дил баяндарын чогуу жайгаштырдык.

Таттыбүбү Турсунбаева, кыргыздын белгилүү артисттеринин бири Имаш Эшимбековго баш кошуп, Асел жана Канат деген кыздуу, уулдуу болушкан. Асел орто мектепти аяктаган жылы Бишкектеги «Орус тили жана адабият институтуна тапшырып, 3-курсту аяктаганда негедир кинонун сыйкырдуу дүйнөсүнө оп тартылып, Ленинграддагы музыка жана кино институтунун актердук факультетине тапшырып окуп калат. Бул окуу жайга тапшырууда таякеси Нуркан Турсунбаевдин ролу чоң болгон. Себеби таякеси карындашынын жетпей калган мүдөөтилектерин жээни Асел окууну аяктап келсе кино экран жана театр сахнасы аркылуу иш жүзүнө ашырат деген чоң ишеничте болуп, ар тараптан жардам көрсөткөн. Асел өзү да ошондой ой-тилектерди алдына койгон эле. Асел театрда иштеп, кинолордо тартылып жүрүп, ишкер Урмат Барктабасовго турмушка чыккандан бери, биринчи орунга үй-бүлөсүн коюп, жашоосуна ыраазы. Алган жарынын сүйүктүү жубайы, балдарынын мээримдүү энеси. Балдарына дайыма апасы жөнүндө айтып берет. Таттыбүбү эженин неберелери таэнесинин кыргыз элинин белгилүү актрисасы экендигине, ошондой эле анын кыргыз театр жана кино тармагына сиңирген эмгегине сыймыктанышат. Бүгүнкү күндө Урмат менен Аселдин ортосунда Кубат деген уулу жана Алтынай, Алия деген кыздары бар. Китепке даярдыктар жүрүп жатканда Асел менен кеңири баарлашканбыз.



Таттыбүбү Турсунбаева жана *Имаш Эшимбеков*
кичинекей *Асел* менен.

АПАМ: «ТЕАТРСЫЗ МЕНДЕ ЖАШОО ЖОК» – ДЕП КӨП АЙТЧУ

(Кызы Асел Эшимбекова менен маек)

– Асел, апаң жөнүндө куруп берген аңгеме-дүкөнүң окурмандарды кайдигер калтырбайт деп ойлоймун?

– Апамдын бул дүйнөдөн өткөнүнө бир топ жыл болгонуна карабай, анын элеси дайыма көз алдымда. Апам бар кезде, иним Канатбек экөөбүзгө күндөр көңүлдүү өтүүчү. Биз сабак окуган маалда, апам роль жаттачу. Андан кийин чогуу олтуруп тамактанып, артисттер, кино, театр, сахнада жараткан образдар жөнүндө кызыктуу аңгемелерди айтып берчү. Апамдын «Кар ханышасы» спектаклиндеги Ханышанын ролун аткарганы күнү бүгүнкүдөй эсибизде, спектаклди бир нече жолу кайталап көргөндөн тажабадык.

Апам эне катары, иним Канат экөөбүзгө мээримин төккөн, боорукер, жумшак, ички дүйнөсү таза аял эле. Апамдын жасаган тамактары абдан даамдуу болчу. Айрыкча лагманды колго сонун созчу. Ушу кезге чейин апамдын жасаган тамактарын дайым тамшануу менен эстейм. Ушакты сүйчү эмес. Боёнбой, жөнөкөй кийинчү. Апам менен театрга көп барып, жараткан образдарына көп ирет күбө болдум.

Боорукерлиги туурасында, театралдык студиянын ошондогу студенттеринин бири Турусбек Жумалиев айтып бергени эсимде. Бир күнү апамдын көзүнчө: «Абдан курсагыбыз ачты» – деп студенттер ич ара сүйлөшүп калышканын апам угуп, чөнтөгүндөгү

бүт акчасын берген экен. Ал кыйналгандарга жардамын аябаган. Апам барда негедир үйүбүзгө нур жаап тургандай сезилчү, көзү өткөн соң, жарык нур апам менен кошо кеткендей болду. Апамдын мүнөзү ачык, шайыр болгондуктан адамдардын такыр көңүлүн калтырчу эмес. Апам, атам иним экөөбүздүн жүрөгүбүздө, алар жөнүндө балдарыбызга дайыма айтып беребиз.

– Апаңдын чыгармачылыгына кандай баа бере аласың?

– Апам: «Театрсыз менде жашоо жок» – деп көп айтчу. Ролду берилип жаттап, образды эркин жана оңой ойногон, көп убактысын театрда өткөрдү. Апам менен театрга көп баргандыктан ар бир спектаклин көрчүмүн. Спектакль бүткөн соң киностудияга дубляжга барчубуз, мен уктап калганда Ашыр Чокубаев, Чоро Думанаев, Советбек Жумадыловдор сырткы кийимдерин чечип алдыма салып, үстүмө да жаап коюшчу. Таңкы саат төрттөрдө дубляж бүтүп, үйгө келчүбүз. Апамды элдер абдан баалачу. Театрда апам ойногон спектаклдер аншлаг менен өтүп, ар бир спектаклден кийин кучак толо гүл менен келчүбүз. Апамдын күйөрмандары, анын талантын сыйлагандар үйгө чейин узатып келатышып, апама ар түрдүү суроолорду беришип, жоопторуна канааттанышкан. Баламын да, кээде алардан апамды кызганып кетчүмүн. Апамдар үй-бүлөсү менен таланттуу инсандар, баарын сыйлаймын.

Учурдан пайдаланып, кыргыз элине ыраазычылыгымды билдирем. Апамдын дүйнөдөн көзү өткөнүнө 33 жыл толсо да, апам жөнүндө дайыма эскерип, жылуу сөздөрдү айтышат. Апамдын күйөрмандары «Таттыбүбүнүн кызы турбайсыңбы» дешип мага жылуу мамиле түзүшөт. Апамдын ушунчалык эл арасына бат сиңип, элдин сүймөнчүк актрисасына айланып калганына сыймыктанам. Арманым, Канат экөөбүздүн чайыбызды атам менен апамдын ичпей кеткени.

Асел апасынын эмгекчилдигин, чыгармачылыгындагы ийгиликтер жөн эле келип калбагандыгы тууралуу мектепте окуп жүргөн кезинде, апасынын көзү өткөн соң дил баян жазыптыр. Таттыбүбү эженин жаркын образын ачууда өбөлгө болоор деген илгери үмүттө, аны толугу менен жазылган тилинде китепке киргизип жатабыз.

Счастливым и красивым делает человека работа

Труд – это красота и счастье. Труд–это работа людей. Я бы хотела написать немного о своей маме, о ее работе.

Моя мама – Таттыбюбю Турсунбаева. Она Заслуженная артистка Киргизской ССР. И я ценю ее работу и думаю, что это звание она получила только за то, что, кроме таланта много упорно трудилась. Она хорошо училась, хорошо знала немецкий язык, русский, любила литературу.

«Театр – искусство жестокое, беспощадное. Не всех из первого отряда молодых артистов впереди ждут признание и слава, многим из них суждено остаться безымянными, но в том-то и заключается истинный коллективизм, чтобы через все невзгоды, обиды шагать и шагать вперед к общей цели – так говорил режиссер Ш.Шаршеев.

Моя мама, подобно своим соратникам, всю жизнь, начиная с юных лет, отдавала театру свой большой труд и талант.

Известность и признание не сразу пришли к моей маме. В 1960 году она поступила в Ташкентский театральный институт им. Островского. 1965 году окончила с отличием. Начиная со студенческой скамьи, она уже работала над произведениями великих классиков.

Пятнадцать лет она выступала на сцене театра, снималась в кинофильмах. Вот помню с детства; я всегда ходила с мамой к ней на работу, я видела, как она играла на сцене, я заметила, что зритель в театре мог или жить вместе с актрисой или глядя на сцену, любоваться тем, что там происходит. Тут можно сказать, мама умела трудиться. Она любила работать. Бывали такие дни, когда она даже не смыкала глаз, работая над своей ролью, и я спрашивала ее: – Мама, ты не устала, тебе не трудно, почему ты мучаешь так себя? Она мне отвечала: – Кто не работает, тот не знает истины в своей работе, я не устала, я люблю свою работу, я отдыхаю вместе с ней.

И все время она усиленно работала. И я начинала понимать, что работать – это нелегко. Я часто с мамой выезжала на сьемки и видела, как снимают фильмы. Бывали и такие случаи. Мама очень сильно болела, а надо было сниматься именно сейчас, в это время. Она знала, что надо было играть. Мама вставала и шла туда, где ее ждали. И в дождь и в снег всегда на рабочем месте была она, можно сказать на рабочем посту. И я удивлялась, откуда у нее столько силы, любви.

Мне очень запомнился незабываемый образ Уркуи Салиевой, который создала на экране моя мама, Таттыбюбю Турсунбаева.

Она играла во многих спектаклях. Ее роли в театре – это Королева в спектакле «Снежная королева» Е.Шварца, Шафак «В ночь лунного затмения» М.Карима, Джульетта «Ромео и Джульетта» В. Шекспира, Ло пе де Вега, Фелиьсяна «Учитель танцев» и.др. В кинофильмах «Самая послушная», «Ак Мёёр», «Материнское поле», «Поклонись огню», «Сюда прилетают лебеди», «Красное яблоко», «Процесс», «Эхо любви», «Солдатенок», «Золотая осень» и многих других.

Я вспоминаю маму в счастливый день премьеры. Она перед премьерой всегда волновалась. А после премьеры она приходила домой с большими букетами цветов, и почему-то в этот день более красивой и на ее лице видны были следы счастливых слез. Она настойчивым трудом шла к успеху. Ее любили все и считали самой красивой и счастливой в своей работе, потому что она умела работать. И зрители подчеркивают ее трудолюбие и талант. И я считаю, что действительно труд–это красота и счастье.

«Одаренность, прекрасные сценические данные позволили Т. Турсунбаевой в короткое время выйти в число ведущих театральных актрис республики»-так писал журналист Артюхов Олег Борисович.

Лучшее достижение киноактрисой – образ первой женщины председателя колхоза на юге республики Уркуи Салиевой в фильме «Поклонись огню»(1971) Т.Океева–писал Т.Абдумомунов (драматург).

Моя мама – член СК СССР с 1974 года.

И сейчас, когда смотрю фильмы с ее участием, мне кажется, что она жива и где-то рядом со мной. Я так хочу быть похожей на свою маму. Я хочу довести до конца её работы, которые она не закончила, хочу продолжить ее дело.

Асел апасынын жолун жолдоп, актрисалык кесипти тандап, кыргыз киносуна аз да болсо сиңирген эмгеги жөнүндө азыноолак сөз кылып өтүүнү туура көрдүк.

Ч.АЙТМАТОВ,
Кыргыз Эл Баатыры

«БЕГИМАЙДЫН ОБРАЗЫН ТАК ЭЛЕ АСЕЛ АТКАРГАНДАЙ ЭЛЕСТЕТИП ЖАЗГАМ...»

Асел дил баянында жазгандай апасынын жолун жолдоп, актрисалык кесипти тандап алды. Асел фильмдерге тартыла баштагандан, Таттыбүбү Турсунбаева жөнүндө басма сөз беттериндеги эскерүүлөр мурдагыдан арбып, «Таттыбүбүнүн кызы» дешип эл сүймөнчүлүк менен жылуу кабыл алышты. Тасмаларды көргөн эл Таттыбүбү эжени көргөндөй сүйүнүп, толкунданышып: «Таттыбүбүнүн кызы кудум эле өзүн тартыптыр кудая тобо, өмүрү энесине окшобосун, жакшылап барктап сактасак, эл үчүн кызы деле көп нерсени тартуулайт го» деген сөздөрдү айта башташты.

Таттыбүбү эже 16 жашында «Салиманын ыры» картинасында Салиманын ролун аткарып тартылса, кызы Асел 16 жашында алп жазуучу Чыңгыз Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» чыгармасы боюнча кинорежиссер Дооронбек Садырбаев тарткан «Махабат дастаны» фильминде Бегимайдын ролун аткарган. Тагдырдын тамашасын кара, ошентип энеси менен кызы 16 жаштарында кинотасмага түшүп, башкы ролдорду аткарышкан.

Асел мындан тышкары СССРдин Эл артисти Төлөмүш Океев тарткан «Махабат закымы» фильминде Алтынбүбүнүн ролун, кинорежиссер Мелис Убукеев жараткан «Улуу жомокчу» көркөмдөштүрүлгөн документалдуу фильминде Айчүрөктүн ролун аткарган. Аселдин кинодогу жараткан образдары кыргыз жана башка коңшу республикадагы гана эмес, чет өлкөлүк көрүүчүлөр тарабынан да жылуу кабыл алынып, жакшы пикирлер айтылып, басма сөз беттерине жарыяланып турган.

Таттыбүбү Турсунбаева жөнүндө улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдон интервью алып жаткан учурумда, кызы Асел Эшимбекова тууралуу да ой-пикирин сураганымда мындай деген: «Менин чыгармамдын негизинде тартылган «Махабат дастаны» фильминдеги жаш актрисабыз Асел Эшимбекованын Бегимайы, ошол фильмдин көркөмдүк күчүн арттырып, күчөтүп турат. Бегимайдын образын так эле Асел аткаргандай элестетип жазгам. Кинодогу Бегимай менен чыгармамдагы Бегимайдын образы дал келет. Илгерки көчтүн аркасынан кийинки көч көчкөндөй, Аселдин энесинин жолун жолдоп аттанып чыкканы таасирлүү окуя болуп олтурат. Бул жолду өзүнүн жан-дили менен бүт өмүрүн арнап улантуусу зарыл. Адам баласынын жашоосунда нечендеген тоскоолдуктар болуп, нечендеген кечмеликтерди, дабандарды ашууга туура келет. Ал үчүн туруктуулук, эрктүүлүк, күнүмдүк эмгек керек. Мурунку мезгилдин артисттерин азыркы артисттерге салыштырууга болбойт. Азыркы доордун артисттерине терең билим, жогорку деңгээл ар тараптуулук талап кылынат. Мүмкүн катары орус, англис, француз, немец тилдерин эркин сүйлөөгө жетишип, бардык жагынан жетилген адам болушу керек. Аселдин өзүнүн дилинде бар көрүнөт. Анын энесинин жолун токтотпой улантып алып баратканын кубаттайм. Эгер Асел азыркы доордун талабына ылайык бардык жагынан жетилген ар-



Белгилүү кинорежиссер Дооронбек Садырбаевдин «Махабат дастаны» тасмасында
Бегимайдын ролунда *Асел Эшимбекова*, 1983-ж.



Белгилүү кинорежиссер Т.Океевдин «Махабат закымы» тасмасында
Асел Эшимбекова Алтынбүбүнүн ролун аткарган, 1986-ж.

тистка болуп чыкса, келечекте кыргыз киносунда Бегимайдан сырткары дагы далай сонун образдарды жаратарына ишенем».

Эгер Асел апасы Таттыбүбүнүн жолун толук жолдогондо, улуу жазуучубуздун айткан тилегин ишке ашырмак. Эсимде, актриса жөнүндө кыргыз телекөрсөтүүсүнө атайын көрсөтүү даярдап жүргөнүмдө Аселдин сөзүн көрсөтүүнүн башында жана аягында коюу максатында жанында көп болууга туура келген. Ошондо ал мындай деген эле: «Кудай буйруса апамдын ишин улантып, анын сахнада жана кинодо аткарбай кеткен ролдорун мен жаратам. Апамдын жетпеген тилектерин мен келечекте иш жүзүнө ашырам» деген тилектерди айткан. Бирок тагдыр нугу анын турмушун жаңы багытка буруп кетти.

Таттыбүбү эже дүйнөдөн кетээрге аз калганда «балдарыман кабар алып, көз сала жүр» деген керээз сөзү такыр жадымдан кетпей, дайыма кулагыма жаңырып тура берчү. Эженин керээзин унутпай, кызы кинолорго тартыла баштагандагы даярдалган маегим, учурунда басма сөз беттерине жарыяланбай калгандыктан, ал маекти китепке толук киргиздим.

Эненин жолун жолдоп

(Жаш актриса Асел Эшимбекова менен маек)

– Асел, апаң Таттыбүбү эң биринчи картинасы болгон «Салиманын ыры» деген фильмге 16 жашында тартылган. Мына сенин да Чыңгыз Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» чыгармасынын негизинде кинорежиссер Дооронбек Садырбаев тарткан «Махабат дастаны» көркөм картинасында Бегимайдын ролун аткарышың 16 жашыңа туура келди. Бул фильмге кандайча тартылып калдың?

– Апамдын, менин 16 жашыбызда алгачкы фильмге тартылып калышыбыз биздин турмушубуздагы кокусунан болгон дал келүү жана эң кызыктуу жагдай деп эсептейм. «Махабат дастанына» 9-класста окуп жүрүп тартылдым. Мектептен келе жатсам, мени режиссердун ассистенти Эдик Чокубаев студияга ээрчитип барып, режиссер Дооронбек Садырбаевге көрсөттү. Ал фотопробадан өткөрүүнү Эдикке айтты. Кинопробадан өткөрүштү. Сыноодон өткөн соң, Бегимайдын ролуна жараганымды айтышты.

– Фильмге тартылып жаткан учурларыңда кандай кыйынчылыктарга туш болдуң?

– «Махабат дастаны» картинасындагы эң кыйналган эпизод, Раймалы аганы өрттөп жаткандагы эпизод болду. Анда турмуштагыдай ыйлоого туура келгени менен тартуу учурунда эч ыйлай албай жаттым. Ошондо фильмдин режиссеру Дооронбек Садырбаев, Орозбек Кутманалиев, Жамал Сейдакматова, Турсун Чокубаевалар апам Таттыбүбүнү эстетишти. Апам көз алдыма тартылып, токтоно албай шолоктоп ыйлап кирдим. Бул эпизод тартылып бүткөндөн кийин да мени эч кимиси токтото албай коюшту. Ушул кадр жакшы чыгып, тартуу аяктаганда баары мени куттуктап жатышты.

Бегимай менин сүйүктүү ролум. Ушул ролума карата мага ар кайсы жактан каттар келди. Ал каттарда баары эле Бегимайдын ролуна ыраазычылыктарын билдирип жазышкан.

– Кинодогу аткарган ролдоруң купулуңа толобу?

– Бегимайга ыраазымын. «Махабат закымы» фильминдеги аткарган ролум Алтынбүбүгө канааттанбайм. Айрыкча сүрөтчү аялдыкка алып кетип, даректын башындагы секичеге байлап койгондогу Алтынбүбүнүн мойнундагы тумарчага окшогон мончогун жулам деп жулкунуп ыйлаган жери мага көп жакпайт. Негедир Алтынбүбүнүн ролун жалган аткарып койгондой туя берем.

– Дагы кандай тасмаларга тартылдың?

– «Манас» эпосунун негизинде тартылып бүткөн «Улуу жомокчу» көркөм-публицистикалык фильмге тартылып, Айчүрөктүн ролун аткардым. Жакында бул картина элге көрсөтүлүп калса керек.

– Искусство жолун тандап алышыңа эмне себеп болду?

– Фильмдерге тартылып калгандан кийин, мен өзүмдөгү мугалимдикке караганда артисттик жөндөмдүүлүк күч экендигин байкадым да, Ленинграддагы Черкасов атындагы театр, музыка, кино институтунун актердук факультетине тапшырып кеттим. Азыр 1-курста окуп жатам. Бул биринчи себеби. Экинчиден, апамдын алдына койгон максаттарын иш жүзүнө ашырып, апам Таттыбүбүнүн кандай адам жана ким болгондугун жалпы коомчулукка таанытуу болгон.

– Өзүңдөн апаңдын кандай мүнөздөрүн жана окшоштуктарын байкайсың?

– «Таттыбүбүнүн кызы өзүнө окшош экен» – деп элдерден көп угам. «Махабат дастаны» фильминде Таттыбүбүгө аябай окшошуп калыптыр дешет. Бирок өзүмө көп байкала бербейт.

– Адамдардагы кайсы сапаттарды эң мыкты деп баалайсың?

– Акылдуулукту, анан мээрмандык менен акыйкаттыкты туу тутамын.

– Куруп берген маегиңе чоң рахмат. Окууңдун, чыгармачылык иштериңдин ийгиликтүү болушун каалайбыз.

(Маек 1991-ж. жазылып алынган.)



Асел Эшимбекова жана *Урмат Барктабасов* үй-бүлөсү менен.

Канатбек ЭШИМБЕКОВ

«АПАМ МЕНЕН АТАМ «САМАНЧЫНЫН ЖОЛУНДА» БИРГЕ ОЙНОГОН»

«Канатым болуп жүрсүн – деп, Канатбек койгом атыңды...» дегендей, Таттыбүбү эже менен Имаш агайдын уулу Канатбек Эшимбеков орто мектепти аяктап, атасынын кеңеши менен Скрябин атындагы айыл чарба институтуна тапшырып, 1-курсун аяктаганда аскерге кетип, милдетин аткарып келет. 2-курста бүт студенттер менен сакмалга барат. Сакмалдан келген соң, атасына мединститутка окууну кааларын билдирет. Атасы баласынын каалоосуна каршы чыкпай, адегенде мединститутун даярдоо курсун бүтүрүп, кийин өзү каалаган тиш адистик факультетин ийгиликтүү аяктайт. Заман өзгөрүлүп, жашоо оорлошо баштаган мезгилде эмерек жасоочу цех ачып, үзүрлүү иштетип жатат. Канатбек үлгүлүү үй-бүлөнүн бакыйган атасы. Өмүрлүк жубайы Айдай экөөнүн ортосунда чырактай болгон Адил, Жалил, Камил аттуу уулдары жана кызы Айбике бой жетүүдө. Айдай Кыргыз мамлекеттик университетинин экономика факультетинин банк бөлүмүн аяктап, банк системасында жемиштүү иштеп, азыр балдарын бапестеп үйдө. Канатбек менен жолугуп энеси жөнүндө маектешип, бир ирмемге жашып да алдык. Канатбек дагы апасындай боорукер, жумшак, бирөөгө жамандык каалабаган ак көңүл, сылык мүнөздүү.

Апам уктап жаткандай, сулуу болуп кеткен экен

– Апамдын өлүмү эжем Асел экөөбүзгө күтүлбөгөн окуя болду. Биз мектепте элек. «Экөөңөр бири-бириңерге жөлөк болуп жүрөсүңөр» – деп апам бизди бир класска берип койгон. Бир убакта, Иманмады таякем биздин класска баш багып, мугалимди чакырып кетти. Көз ирмемден соң мугалим кирип: «Таякеңер силерге келиптир, балдар, сумкаларыңарды алып үйүңөргө бара бергиле» – деди. Таякеми ээрчип үйгө келсек, эл толтура. Биринчи атам көзүмө чалдыкты. Таякем жолду катар унчуккан эмес. Апамдын каза болгондугун атам билдиргенде, апам жаткан бөлмөгө кирсек, апам уктагандай болуп, аябай сулуу болуп кеткен экен. Эжем экөөбүзгө апамдын дүйнөдөн кайтышы абдан оор тийди. Апам ошол күндөрү катуу ооруп, ооруканада жатчу. Ооруканага барганыбызда терезеден карап, бизге бажырайып күлгөн эле. Апамдын ошондогу бажырайып бизге эзиле мээримин төгүп күлгөнү бүгүнкү күнгө чейин жадымда. Ошол күлкүсү эч эсимден кетпейт. Апам экөөбүздүн маңдай тиштерибиз окшошуп кетет. Мүрзөгө алып бара жатканда атам мени апамдын жанына олтургузуп койгон. Ошол учурда меникине окшош тиштери көрүнүп, апам негедир жылмайып күлүп бараткандай туюлду мага. Ошол тиштери апамдын сулуулугуна ого бетер көрк кошуп турчу. Апамды жерге койгонго чейин бети ачык туруп, көмөөргө жакын жабышты. Апам бул дүйнөдөн күлүмсүрөгөн боюнча кете берди. Мен да апама ичимден: «Жаткан жериңиз жайлуу, топурагыңыз торко болсун, апа» – деп топурак таштадым. Апамы көрүстөнгө койгону көп адам барып, баары ыйлап жатышты. Менин да көзүмдөн жаш токтоболу.



Т.Турсунбаева уулу *Канатбек* менен.

Азыр жыл сайын Кеминдин Кегетисиндеги атамдын конушуна барып, туугандарды чогултуп, эжем Аселдин, менин бала-чакам менен атам жана апама кан чыгарып, куран окутуп турабыз. Биз муну салтка айландырып алганбыз.

Апамдын лагманын жеген адамдын таңдайынан даамы кетчү эмес

Эжем экөөбүздүн апам, атам менен бирге өткөргөн күндөрүбүз эң бактылуу ирмемдерден болуптур. Апам манты, лагман, палоону таңдайың такылдагандай даамдуу жасачу. Айрыкча лагманды жакшы чойчу. Эжем экөөбүз даяр камырларды чоюшуп апама жардамдашчубуз. Апамдын лагманын жеген адамдын таңдайынан даамы кетчү эмес. Атам экөө иштен кеч келип калган учурларда, эжем экөөбүз былтыйтып ботко жасап койчубуз. Ал боткобузду апам менен атам мактап жеп алышканда, мактоосуна мардайчубуз. Алар бирин бири жакшы көрүшкөнүн балалык туюм менен сезчүбүз. Тагдыр экен, кийинчерээк экөө ажырашып кетишти. Ажырашкан жылы мен атам менен кеттим. Кийинчерээк көбүнчө апам менен болдум. Бирок ага карабай атам бизден кабар алганы келген учурларда апам, атам, эжем болуп баарыбыз бирге тамактанып сүйлөшүп олтура берчүбүз. Мени өз атымдан айтпай эркелетип: «Канчо» – деп койчу апам. Бизди жан дүйнөсүн төшөп, жакшы карап, биз менен жаш баладай ойночу. Биз дегенде «Ичкен ашын жерге коё» чуркап, энелик таза сезим, терең мээримин төгүп, эжем экөөбүз энебиздин чексиз сүйүүсүнүн толкунуна чөмүлүп, бактылуу балалыгыбызды өткөрдүк. Аттигиниң, азыр тирүү болгондо Асел эжем экөөбүздүн балдарыбызды эркелетип, балпайган чоң эне, чоң ата, таэне жана таята болуп олтурушмак экен ыраматылык апам менен атам. Бир кем дүйнө деген ушул белем, эми экөөнүн тең арбагы ыраазы болсун!

Апабыз театрга, кино өнөрүнө жоопкерчилик менен кароочу

Апам ушунчалык мээнеткеч жан эле. Мээнеткечтигин ушундан көрүңүз, ал бизди кароо менен бирге чыгармачылыгын бирдей алып кетчү. Кичинекейибизде бала-бакча театрдын жанында болгондуктан, алып чыгып грим бөлмөсүнө олтургузуп койчу. Спектакль бүткүчө олтуруп, бирге үйгө кетчүбүз.

Апам созолонтуп ырдап бергенди жакшы көрчү, үнү кооз жана уккулуктуу болгондуктан, мукам үнүн балалык баёо дүйнөм менен кайра-кайра уккум келе берчү. Апабыз театрга, кино өнөрүнө, жалпы өнөргө жогорку жоопкерчилик менен карачу. Ага берилген ролдордогу сөздөрдү жаттап жатканын көрүп таң калчумун, апам тигил же бул каармандын ролуна берилүү менен кирип, кээде айлана-чөйрөсүндө эмне болуп жаткандыгын байкабай калчу. Ролдорунун сөздөрүн жаттап чарчаган учурда, эжекем экөөбүз менен ар кандай кызыктуу оюндарды ойноп, биз менен кошулуп жаш балага айланчу да, калчу.

Мен дагы Уркуя Салиеванын балдарынын бири катары киного түшүп калганмын

Апам театр жана киностудия менен гастролдорго көп чыкчу. Ошондой учурларда бизди кошо алып жүрчү. Төлөмүш Океев агабыз жараткан «Отко таазим» тасмасына тартылып жүргөндө мени ала кетип, ошол тасмага мен дагы Уркуя Салиеванын балдарынын бири катары түшүп калганмын. Эжемди таэнемдикине таштаса керек эле ошондо. Ошентип тагдырдын буйругу экен апам менен кошо бир фильмге чогуу тартылып калдым. Мен фильмге тартылганды жактырчу эмесмин, эжекем Асел киного түшкөндү аябай каалоочу. «Жаштын тилегин берет» дегендей, эжекем каалоосуна жетип, бир нече фильмдерге тартылды. Апам көзү өткөн соң бизди атам карап калды. Үйдө домбура, комуз илинип турчу, атам кээде домбураны, кээде комузду өзү билген күүлөргө салып ойлонуп олтура берчү. Биз апамды эстеп жаткандыгын сезчүбүз. «Эгер апаңар артист болбосо, баарыбыз бирге болоор элек. Артисттик кесип эң татаал кесиптердин бири экен. Ошондуктан балдарым, силер артисттик кесипти тандабай эле койгула» – деп көп жолу өзүнүн аталык кеңешин берчү. Тилекке каршы, эжем Аселдин киного тартылууга эңсөөсү күч болуп, атамдын каршылыгына карабай, көктүгүнө салып Ленинграддан кинонун окуусун бүтүп келип, 3–4 фильмге тартылып калды. «Мезгил бардыгына дары» дегендей, эжекем азыркы кезде атамдын берген кеңешинин тууралыгын айтып калат.

Аппак кийинген апамдын басып келип, менин жаныма олтурганын көрдүм

Мединститутун 1-курсунда окуп жүргөн кезим. Ошондо атама көп студенттер кечкисин иштээрин, мен да окуудан сырт иштегим келээрин айттым. Атамдын жардамы менен күзөтчүлүккө ишке орноштум, 2 күндө бир күзөткө турам. Бир күнү ошо күзөттө туруп, түндүн бир оокумунда керебетке кыйшайып жатып, үргүлөп кетиптирмин. Аппак кийинген апамдын басып келип, менин жаныма олтурганын көрдүм. Апам мени көпкө тигилип карап, бетимден сылагандай болду. Мен да апамдан көзүмдү албай карап тура бердим. Акырын ордунан турду да, басып кетти. Түшүмдө же өңүмдө көргөнүмдү билбей калдым. Апам ошол эле жаш кезиндегидей экен. Ордуман ыргып туруп апама куран түшүрдүм. Апам менен атам азыр тирүү болгондо эжекем экөөбүздүн сыйыбызды көрүп, неберелерин жыттап сүйүнүшмөк экен. Бирок биз дайыма балдарыбызга атам жана апам жөнүндө айтып турабыз. «Саманчынын жолу» фильминде кичинекей эпизоддо жаш Толгонай күйөөсү экөө чөптүн үстүндө сүйлөшүп жатканы көрсөтүлөт. Ошондо атам Толгонайдын күйөөсүнүн жаштык кезин аткарса, апам Толгонайдын жаштыгын ойногон. Телевизордон «Саманчынын жолу» болгондо эле ошол эпизодду балдарыма: «Мына чоң ата, чоң энеңер» – деп көрсөтө берем. Балдарым да бул фильм



«Саманчынын жолу» (реж. Г. Базаров) тасмасында
жаш Толгонай менен жаш Субанкулдун ролунда
Таттыбүбү Турсунбаева жана *Имаш Эшимбеков*, 1967-ж.

көрсөтүлгөндө: «Чоң атам, чоң апам» – деп берилүү менен бул кичинекей эпизодду карап калышат. Кудайдын кудуретине таң бересиң, ыраматылык ата-энем небере көрбөй кете бергени менен ошол тасмадагы ролдорун неберелери көрүп жүрсүн деп белек кылып таштап кеткендей туюла берет мага. «Эми арбактарыңар ыраазы болсун, ата-апа!» – деп айтаар элем.

«Таттыбүбү Турсунбаева жашаган үй» – деп мемориалдык такта орнотуп койдук

Асел эжем экөөбүз Логвиненко көчөсүндөгү биз жашаган үйгө: «Таттыбүбү Турсунбаева жашаган үй» – деп мемориалдык такта орнотуп койдук. Апам менен атамды эч убакта ажыратып карай албайм, себеби булар эжекем экөөбүздү бу дүйнөгө алып келген адамдар. Атам менен апам биз үчүн эң улуу, эң ыйык, эң сыйлуу адамдар. Ошондуктан биз апам менен атамдын кыргыз театр жана киноискусствосунун өнүгүшүнө аз да болсо салымдарын кошуп кеткенине абдан сыймыктанабыз.



Канат Эшимбеков өмүрлүк жары *Айдай* экөө *Адил, Жалил, Камил* аттуу уулдардын жана кызы *Айбикенин* сүйүктүү ата-энеси.

V БӨЛҮМ

ТАТТЫБҮБҮ ТУРСУНБАЕВАНЫН ТЕАТР САХНАСЫНДА ЖАРАТКАН ОБРАЗДАРЫ

Таттыбүбү Турсунбаева эмгек жолун Ташкенттеги А.Н.Островский атындагы театралдык жана сүрөтчүлүк институтун аяктап келген 1966-жылы Эмгек Кызыл Туу ордендүү кыргыз драма театрынан баштайт. Ал театр сахнасында түрдүү мүнөз, психологиядагы образдарды жаратып, кыргыз көрөрмандарынын сүймөнчүлүгүнө ээ болду.

Таттыбүбүнүн эмгеги бааланбай, сыйлык берилбей калган күндө деле Е. Шварцтын «Кар ханышасында» Ханышанын, У.Шекспирдин «Азоого чалмасында» Бьянканын, «Ромео менен Жульеттасында» Жульеттанын, К.Маликовдун «Осмонкул» тарыхый драмасында Бүбүнүн, «Бийик жерде» чыгармасында Чолпондун, А.Токомбаевдин «Өлбөстүн үрөнү» спектаклинде Төрөкандын, Токтоболот Абдумомуновдун «Жыгылган оогонго күлөт» чыгармасында Гүлмайранын, «Малике» спектаклинде Маликенин, «Машырбек үйлөнөт» спектаклинде Зулайданын, А.Макаеноктун «Трибунал» спектаклинде Надянын, Ш.Садыбакасовдун «Ак боз ат» спектаклинде Лайлумдун, Мустай Каримдин «Ай тутулган түндө» спектаклиндеги Шафактын, А.Салынскийдин «Мария» чыгармасында Мариянын, Мар Байжиевдин «Байыркы жомогунда» Зулайканын, Ч.Айтматов менен К.Мухамеджановдун «Фудзьямадагы кадыр түн» спектаклинде Анвардын, «Кызыл жоолук жалжалым» спектаклинде Аселдин, Мар Байжиевдин «Ар бир үйдө майрамында» Мадинанын, Г. Лорканын «Бернарда Альбанын үйү» спектаклинде Амелиянын, К. Мамбетакуновдун «Омар Хаямдын махабаты» спектаклинде Элпинин, Лопе де Веганын «Бий мугалими» спектаклинде Фелисьянанын ролдорун театр сахнасында эң жогорку деңгээлде аткаруу менен элдин эсинде калды.

Таттыбүбү Турсунбаева театр сахнасында жараткан образдары жөнүндө ошол кездеги маалымат каражаттарында белгилүү журналисттер, театр сынчылары тарабынан жазылган макалаларда, изилдөөлөрдө аз да болсо саз берилгенине мезгил күбө. Анда, кеп кезеги ошондой макала, изилдөө жана маектерде болсун.

Эсенбай КАЛДАРОВ,
журналист, театр изилдөөчү

«Изденүү сапарындагы актриса»

Жаштыгында алоолонгон таланты менен бир ордунда турбай изденүү чабытында жүргөн Таттыбүбүнүн театрдагы ишмердүүлүгү башка актерлорго салыштырмалуу караганда өз алдынчалыкка ээ. Анын азыр түзгөн образдарын карап олтуруп, өзүнчө бир образдар галереясына туш болобуз. Театрдагы аткарган ролдору мейли, кандай гана ампулада болбосун өз бийиктигине жеткен деп айтууга толук негиз бар. Мисалы, Т.Абдумомуновдун «Маликасындагы» Малика, М.Байжиевдин «Ар бир үйдө майрам» спектаклиндеги Мадинанын образдары буга күбө. Турсунбаеванын аткаруусундагы Мадина канчалык жаракөр болсо дагы ага баары бир терең ой-жүгүртүү, келечектин тагдырын таразалап кароо жетишпейт. Ошол үчүн ал Сарманды үйүнөн чыгарып жиберүүгө чейин барды. Анын ак, таза жүрөгүнүн согушун тыңшабады. Кыскасы, бул образдын алкагындагы контрасттуулук жаш актрисанын чебер аткаруусунда таасын көрүнөт. Мында актриса чыныгы турмуштагыдай жашап, сахнада ишенимдүү ойнойт. Таттыбүбүнүн каармандарынын кулк-мүнөздөрүн, мамилелерин карап отурсаңыз, бирине бири түк окшобойт. Эгер кандай гана актер болбосун, бир ампуладагы образдарды жарата берсе, ал сөзсүз акыры барып өзүн өзү тууроого өтүп, анан анын изденүүсү шаблондуулукка айланышы мүмкүн. Муну жакшы түшүнгөн Таттыбүбү түрдүү мүнөздөгү образдарды түрдүүчө ыкмалар, изденүүлөр менен түзүп келүүдө. Ошондой эле анын чыгармачылыгындагы бир өзгөчөлүк – көркөм образга болгон жаңыча мамилеси, башкача айтканда, буга чейин ушул эле ролду аткарып келген актерлордон айырмаланып өз алдынчалыкка ээ боло алат. Мында ал башкалардын тажрыйбаларына таянуу менен образдын тереңинен жаңы кырларды табууга аракеттенет. Мурдагылардын тапталган изине түшүп жүрүп олтурбастан, өзүнчө из салууга далалат кылат. Жаш артистканын мындай аракети өз жемишин берип келе жаткандыгын жалпы журтубуз жакшы билет.

Дайыма изденүү сапарында жүргөн Таттыбүбү образдан образга чеберчилигин арттырып, бүгүнкү күндүн каармандарынын ички дүйнөсүн ачууга болгон аракети учурдун талабына шайкеш бараткандыгын көрөбүз.

«Ленинчил Жаш» гезити, 1976-жыл, 7-декабрь, №144.

Сарман АСАНБЕКОВ,
театр изилдөөчү

«Зулайка Т. Турсунбаеванын аткаруусунда назик да, чечкиндүү да...»

«...Байыркы жомок» спектаклиндеги Зулайка Т. Турсунбаеванын аткаруусунда назик да, чечкиндүү да. Өзгөчө актрисанын Кожожашка жолугушуусундагы бир эле учурда коркуу, кубануу, таң калуу сезимдери, ордонун ичинде анын күйгүлтүккө түшүшүндө табылган сырткы боёкторго сараң. Бирок орду-орду менен табылган ички амалга туура келген сырткы кыймыл-аракеттер ажарлуу...

«...Таттыбүбү Турсунбаеванын сахнадагы жарашыктуу баскан-турганы, актрисанын көрк-келбетине айкалышып, адамды өзүнө тартып турган...»

(Театр сынчысы Жаныш КУЛМАНБЕТОВ менен болгон маек)

– Таттыбүбү эженин театрдагы ойногон ролдору жөнүндө изилдеп жүргөн сынчы катары Сиздин пикириңиз, ой-толгоолоруңуз окурмандар үчүн да кызыктуу болооруна ишенип Сизге кайрылдык.

– Мен Ташкенттеги театралдык институтта окуганга чейин Кыргыз драма театрында жарык коюучу болуп эмгектенгем. Таттыбүбү эже ойногон «Байыркы жомок», «Ай тутулган түндө», «Ак боз ат», «Азоого чалма», «Кар ханышасы», «Трибунал», «Бий мугалими» «Фудзьямадагы кадыр түн», «Омар Хаямдын махабаты» «Ромео менен Жульетта», «Отелло», «Ар бир үйдө майрам» спектаклдерине жарык коюп, көрүп калдым.

Шатман Садыбакасовдун «Ак боз ат» пьесасын театр режиссеру Жалил Абдыкадыров койгон. Режиссер спектаклдеги калмак ханынын кызы Лайлумдун образын жаратууга Таттыбүбү Турсунбаеваны эң туура тандаган. Актриса тарабынан Лайлумдун образы мыкты ачылган. Лайлум баатыр кыз, баатырдык дух бар. Духу күчтүү, эркин майтарылбаган, курч мүнөздүү ролду ойногон. Бул душмандын кызы да. Муну жек көрүү керек эле. Тескерисинче, актрисада көрүүчүлөрдү өзүнө тарта турган касиети бар. Таттыбүбүнүн Лайлумун көрүүчүлөр жек көрбөй көрүштү. Анын сахнадагы жарашыктуу баскан-турганы, актрисанын көрк-келбетине айкалышып, адамды өзүнө тартып турган. Калмак ханы Чарындын кол башчыларынын бири – Шамур. Шамур Чарындын убадасын алып, хандыктын жарымына ээ болууну көксөгөн, башчысына жагыш үчүн далай бейкүнөө адамдардын канын төккөн. Көрүүчүлөр Лайлум митаамдыгы жанда жок, жүзү каралыгы чектен чыккан Шамурду бир шилтеп гана жайлаганына, анын алыстан бычак саюу өнөрүнө куштарланышып, бир чети ичтеринен ыраазы болушчу. Бул акт бейкүнөө элдин бекерден-бекер төгүлгөн канынын куну катары таасир берчү. Таттыбүбүнүн кейипкери эркин темирдей бекем. Аны эч ким сындыра да, мокото да албайт. Чаап алган элинин, жеринин «жумшактан күлүн, катуудан казанын» гана калтыруга көнгөн, катаал мүнөз, канкор атасы Чарындын да эркине баш ийбеген, өзүнүн чындыгы үчүн жалтанбай күрөшкөн адам. Шайдоот, жеңил шартылдай баскан, шыңга бойлуу, эр жигиттерче кийинген, караганы тик, бычак шилтесе душманынын как жүрөгүнө кадаган калмак ханынын кызы Лайлумдун образы Таттыбүбүнүн театр сахнасында жаратып кеткен эң мыкты иштеринин бири. Режиссер Жалил Абдыкадыров бул ролду берүү менен бирге актрисанын дараметин толук ачып бере алган.

Актрисанын «Ромео менен Жульеттадагы» ойногон ролу Жульетта. Таттыбүбү ушул кездерде жашы 28ге келип калганына карабай 14–15 жаштагы Жульеттанын образын ачып берген. Бул образды жаратып жатып актрисанын назиктиги, ички аруулугу, сырткы сулуулугу, жаш куректын сулуулугу абдан ачылып көрүнгөн. Бул образды жаратууда дизгармония жок эле. Ромеону жолдошу Имаш Эшимбеков ойногон. Ал да бул образды өз деңгээлинде ачып бере алган.

1974-жылдары театр режиссеру Офелия Эркинбаева А.Салынскийдин «Мария» чыгармасын сахналаштырган. Анда режиссер актрисага Мариянын ролун берет. Мен анда жарык берүүчү элем. Спектаклдин сөздөрү мага жат эле. Мария советтик учурдагы жетекчи. Бул, биринчиден. Экинчиден, ички табияты, көз карашы боюнча бизге жакындабайт. Өзгөчө бул интелигенттүү образ эле. Мариянын образы актриса тарабынан эң жеткиликтүү түзүлгөн. Ал Мариянын образын абдан жакшы ачып бере алган. Мария менен Уркуянын образы үндөшүп кетет. Экөө тең жетекчи аялдар. Уркуя борбордон келе жатканда абдан интелигенттүү көрүнгөн. Таттыбүбү ички дүйнөсүнүн түзүлүшү боюнча Марияга жуурулушуп кеткен.

Актрисанын жандүйнөсүнүн драмасы ачык көрүнгөн «Ай тутулган түндө» спектаклинде Шафак болчу. Биз Таттыбүбүнү лирикалык актриса катары карайбыз. Бирок драмалык табити да күчтүү болгон. Ошондуктан драмалык касиети башкыр драматургу Мустай Каримдин «Ай тутулган түндө» спектаклиндеги Шафактын ролун жаратууда ачык көрүнгөн. Аскерге кетип, кайтпай калган сүйүктүү күйөөсүнөн ажырап жалгыздыктын азабын тартып, кайгы-муңга баткан Шафактын образын актриса өз деңгээлинде ачып бере алган. Актриса Шафакта талкаланган тагдырды, жыйналбай калган бактысыздыкты ойноду. Сахнада жашоонун жыргалынан үмүтүн үзгөн, өңү жездей саргайып, чеккен азабын ичине катып жүрүп сөлөкөтү эле калган аялзатынын турпаты көз алдыбызда турчу. Ушундан улам спектаклдин финалында Шафактын ээн талаа, эрме чөлгө өз ыктыяры менен кетиши бул жашоодон ансыз да кутула тажаган аялзаты үчүн азап менен тозоктон кутулуунун бирден бир жолу сыяктуу туюлчу. Шафак актриса тарабынан көрүүчүлөрдүн купулуна толоорлук деңгээлде иштелип чыккан драмалык образ болуп эсептелинет. Бул чыгарманы режиссер Бообек Ибраев сахналаштырган.

Мага эң катуу таасир берген образдардын бири – Кар ханышасы. Бул учурунда жаш балдардын эң сүйүктүү спектакли болгон. 1966-жылы Ташкентте окуган кыргыз студенттери дипломдук спектаклдеринин бирине Е. Шварцтын «Кар ханышасы» (Г.Х.Андерсендин «Кар ханышасы» аттуу жомогунун негизинде жазылган пьеса) жомок-драмасын тандап алышкан. Бул оюн Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрынын сахнасында он жыл такай көрсөтүлүп, айрыкча кичинекей көрүүчүлөрдүн кубанычын дайыма арттырып, көңүл кушун көтөрүп келди. Балдар үчүн көрсөтүлгөн жекшембилик спектаклдердин ичинен ушунчалык өмүрү узун да, такай коюлуп, кичинекейлердин наристе аң-сезиминин калыптанышына күчтүү таасир берген мындан башка бир спектаклди алигиче билбеймин да, КырМАДТтын сахнасынан кездештире элекмин. Театрдын кереметтүү дүйнөсүнө жаш балдарды аралаштырып, ажайып өнөрдүн сырларын ачууда бул оюн баа жеткис роль ойноду.

Бул спектаклдин көркү Таттыбүбү менен Сүйүнбек Бийназаров эле. Кар ханышасы – Турсунбаева, Король – Бийназаров кимдин гана эсинде калган жок. Спектаклдин антрагында, айрыкча кичинекейлер ушул эки артисттин фоедеги фотопортреттеринин алдында топурашып, алган таасирлерин айтып түгөтө алышпай турушар эле. Эгерде С.Бийназаровдун Королу кебетеси келишкен күлкүлүү, бала кыял, алаңгазар болсо, тескерисинче, Таттыбүбүнүн Кар ханышасын бөбөктөр жүрөктөрүн болкулдатышпай көрө алышчу эмес. Бизге тааныш, эл оозунда айтылып жүргөн анын бала кыялдыгы, мүнөзүнүн жумшактыгы бул образдан кенедей да баамдалчу эмес. Сулуулугу да коркунучтуу болчу. Кардай аппак, муздай болуп мелтиреп жүрөктүн үшүн алган мерес, жансыз сулуулукту сүйүүгө кимдин

дити даайт. Грим, кийим, жарык сыяктуу техникалык атрибуттар кошумча гана түр киргизип турчу. Ал эми жүрөктүн үшүн алган муздай болгон көрүнүштүн сыры актрисанын талант дараметинин натыйжасы болчу. Ички кудреттин күчү эле.

Чоң энеси менен эч нерседен капары жок жашашкан Кей менен Герданын үйүнө капысынан келип кеткен жамандыктын жышаанынан кийин, эмеле жайнап турган розалардын солуй түшкөнү – жакшылыктын белгиси эмес болучу. Капысынан үйдүн эшиги шарт ачылып, адамды ичиркенткен ызгаар аяз бөлмөгө шуулдап кирип келет. Бөлмө күңүрттөнө түшүп, жарык болгондо үйдүн бир капшытында музоонукундай узун кирпиктери, муздай болгон жүзү, шыңга бойлуу, бир караганда адамдын жүрөгүн болк эттирип, сестентип жиберген аялды–Кар ханышасын көрөбүз. Эгерде ага чейин жамандыктын жышааны гана сезилсе, эми анын накта өзү турганынан эч кандай күмөн саноого болбойт эле. Үрөй учурган, тулку бою жалаң гана муздан бүткөндөй таасир калтырган бул аялда актрисанын бизге тааныш мүнөзүнөн кенедей да белги жок болчу. Актриса сулуулугу муздай, жансыз «өлүү» мүнөздөөгө толук жооп бергидей формада жана мазмунда көрүнгөн. Сулуулугу менен эмес, таланттуу жараткан образы менен көрүүчүлөрдүн жүрөгүнөн түнөк тапкан.

Кар ханышасынын үнү да кандайдыр бир адамдын үшүн алган мистикалык түскө ээ болуп, кыймылсыз каткан муздай өңүнө жансыз тоңуп калган көздөрүнө ого бетер коркунучтуулук тартуулап турчу. Лайлумдагы эркин күчтүүлүк – Кар ханышасында андан бетер күчтүү эле. Муздай болгон сулуунун ызгаардуу көз карашына жан бүткөндүн баары эле туруштук бере албоочудай касиетке ээ болгон. Актрисанын жашоо-турмуштагы келбетине келбет кошуп, сулуулугунун ажарын ачып турган сүйкүмдүү, аруусу айрыкча төгүлгөн көздөрү, образга жараша мына ушундай метаморфозага ээ болгон. Демейде адамдык сын мүчөсүнүн, ажарынын ажайыптыгы менен туткундап алуучу актрисанын ушул касиеттери дароо эле башка маани-маңызга өтүп, муздай мелтиреген сулуулугу менен балдарды гана эмес, кандай гана адамды болбосун аны тик багып, өйдө карай алгыстай, төбөсүнөн басып тургандай сезилчү. Ошондой күчкө ээ болчу.

Таттыбүбү театрдын лирикалык актрисасы катары каралчу. Ак сөөк, интеллигент актриса катары Бакен Кыдыкеева айтылчу. Андан кийинки эле Таттыбүбү Турсунбаева болуп эсептелет. Бирок Таттыбүбүгө окшош лирикалык актриса ушу кезге чейин кездеше элек. Актрисада чыныгы, табигый лиризм болгон. Драмалык лиризм да Таттыбүбүгө чейин болгон эмес, азыр деле жок. Таттыбүбүдөй актриса ушу кезге чейин чыга элек. Канча спектаклдерди көрбөйүн, мындай актрисаны кездештире элекмин. Актрисанын терс каармандарды ойногонун көрбөдүм. Терс каарманды ойной алат беле, мен аны айта албайм. Лирикалык кудурети күчтүү болсо, терс каарманды кантип ойной алат эле. Мисалы, Кар ханышасын такыр жек көрө албайсың. Ал жек көрүүчү ролду ойносо да, көрүүчүдө Таттыбүбүнү жакшы көрүү табияты болгон. Баары бир анын оң жактары көрүнүп кала берчү. Таттыбүбү Турсунбаева өзүнүн сахнадагы жараткан образдары аркылуу кыргыз театрынын өнүгүшүнө бир топ салымын кошуп кете алды.

– Баарлашуунузга чоң ырахмат, аман болуңуз.

Маектешкен **Ракыя ЖУСУПОВА**,
2014-жылдын декабры.

Т.ТУРСУНБАЕВАНЫН ТЕАТРДА ЖАРАТКАН ОБРАЗДАРЫ



Казак элинин «Бали-бали кыздар ай» комедиясында,
башкы кааpман Айсулуунун ролунда. Бул дипломдук спектакли болгон, 1966-ж.



Е.Шварцтын «Кар ханышасы» спектаклинде,
Кар ханышасы – *Т.Турсунбаева*, Кей – *Р.Абдыбачаева* 1966-ж.



У.Шекспир «Азоого чалма» спектакли. Бьянка – *Т.Турсунбаева*.
Фрунзе ш., 1966-ж.



К.Маликовдун «Осмонкул» спектаклинен бир көрүнүш.
Бүбү – *Т.Турсунбаева*. 1969-ж.



Драматург Т.Абдумомуновдун «Жыгылган оогонго күлөт» спектаклинен.
Гүлмайрам – *Т.Турсунбаева*, Атабаев – *А.Умуралиев*. 1969-ж.



Драматург К.Маликовдун «Бийик жерде» спектаклинен бир көрүнүш.
Чолпон – *Т.Турсунбаева*, Бектемир – *Ж.Козукеев*. Фрунзе ш., 1972-ж.



Драматург Токтоболот Абдумомуновдун «Малика» спектаклинен.
Малика – *Т.Турсунбаева*. Фрунзе ш., 1976-ж.



Драматург Т.Абдумомуновдун «Малика» спектаклинен бир көрүнүш.
Малика – *Т.Турсунбаева*, Шамен – *Б.Бейшеналиев*. Фрунзе ш., 1976-ж.



Г.Лорка «Бернарда Альбанын үйү» спектаклинен.
Амелия – *Т.Турсунбаева*. Фрунзе ш., 1977-ж.



Драматург М.Байжиевдин «Ар бир үйдө майрам» спектаклинен
бир көрүнүш. Мадина – *Т.Турсунбаева*, Азат Султанович – *А.Кыдырназаров.*
Фрунзе ш., 1977-ж.

Драматург М.Байжиевдин «Ар бир үйдө майрам» спектаклинен бир көрүнүш. Мадина – *Т.Турсунбаева*. Фрунзе ш., 1977-ж.



Драматург Т. Абдумомуновдун «Машырбек үйлөнөт» спектаклинен бир көрүнүш. Зудайда – *Т.Турсунбаева*. Машырбек – *Сүйүнбек Бийназаров*.



Драматург М.Байжиевдин «Ар бир үйдө майрам» спектаклинен бир көрүнүш. Мадина – *Т.Турсунбаева*. Фрунзе ш., 1977-ж.



Драматург Токтоболот Абдумомуновдун «Машырбек үйлөнөт» спектаклинен бир көрүнүш. Зулайда – *Т.Турсунбаева.* Фрунзе ш., 1979-ж.





Испан драматургу Лопе де Веганын «Бий мугалими» спектаклинен.
Фелисьяна – *Т.Турсунбаева.* Фрунзе ш., 1981-ж.



Испан драматургу Лопе де Веганын «Бий мугалими» спектаклинен.
Фелисьяна – *Т.Турсунбаева* (ондо). Фрунзе ш., 1981-ж.



Драматург К.Мамбетакунов «Омар Хаямдын махабаты» спектаклинен бир көрүнүш. Элпи – *Т.Турсунбаева*. Фрунзе ш., 1981-ж.



ТАТТЫБҮБҮ ТУРСУНБАЕВАНЫН КИНОДОГУ АТКАРГАН РОЛДОРУ

Таттыбүбү Турсунбаева кино жаатында да көрүүчүлөрдүн купулуна толгон көптөгөн образдары аркылуу кыргыз киносунун өнүгүшүнө бир топ салым кошо алды. Таттыбүбү эженин ойногон ролдору эч кимди кайдигер калтырбай, ушу кезге чейин ал тартылган фильмдерин эл тамшануу менен көрүшөт.

Актриса өзүнүн жашап өткөн кыска өмүрүндө «Салиманын ыры» фильминде Салиманын, «Тил алчаак кыз» көркөм тасмасында Айзаданын, «Саманчынын жолу» тасмасында жаш Толгонайдын, «Ак Мөөр» телефильминде Ак Мөөрдүн, «Отко таазим» көркөм тасмасында Уркуянын, «Ак куулар конгон Айдың-Көл» тасмасында Зейнептин, «Атадан калган туяк» тасмасында Жээнгүлдүн, «Сүйүү жаңырыгы» көркөм тасмасында Асиянын, «Кызыл алма» тасмасында Бейтааныш кыздын, «Процесс» киносунда адвокаттын эжеси Зулайканын, «Арман» телефильминде, «Июлдагы үч күн» жана «Коңур күз» тасмаларында эпизоддук ролдорду ойногон. Ушул аталган тасмалардагы ролдордун чоң-кичинесине карабай актриса жогорку деңгээлде, чегине жеткире аткарууга жетишкен. Ал тартылган тасмалардагы жараткан образдар башкалардан өзгөчөлөнүп, жаратылыш берген сулуулугу менен таланты кайсы гана образ болбосун ажарын ачып, көрүүчүнү өзүнө тартып турат.

Таттыбүбү Турсунбаеванын кинодогу эң алгачкы чоң ролдорунун бири «Ак Мөөр» көркөм фильминдеги акылдуу десең акылдуу, сулуу десең сулуу Ак Мөөрдүн образы. Тасмадагы Ак Мөөрдүн образынан XIX кылымдагы өз тагдырларына өздөрү ээ болбогон кыргыз кыздарынын оор, кейиштүү жашоолорун көрө алабыз. Актриса бул фильмде өз сүйүүсү үчүн күрөшкөн, бирок ошол замандын заңына аргасыздан баш ийген кейипкердин образын жаратат. Ал заманда кыздардын тагдыры башка адамдардын колу менен калчалып түзүлүп калчу. Ак Мөөр ошондой кыздардын бири эле. Тасмада Ак Мөөрдүн өз калыңын өзү бычкан жерин актриса ийине келтирип ойногон. Андагы Ак Мөөрдүн сөздү куюлуштура так, таамай сүйлөгөнү анын чечендигин жана акылдуулугун чагылдырып турат. Ак Мөөр акылдуулугуна карабай өз тагдырына өзү ээ эмес. Ак Мөөрдүн образын актриса чеберчилик менен ачып бере алган. «Ак Мөөр» тасмасын кыргыз көрүүчүлөрү тамшануу менен ушу кезге чейин көрүшөт. Биринчиден, бул картинада кыргыз элинин өткөн тарыхы чагылдырылса, экинчиден Таттыбүбү Турсунбаева өзүнүн сулуулугу менен таланты аркылуу Ак Мөөрдүн образын эң жогорку деңгээлде ачып, көрүүчүлөрдү магниттей тартып турат.

– Ак Мөөрдү аткарган жылдарым мен али жаш, уяң, тартынчаак кезим экен. Өзүмчө мындай чоң ролду ала элек болчумун, сүрдөгөнүмө режиссерлор караган жок. Кайрат беришип, менин ишенимимди бекемдешти. Акыры бул чоң ролду колго алып, эл алдына чыктым. Убагында дурус пикирлер, каалоолор айтылды. Бул айтылгандарды кийинки ролдорумда эске алдым – дейт актриса ошол фильм жарыкка чыккан жылдары журналисттерге берген интервьюсунда.

Таттыбүбү Турсунбаеванын кино тасмалардагы жараткан образдары, актерлук чеберчилиги жөнүндө массалык-маалымат каражаттарында көп эле чагылдырылды. Ошолордун ичинен студент кезибизде Султан Раев экөөбүз «Союзга таанымал» деген «Ленинчил жаш» гезитине жарыялаган макалабызды китепке жайгаштырдым.

Союзга таанымал

Таттыбүбү Турсунбаева айылда өсүп, айылда эс тартты. Айылдык мектепте окуп жүргөн кезинде театрга, киного жан дили менен берилип, жүрөгүнө эш тутту. Айылга анда-санда артисттер келгенде Таттыбүбүгө өзүнчө чоң майрам болчу. Көрсө, өмүр бою ыйык көрүп, баркына жете турган жан шеригин, кесибин–ырыс кешигин ошондо жазбай тандаган экен.

Оболу Таттыбүбү мектептин алдындагы өздүк-көркөм чыгармачылык ийримине катышып, ырдоону, бийлөөнү үйрөнүп, өзүнө берилген ролду жан дили менен аткарып жүрдү. Анын көкүрөгүн шоолаланткан үмүтү, арзуу сезими–актриса болуу эле. Он жылдыкты бүтөөрү менен өзүнүн асыл тилегинин өтөөсүнө чыгууга бел байлап, турмуштун ары татаал, аруу машакаттуу түгөнгүс жолуна түштү.

...Ташкенттеги театралдык институттун актердук факультетине кабыл алынгандагы абалы, Таттыбүбүнүн кыял чабытында күнү бүгүнкүдөй сакталуу. Актердук чеберчиликтин шыбагасын алгач белгилүү режиссер Яков Матвеевич Лобачтын классынан үйрөндү. Бүт жан дүйнөсүн чыгармачылыктын татаал жактарын өздөштүрүүгө арнаган зээндүү кыздын түйшүкчүл изденүүсүн Яков Матвеевич туура баамдап, анын келечегине үмүттүү карай турган. Театралдык окуу жайынын сахнасында көптөгөн ролдорду ойноду. Анын ичинде А. Чехов, У. Шекспир, М. Горький жана көптөгөн драматургдардын чыгармаларынын кейипкерлери бар эле. Актриса өмүрүндөгү алтын тамга менен жазылчу бул күндөрдү терең урматтоо менен эскерет.

Кинорежиссер Г.Базаров тарткан «Саманчынын жолу» картинасындагы Толгонайдын образынын данегин Бакен Кыдыкеева жаратса да, Таттыбүбү анын жаш кезиндеги образын түзүп, ага назик гармония, жаш кезиндеги күлгүн курагынын жылуу кайырмасын берип кетет. Бул анчейин деле таназар албаган кичинекей эпизод – Таттыбүбүнүн кино экрандагы алгачкы дебюту. Актрисанын ошол алгачкы жылдарда эле өзүнүн туңгуч ролдорун аткара баштагандан тартып, өзүнө гана тиешелүү өзгөчө жеке манерасынын учкундары байкала баштады.

Кыргыз элинин айтылуу дастанынын негизинде кинорежиссер Мелис Убукеев экрандаштырган «Ак Мөөр» телефильминде Таттыбүбү башкы каарман Ак Мөөрдүн ролун аткарды. Ак Мөөрдүн ролу актрисанын алдына көптөгөн талаптарды койду.

Өткөн замандын мотивин, ыргагын, ошол абалдын кырдаалын берүү кыйынчылыкка турду. Таттыбүбүгө табигый эмоцияны, лирикалуу маанайды, трагедиянын өзгөчө белгилери менен татаал аргументтерди чечүү жүктөлдү. Экранда эки жаштын ашыктык маземинин кайгылуу таржымалы реалдуу чыныгы турмуштук таасын боёктордун нюанстарына ээ болгон. Картинада чыныгы сүйүүнүн пафосу, адилетсиздикке тик туруу, медер туткан махабатына жетүү, өз бактысы үчүн күрөшүү Т. Турсунбаеванын чыгармачылык палитрасында элестүү берилет. Дал ушул картинада ал аргасыз алсыз турмушту, ошондой эле жеңилгис, керек кезде өз махабаты үчүн ажалдын чеңгелине тике караган жаркын образды түзөт.

Актрисанын экранда кийинки жараткан ролу кинорежиссер Төлөмүш Океевдин «Отко таазим» фильминдеги Уркуянын ролу болду. Турмушта жашап өткөн чыныгы тарыхый каармандын ролун түзүү актрисага оңойго турган жок. Фильмдин бүтүндөй сюжети, композициясы башкы каарман Уркуянын образына ширелишкен. Анын айланасында окуянын өнүгүп-өрчүү процесси жүрүп олтурат. Картинанын лейтмотиви Уркуянын образы аркылуу чагылдырылат. Картинада түзүлгөн курч ситуация, образ актрисанын бардык чыгармачылык дараметин Уркуя Салиеванын ички дүйнөсүн, кулкмүнөзүн ачууга багыттады. Ушул жерден Т. Океевдин «Отко таазим» картинасынын сценариясында Уркуянын өлүмү баяндама түрүндө жазылып калган. Дал ушул эпизоддо фильмдин кульминациясы чечилмек. Бул жерде режиссер Т. Океевдин «шыбырап сүйлөбөстөн, үнүнүн бардыгынча кыйкырып ырдаш керек эле» деген сөзүн эске салып кетүүбүз парз. Бул эпизод карама-каршы эки бөлүктөн турат. Биринчи эпизоддо Уркуя баласын эмизип жаткан жериндеги поэтикалуу лиризм берилет. Бет алдыбызда өз перзентине көөнөргүс мээрим чачып жаткан эненин элеси тартылат. Ошондогу эмоция, энелик маанай фильмдин жеткен туу чокусунан кабар берип турат. Экинчи эпизоддо окуя өз нугун карама-каршы кульминацияга бурат. Көзүнөн жаш салаалап агызган наристе кыздын көз алдында Уркуя жана анын күйөөсү Колдоштун тап душмандарынын бычагынан өлтүрүлүшү күчтүү пафос, көтөрүңкү үн менен берилет. Жүрөк титирете тартылган бул эпизоддо Таттыбүбү оптимисттик эсте каларлык жаркын образды жаратат. Уркуя Салиеванын образын чыгармачылык бийиктикте жаратканы үчүн Тбилиси шаарында болуп өткөн Бүткүлсоюздук кинофестивалда актрисага «Советтик гражданиндин эрдиги жөнүндө» деген атайын диплом тапшырылган.

Таттыбүбүнүн кинодо аткарган ролдору көп кырдуу. Анын жараткан каармандары жашаган доору, кулк-мүнөзү, ички-дүйнөсү жагынан ар кыл, бири-биринен айырмаланып турат. Актриса өзүнүн каармандарынын тагдыры менен жашайт, алардын рухий дүйнөсү менен жуурулушуп, жүрөккө жакын аткарат.

Анын кийинки кездеги жараткан ролдору Ч. Айтматовдун чыгармалары менен тыгыз байланышта, карым-катнашта болууда. Кинорежиссер Эльдар Уразбаевдин «Атадан калган туяк» картинасында Жээнгүлдүн ролун аткарат. Таттыбүбү бул ролдо мүнөзү оор, турмуштун ачуу-таттуусун баштан кечирген жесир аялдын образын жаратат. Ошондой эле образга ылайык шайкеш келген сапаттарды таба билет. Жүрөгүндө тагдырдын оор запкысы өз күйүтү бар аялдын образындагы ийкемдүүлүктү, токтоолукту жеткиликтүү ачып бере алган.

Кыргыз ССРинин эмгек сиңерген артисти Т. Турсунбаева кино экранында «Кызыл алмада» Бейтааныш кыздын, «Сүйүү жаңырыгында» Асиянын, «Элдик таланттарда» Салиянын ролун жогорку чеберчилик менен аткарды. Бул ролдорду актриса жаңы табылга, жаңыча мамиледе жаратып, чеберчилигинин кээ бир жактарын байытып, көркөм образдарды жарата алды.

Кинодогу мындай жетишкендиктери Т. Турсунбаеваны Бүткүлсоюздук аренага таанымал кылды. Советтик кино өнөрүн пропагандалоо бюросу тарабынан «Таттыбүбү Турсунбаева» деген атайын журнал чыгарылган. Журналдын автору–белгилүү киносценарист Э. Лындина. Ал «Кыргыз актрисасы Т. Турсунбаеванын талантынын ташкындап турган кези, андыктан биз актрисадан көптөн-көп үмүткөрбүз» – деп анын чыгармачылыгына жогору баа берет.

Биз сезимтал, таланттуу актрисадан мындан ары да жаркын образдарды жарата берүүсүн күтөбүз.

С. РАЕВ, Р.ЖУСУПОВА
«Ленинчил жаш» гезити, 1981-жыл, 28-апрель.

Э.ЛЫНДИНА,
Москвалык киносынчы

«Турсунбаева сырткы боекторду активдүү издеген эмес, болгонун-болгондой, аялга таандык жумшактык менен ажарлуу жана сулуу аткарган»

Москвалык киносынчы жана сценарист Э. Лындинанын актриса аткарган ролдоруна жүргүзгөн талдоолорунан мисалга келтирүүнү туура деп таптык. Себеби жогорку даражадагы сынчынын талдоосу да Таттыбүбү эженин киноискусство майданындагы жасаган эмгегин ачып бергенге чоң жардам бере алат. Э.Лындина Таттыбүбү эженин чыгармачылыгына көп токтолгон киносынчылардын бири. Ал өзүнүн чыгарган «Таттыбүбү Турсунбаева» деген атайын журналында актрисанын тартылган фильмдерине кеңири анализ жүргүзгөн. Биз киносценаристтин бул журналынан актрисанын «Кызыл алмадагы» аткарган ролу жөнүндө айтканына токтолобуз.

...Биз Айтматов менен биргеликте «Кызыл алма» тасмасынын сценарийин жазып жатканыбызда, башкы каармандардын бири Сабиранын ролун Таттыбүбү Турсунбаева жаратат деген ойдо болгонбуз. Бирок алгачкы кино тандоолор автордук бардык боолгоолорду таш каптырып салды.

Биздин сценарийибизде тигинден калышпаган аялдын ролу бар эле. Каарман Бейтааныш кыз деп аталып, сүрөтчү Темирдин тагдырында болуп көрбөгөндөй маанилүү ролду ойноп, тасма да ошол жөнүндө баяндап бермек эле. Ошондо актрисаны кандайдыр бир-эки—реалдуу жана ирреалдуу ченемде жашап жаткан аялдын образын жаратуу күтүп жаткан. Режиссер Төлөмүш Океев көптөгөн изденүүлөр, көңүл калуулар, сыноолордон кийин бул ролду Таттыбүбү Турусунбаевага сунуштоону чечти. Таттыбүбү Сабираны ойногусу келген, бирок ар бир адамдын жан дүйнөсүндө жашап жаткан сулуулукту айтып берүү мүмкүнчүлүгүнө ишенген актриса, алгачкы сыноолордон кийин Бейтааныш кыздын ролуна кызыгып кеткен.

Актрисанын Бейтааныш кызы турмушта бар, тээ алыстагы студенттик жылдарында кокусунан Темир менен жолуккан кыз болот. Ал кызга батынып барып атын айталбай, таанышууга чечкиндүү кадам таштай албай, Темир өзүнүн кыялында татына, сулуу аялдын образын жаратып, анын жароокер элесин өмүр бою өзү менен кошо ала жүрөт.

Болгону бир гана жолу ал өзүнүн Бейтааныш периштесине ал үчүн атайын сактап жүргөн кызыл алмасын берүүгө аракет кылат. Ошондо да таш боор реалдуулук анын кыялын таш каптырат. Бейтааныш кыздын Темирдин жашоосунан башка өзүнчө жашоосу, башка адамдары жана башка сүйүүсү болот. Темирдин сезимдери кыз үчүн бош жана керексиз эле...

Турсунбаева экөөнү тең так аткарган: биринчиси, бул Темир ойлоп таап жана өмүрү өткүчө алып жүргөн, күндөлүк реалдуулуктан өсүп чыгып жана турмушка сыйкырдуу кубулуп-куюлушкан сулуу, жаркын, назик аялзаты жөнүндөгү поэзия анын кыялында чебер ойноп берсе, экинчиси, ал өзүн чексиз жана эс тангыча сүйгөн жигитти байкабаган Бейтааныш кызды да актриса чебер ойноп берди.

Бейтааныш кыздын күзгү гүлбакты аралап, эски шаардын кечки көчөлөрү менен ак маралдай керилип үн-сөзсүз узакка басуулары чагылган сценаларды Турсунбаева эллегиялык нукта таза жана кооз аткарган. Жеңил, ак куу сымал кайкып бараткан кыздын жүзүнөн тартынган жумшак жылмаюу жанып өтөт. Бул жан дүйнөгө бүлүк салган жанга жагымдуу жылмаюу Темирди убада жана үмүт сымал ээрчитип келет.

Темир ушул Бейтааныш кыз үчүн келген китепканадагы сценалардагы жолугушуулар да актриса тарабынан болуп көрбөгөндөй чеберчиликте сырдуу, оңой менен кармалбаган ажар менен аткарылган. Темир ал кызды ушундай көрөт, ага ушундай жылмайган, ушундай сулуу пери керек... Көрүнбөгөн байланыш жиби негедир чындап эле эки бейтааныш, бирок көрүүчү үчүн жакын адамдардын ортосунда тартылгандай туюлат.

Ошол эле учурда актриса Темирдин кыялында пайда болгон диалогдорго да ылайыкташып абдан сонун аткарган. Анын үнү кадрдын сыртында чындык жана романтикалык кыялдын чегин тең салмактап чыгат. Турсунбаева бул кадрдан тышкаркы дуэттерди дагы кыпындай тартынуусуз эркин алып барат.

Тасмадагы көркөм жагдай актриса үчүн, Бейтааныш кыз реалдуу жерде биз менен жашаган аял катары көрсөтүлгөн жалгыз эпизодду дагы болуп көрбөгөндөй тактык менен ойногонго шарт түзгөн. Турсунбаева сырткы боёкторду активдүү издеген эмес, болгонун-болгондой, аялга таандык жумшактык, ажарлуу жана сулуу кылып аткарган. Бирок анын жылмаюусу кандай гана өзгөрүп турат – анын туруш-турпатынан, жагымдуу жылмаюусунан көрүүчү көңүлкоштукту, пайдасыз сүйлөшүүлөргө чарпылып, убакытты текке кетирбөөчүлүктү көрүп турат. Анын жагымдуу дирилдек үнүндөгү көңүлкоштук байкалып, кыздын бакырайган сулуу көздөрү балбылдап, Темирден анча алыс эмес жерден бирөөнү издеп жаткандай алаңдайт...

Турсунбаева өзүнүн ролун ушунчалык чебер аткаргандыктан, андан биз катардагы эле күндү унутулгус күнгө, катардагы эле жашоону, сүрөтчү жана адамдын жашоосунун тирегине, поэтикалык мөлтүр жашоого айланткан жарык, көз ирмемдердин кайталангыс эстутумун даана көрө алабыз жана актриса менен кошо жашап, анын кайгысы менен кубанычын тең бөлүшкөн абалда тасманын кантип аягына чыкканын да билбей каласың.

Э. Лындина Таттыбүбү Турсунбаеванын аткарган ролуна «Кызыл алма» фильминин сценарийинин автору катары эмес, киносынчы катары кылдаттык менен талдоо жүргүзүп бере алган. Москвалык киносынчынын актрисанын чыгармачылыгына көңүл буруусу, Таттыбүбү Турсунбаева бир гана кыргыз киносынчыларынын эмес, ошол кездеги союздук деңгээлдеги киносынчылардын көзүнө илинип калгандыгынын далили. Актриса кино жаатында саналуу гана тасмаларга тартылган. Ага карабай тартылган кинотасмалардагы ролдорду өтө жогорку чеберчиликте аткарып, көрүүчүлөргө эстетикалык ырахат тартуулоо менен кыргыз киноискуствосунун казынасын байыта алды.

АКТРИСАНЫН КЫРГЫЗ ТАСМАЛАРЫНДА АТКАРГАН РОЛДОРУНАН КӨРҮНҮШТӨР



«Тил алчаак кыз» (реж. Б.Абдылдаев, Л.Гуревич)
Айзада – *Т.Турсунбаева*. 1965-ж.



Кинорежиссер Генадий Базаровдун «Саманчынын жолу» тасмасында Толгонайдын жаш кезин *Таттыбубу Турсунбаева* ойногон. 1967-ж.



Кинорежиссер Мелис Убукеевдин «Ак Мөөр» телефильминде
Ак Мөөрдүн ролунда *Т.Турсунбаева*. 1970-ж.

КИНОРЕЖИССЕР Т.ОКЕЕВДИН «ОТКО ТААЗИМ» ТАСМАСЫНАН КӨРҮНҮШТӨР, 1971-Ж.



Тартуу учуру.



Кадрдан үзүндү.







«Отко таазим» фильмин тартуу учурунда
Т.Турсунбаева уулу *Канат* менен эс алууда.



Уркуя – *Т.Турсунбаева*, күзөтчү – *Б.Шалтаев.*





Кинорежиссер Болот Шамшиевдин «Сүйүү жаңырыгы» тасмасында
Асиянын ролунда. 1974-ж.

Болот Шамшиев тарткан «Сүйүү жаңырыгы» тасмасында
Т.Турсунбаева Асиянын ролунда. 1974-ж.



Актер *Талгат Нигматулин* менен актриса *Таттыбүбү Турсунбаева.*



Т.Турсунбаева – Төлөмүш Океев тарткан «Кызыл алма» көркөм тасмасында «Бейтааныш кыздын» ролунда. 1975-ж.



«Кызыл алма» тасмасына тартылып жүргөн учурдагы бир көрүнүш. *Т.Турсунбаева* жана *А.Макекадырова*.





Т.Турсунбаева. Төлөмүш Океев тарткан «Кызыл алма»
көркөм тасмасында «Бейтааныш кыздын» ролунда. 1975-ж.

VI БӨЛҮМ

ТҮШ АЯНДАР ЖЕ СЫРДУУ ДҮЙНӨ

Таттыбүбү эже менин жан дүйнөмдө

Жаратылыштын кубулуштарына таң калуу менен бирге ишенсе да болот. Ошолордун бири адам баласы көргөн түш. Кээде алдыда боло турган, же болуп өткөн окуялар түшүңө кирип, ошолордун кээ бири ишке ашып калат. Кээде тигил же бул окуя түшкө кирген аян аркылуу адам баласына маалым болот. Буга мен Таттыбүбү эже каза болгондон кийин мурдагыдан дагы көбүрөөк ишене баштадым. Түшүмдө аны менен кадимки тирүү кезиндегидей баарлашам. Жаратылыштын бизге белгисиз кубулуштары арбын экендигине ушул түштөрүмдү көргөндөн кийин бекем ишенип калдым. Мен дагы мезгил жана мейкиндиктин ар учурларында Таттыбүбү Турсунбаевага байланышкан төрт түш көрдүм.

Биринчи түш
(Жазууга таасир эткен аян)

Биринчи түшүмдө Таттыбүбү эже акырын карап, такыр сүйлөбөйт. Айдай чырайы муңайыңкы тартып, негедир суз тартып туруптур.

Ушул түштөн кийин жан дүйнөм кыйналып, эже такыр оюмдан кетпей койду. Күнүмдүк жашоонун ар кандай кыйынчылыктарынан улам, эже жөнүндө жазам деген ойлорумду иш жүзүнө ашыра албай келе жаткан элем. Негедир эже жөнүндө жаза башташыма ушул түш каттуу таасир берди. Ошол түштөн баштап эже жөнүндө макала жазууга, атайын телеберүү уюштуруу максатында, аны терең билген адамдарга жолуга баштадым.

Бир күнү Уркуя Салиева жөнүндө «Тарых эстелиги» китебин жазган Насирдин Байтемиров агайдын үйүнө бардым. Таттыбүбү эженин Уркуянын ролун кандай деңгээлде ойногондугу жөнүндө сурадым. Агай берилүү менен Таттыбүбү эженин Уркуяны эң таасирлүү ойногонун, чыгармасын элге бул роль аркылуу терең жеткиргенин айтып берди. Анан агайга мен түшүмдөгү Таттыбүбү эженин жүзүнүн каралжын тартып, кабагы салыңкы экендигин айттым. Анда агай Таттыбүбү эже жөнүндө айтылып жаткан ар кандай калп ушактардан улам, бети каралжын тартып, кабагы салыңкы болуп жатса керек – деп айтты.

Насирдин агайдан башка аны жакшы билген бир топ адамдарга жолуктум. Макаламды жазып, ошол кездеги таасирлүү гезиттердин бири «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын 1988-жылдын 6-октябрында жарыяладым. Ошол жылы Таттыбүбү Турсунбаеванын өмүрү жана чыгармачылыгына арналган телекөрсөтүүнүн сценарийин жазып, ал боюнча көрсөтүүнү таланттуу телережиссер Молдосейит Мамбетакунов эң жогорку чеберчиликте тартып, эл тарабынан жакшы кабыл алынган.

Экинчи түш

(Эженин арбагынын ыраазы болушу)

Макалам, телеберүүм чыккан соң эже түшүмө ажары ачылып, супсулуу болуп, күлүп, бир нерсеге кубангансып кирди. Ошондо дагы Насирдин агайга жолугуп калып, бул түшүмдү айтсам: «Сенин макалаң менен телеберүүңдө Таттыбүбү жөнүндө көптөгөн жакшы пикирлер айтылып, эл окуп, телеберүүнү көрүшүп, көпчүлүк элге актриса тууралуу туура пикирлер жетти. Ошондуктан анын руху сезип, сага ыраазылыгын билдирип жаткан тура» – деп жоруп берди. Мен ичимден абдан кубандым. Себеби Таттыбүбү эже жөнүндөгү бул макалам жана телеберүүм көпчүлүк окурмандарга жагып гана тим болбостон, эженин руху ыраазы болгондой.

Үчүнчү түш

(«Ашар» коомунун эрдиги жана Таттыбүбү эженин ыраазычылыгы)

Таттыбүбү Турсунбаеванын атын калтырууну эң негизги милдетим катары кабыл алып, Бишкектин батышындагы жаңы конуштардын бири Ак-Өргөөнүн бир көчөсүнө Таттыбүбү Турсунбаеванын атын бердирүүгө жетиштим. Ал мындайча болгон.

1989–1995-жылдарга чейин Кыргызстандагы эң алгачкы демократиялык уюм «Ашар» коомунда иштеп калдым. Бул уюмдун түптөлүшүнө бир топ салымдарымды кошком. 1990-жылдары «Ашар» коомунун атынан Ак-Өргөө конушунун 47 көчөсүнүн атын коюунун жоопкерчилигин өз мойнума алдым. Ушул боюнча Ак-Өргөөдөгү көчөлөрдү аралап элди чогултуп, аларды да өз көчөлөрүнүн аттарын коюшканга үндөдүм. Калктын жигерсиздигинен улам көпчүлүк көчө аттарын өзүм койгонго туура келди. Ошол учурда Таттыбүбү эже оюма келип, бир көчөнүн атын багыштадым. Көчөлөргө коюлган аттардын чечимин чыгартканы Бишкек шаардык аткаруу комитетине келдим. Көчө аттарын бекитүү боюнча чогулуш өтүп, ага катыштым. Бул боюнча атайын комиссия бар эле. Ал комиссияда ошол кездеги шаардын башкаруучусу К.Нанаев, шаардык кеңештин депутаттары, драматург Мар Байжиев, шаардык тил комиссиясынын башчысы, дагы бир топ адамдар катышып олтурушту. Ак-Өргөөнүн көчө аттары талкууланып жатты. Бир убакта Таттыбүбү Турсунбаева деген көчө аты талкууга түштү. Ошондо Гүлбара деген шаардык кеңештин депутаты: «Таттыбүбүнүн атын коюу татыксыз!» – деп, болбогон балит сөздөрдү айтып кирди. Ошол учурда драматург Мар Байжиев уруксат сурап чогулуштан чыгып кетип жаткан эле. Мен ордумдан ыргып туруп: «Гүлбара эже, айткандарыңызга кошула албайм. Мар агай сиз кетпей туруңуз.

Себеби Таттыбүбү эже тирүүсүндө сиздин да спектаклдериңизде ойноп, пьесаларыңыздын көркөмдүк деңгээлин көтөрүүдө салымы чоң болгон. Ошондуктан эжени жакшы тааныган драматург катары, калыс пикириңизди айтышыңыз керек. Таттыбүбү эже кыргыз театры жана киносунун өнүгүшүнө ойногон ролдору менен чоң салым кошкон эң таланттуу актрисалардын бири. Ошондуктан аны жөндөн-жөн жамандабай, эл каалап жаткан соң атын биз көрсөткөн көчөгө коюп берсеңиздер!» – деп абдан катуу талап койдум. Баары унчукпай олтуруп калышты. Ошондо Мар агай мени колдоп, пикиримдин тууралыгына кошулду. Ошондой талаш-тартыштан соң Таттыбүбү Турсунбаеванын аты коюлсун деген чечимди чыгарып беришти. Мен эженин аты коюлган соң, абдан сүйүнүп үйүмө келдим. Ошол күнү түшүмө Таттыбүбү эже кирди.

Бул түшүмдө мен Ак-Өргөө конушунда «Ашар» коомунун балдары менен жүрүптүрмүн. Бир оокумда Таттыбүбү эже студенттик кезиндеги чакмак пальтосун кийип, чачын бийик кылып түйүп, ажарлуу жүзүнөн нур төгүлүп, сөөгү коюлган көрүстөн жактан басып келет. Жанында аны ээрчиткен бир аял бар экен. Мен эжени көрүп балдардан бөлүнүп жанына чуркап барам. Таттыбүбү эже экөөбүз тең анын аты коюлган көчөдө болуп калабыз. «Кандайсыз эже?–деп учурашам. Ал мыйыгынан жылмая: «Ай, Ракыя, ушул көчөнү менин атыма койдуңбу? Ырахмат сага» – деп бешенемен өөп ыраазылыгын билдирет. «Ооба, эже, ушул көчөнүн атын Сиздин наамыңызга койдук, тетигинде «Ашардын» балдары турат. Ушул көчө аттарын коюуда «Ашар» коомунун атынан мен милдетин алганмын. Жүрүңүз «ашарчылар» менен тааныштырайын» – дейм. Анда Таттыбүбү эже: «Ракыя мен тиги жакка эртеээк барбасам эшиктерин жаап коёт. Ошол жакка жетишейин» – дейт. Жанындагы аял эжени ээрчитип, анын сөөгү коюлган көрүстөндү көздөй бет алат. Ошентип заматта эле эже көздөн кайым болот. Таттыбүбү эже менен көпкө сүйлөшө албай калганыма өкүнүп, анын узаган караанынан көзүмдү албай туруп калдым. Түшүмдө анын карааны үзүлөрү менен ойгонуп кеттим.

Ушул түштөн соң, өзүмдү жеңил сезип, уйкудан сергек ойгондум. Бул түшкө таң калдым. Ошондо өзүмчө тиги дүйнө менен бул дүйнөнүн байланышы бар экенине көзүм жетти. Эмесе, түшүмө Таттыбүбү эже кирип ырахмат айтпайт эле да. Ошол күнкү түшүмдү «ашарчыларга» Таттыбүбү эже бир көчөнүн атын ага ыйгаргандыгыбыз үчүн абдан ыраазылыгын билдиргендигин айттым. «Жан төрөлбөйт, жан өлбөйт» деген ойпикирге бул түштөн кийин дагы ынандым.

Төртүнчү түш чет сапарында кирди

1992-жылдын ноябрынан 1993-жылдын апрелине чейин Пакистандагы Карачи университетинин алдындагы Ишкерлик институтундагы англис тили курсунда окуп жүргөм. Март айларынын аягында Таттыбүбү эже дагы түшүмө кирди. Бул түшүмдө «Атадан калган туяк» фильминдеги Жээнгүлдүн ролун ойногондогу кийими менен жүрүптүр. Саамай чачтары агарып, кабагы салыңкы экен. «Ай, Ракыя келсең жакшы болот эле. Менин 50 жылдыгымды өткөргөнү даярдык көрүп жатышат. Бирок сени күтүшүүдө. Сен барып жардам берсең жакшы болот эле» – деди. «Эже, окуум бүтөөрүнө аз калды. Бүтөөрүм менен эле жетип барып жардамдашам. Эч кабатыр болбоңуз» – дедим. Эже заматта көздөн кайым болуп көрүнбөй калды. Эже чын эле 50 жашка чыгып калыптыр.

Пакистандан апрелдин баштарында Кыргызстанга келдим. Анда «Ашар» коомунда иштечүмүн. «Сени Жолдошбек Токоев деген журналист издеп жүрөт» – дешти. Жолдошбек агай жолугуп, «Таттыбүбү» фонду түзүлгөндүгүн, башкармалыгында мүчөлүгүмдү, Таттыбүбү жөнүндө көп макала жазгандыгымды айтып келип, Таттыбүбү эженин 50 жылдыгын өткөрүүгө жардам беришимди суранганда, макул болуп ишке кириштим. Таттыбүбү эженин өзүм жыйнаган көптөгөн сүрөттөрү, андан сырткары чыгармачылыгы жөнүндө жыйнаган да толук маалыматтарым бар эле. Рух баары бир сезээрин, түш аркылуу байланышка чыгып, кабарларды аян аркылуу берээрине дагы бир жолу көзүм жетти. Таттыбүбү эже түшүмө кирип «жардам бер» деп суранган соң, Жолдошбек байкеге тынбай чуркап, жардам бере баштадым.

1993-жылы Соң-Көлгө барып Таттыбүбү эженин 50 жылдыгын өткөрүшүүгө жардам берип, мендеги болгон сүрөттөрүнөн фотостенд жасадым. Андан соң Москвадагы кыргыз жаштары Таттыбүбү эженин 50 жылдыгына багыштап «Сулуулар конкурсун» өткөргөндө, Таттыбүбү эженин агасы Нуркан Турсунбаев мени чакырып ала кетип, Москвада өткөрүлгөн сулуулар конкурсуна да колуман келишинче көмөктөшүп, чыгармачылыгы жөнүндө кыскача баяндамаларды жазып, сүрөттөрү менен кошо фотостендге чаптадык. Бул «Сулуулар конкурсу» жөнүндөгү жазылган макалам «Экран» журналынын 1991-жылынын май айындагы № 9–10 сандарына жана «Кыргыз маданияты» газетасынын 1991-жылдын, 13-июнунда № 24 (1272) санына жарык көргөн.

VII БӨЛҮМ



Москва, «АК МӨӨР – 91»

АҢЫЗГА АЙЛАНГАН ӨМҮР

Кыргыз элинин таланттуу акындарынын бири, маркум Жолон Мамытов Таттыбүбүнүн элесине арнаган «Ажал менен сулуулук» деген ырында «Улуу тоодон бир жарк эткен чагылган» деген ыр сабы менен актрисанын жарыкчылык дүйнөдөгү кыска, бирок нуска жашап өткөн өмүрүн таасын чагылдырган. Бул дүйнөгө Таттыбүбү чагылгандай жарк этип пайда болуп, ошол жаркыраган жарыгы менен ушул кезге чейин нечендеген адамдарга таасирин тийгизип жанып, нурун чачып келет. Кино үйүндөгү Таттыбүбү Турсунбаевага арналган бир кечеде маркум Мелис Убукеев «Сүрөтчү болсун, актер же режиссер болсун, же болбосо жөнөкөй эл болсун Таттыбүбүдөн көп нерсени алдык. Бирок биз ага эч нерсе бере албадык» деген эле. Чындыгында, ага руханий жактан колдоо көрсөтмөк тургай тирүү кезинде баркына жете албай калдык. Тилекке каршы, бул ааламга жаралган катардагы адамдардан өзгөчөлөнүп турган таланттуу инсандардын тагдыры ушундай татаал болот тура, арман дүйнө десе!

Таланттуу актрисабыздан айрылган мезгилден тартып эле аны көрүп, билгендер, ал турмак тирүүсүндө көрбөй калгандар деле анын жаратылыш берген сулуулугун, талантын, кылык-жоругун, жаркылдаган мүнөзүн, баскан кыймыл-аракетин, кино жана театрдагы аткарган ролдорун узун сабак кылышып, Ак Мөөр эжебиздей аңызга айландырып, муундан-муунга калтырууда. Ошол

багытта жер-жерлерде, чет өлкөлөрдө ар кандай иш-чаралар өткөрүлүп, Таттыбүбү Турсунбаеванын жаркын элесине арналып келет. Мына ошондой иш-чаралардын бири 1991-жылы Москва шаарында болуп өттү.

1991-жылдын жаз айларынын башталышында Москва калаасындагы Кыргызстандын маданий борбору, «Акыйкат» коомунун мүчөлөрүнүн күчү менен өткөрүлгөн Таттыбүбү Турсунбаеванын жаркын элесине арналган «Ак Мөөр–91» аттуу сулуулук конкурсу, доорубуздун улуу жазуучусу Ч. Айтматовдун театр жана кино жылдызыбызга карата: «Кыргыздын руханий казынасындагы асыл берметтерден эле» – деп айткан баасын дагы бир жолу далилдеп койду.

Кыргызстан маданий борборунун башкы директору Исламбир Жумагулов Бишкек калаасына келип, «Ак Мөөр–91» конкурсу жөнүндө эл-журтка кабарлай баштаган күндөн тартып, Таттыбүбү эжекебиздин бир тууган агасы Нуркан Турсунбаев, анын кызы Жыпара болуп биргелешип конкурстун ийгиликтүү өтүшү үчүн даярдыктарды көрө баштадык. Таттыбүбү эжебиздин колубузда болгон архивин карап, териштирип конкурска керектүү документтерин, кино, театр, турмуштагы сүрөттөрүн иреттеп, Москвага алып бардык.

4-апрелдин таңында Плеханов атындагы айыл чарба академиясынын маданият үйүндө конкурс башталды. Актрисанын жагымдуу, назик үнү менен ырдалып элге тартууланып жүргөн Нуркан Турсунбаевдин акын Абдылда Белековдун сөзүнө жазылган «Ай баратат» деген ыры Таттыбүбүнүн аткаруусунда залды мукам обонго бөлөп, Таттыбүбүдөн элес берип турду. Таттыбүбү эженин «Ак Мөөр» тасмасындагы Ак Мөөрдүн ролундагы сүрөтүнүн негизинде, конкурска кызмат өтөп, ары-бери чуркап жүргөн маданий борбордун кызматкерлери Манап Алиев менен Мерлис Буржуев Москвадагы белгилүү Арбат көчөсүндөгү сүрөтчүлөргө заматта чоң көлөмдөгү портретин тарттырып келишип, сценанын бир четине илишти. Конкурска даярдыктарды көрүп жаткан учурубузда актрисанын кызы Асел Ленинграддагы окуусунан уруксат сурап келип жардам берди. Асел, сиңдиси Жыпара болуп биргелешип «Улуу тоодон бир жарк эткен чагылган» деген теманын астында Таттыбүбүгө арналган сүрөт дубалын чыгарып, маданият үйүнүн кире беришине жайгаштырдык. Москванын өзүндө жана чет жакасында окуп, иштеп жатышкан кыргыз жаштары сүрөт дубалындагы Таттыбүбү эжебиздин перидей сулуу жүзүнө тигиле тамшана карашып, кино, театрдагы ролдору жөнүндө өз ара кеп кылышып, анын таланты менен сулуулугуна таазим этишип, жарыкчылык дүйнөдөн эрте кеткенине ичтеринен күңгүрөнүшүп кейип жаткандыктары өңдөрүнөн байкалып турду.

Конкурстун түпкү маңызына андооз жүргүзө келгениңде, бул көргөзмө бир гана Таттыбүбү эжебизге эмес, кыргыз тарыхына кирип калган адамдарыбыздын бири Ак Мөөр эжекебизге да багышталгандыгын байкоого болот. Бул конкурста кыргыздын эки сулуусу биринин атын бири даңктап жатышты. Таттыбүбү эжебиз, коомчулугубузга аттын кашкасындай белгилүү кинорежиссерубуз Мелис Убукеев жараткан «Ак Мөөр» көркөм тасмасындагы башкы каарман Ак Мөөрдүн ролун эң бийик деңгээлде аткарып, анын образын ачып Ак Мөөр эжекебиздин акылдуу, сабырдуу зат экендигин көрсөтүү менен бирге, эл-журт алдында кудай берген көрк-келбетин, талантын көрсөтө билип, эл оозуна алынды. Ошентип, Соң-Көлдүн эки ак куусу экран аркылуу бири-биринин жан дүйнөсүн ачып, эл жүрөгүнөн түбөлүктүү түнөк табышты.

Таттыбүбү эжебиздин о дүйнөгө кеткенден берки тагдыры, Ак Мөөр эжекебиздикине окшошуп баратат десек жаңылышпайбыз. – Кандайча? деген суроо туулушу мүмкүн. Ак Мөөр тууралуу эл арасында нечен түрлүү аңыздар айтылып, нечендеген чыгармалар жазылып, көркөм тасмалар тартылгандай эле синдиси Таттыбүбү жөнүндө да эл оозунда түркүн аңыздар айтылып, анын нуру төгүлгөн сулуулугун, талантын даңктаган чыгармалар жазылып, ал турмак «Таттыбүбү» деген даректүү тасма тартылып элге тартууланды. Эми минтип Москва калаасында бирин бири толуктап турган эки периге арналган сулуулук конкурсу өткөрүлүп жатат.

Жерде салынган ала кийиз менен шырдактын үстүндө жайгашып олтурушкан улуттук кийимчен кыз-жигиттер, төкмө акындар, жарчылар, эрке баласына кыз тандап берип жаткан ак сакалы жайкалган карыя жана ошондой эле тайраңдап эркелеп жаткан эрке баласы, сахнанын түп жагында бири-биринен калышпай тизилип суйкайып турушкан сулуулар, сценанын түпкүрүндө кериле тартылган декорациядагы кыргыз тоолору, жайнаган кызыл гүлдөр, шаркырап агып жаткан көк кашка тунук суулар кадимкидей кыргыз жеринен элес берип турду. Сахна дагы нака кыргызча жасалгадан улам «Ак Мөөр–91» сулуулар конкурсу, Москва калаасында эмес, кыргыздын кең жайлоосунда өтүп жаткандай сезилип турду. Сценанын бир четиндеги «Ак Мөөр–91» деген жазуунун өзү Ак Мөөр эжекебизди эскертсе, ал эми сценанын экинчи четинде улуттук оюм-чийимдери түшүрүлүп жасалгаланган чийдин үстүнө тагылган Ак Мөөрдүн ролун аткарып жаткан учурун элестеткен чоң полотно Таттыбүбү Турсунбаеванын жаркын элесинен кабар берип турат. Конкурска катышып жаткан кыздар менен баарлаша келгениңде, көпчүлүгү өз жашоосунда Таттыбүбүнү идеал катары тутунушуп, конкурска атайын келишкендигин толкунданып айтып жатышты.

«Ак Мөөр–91» идеясын көтөрүп чыккан театр иликтөөчү Жаныш Кулманбетов, конкурсту ачып, калыстар тобунун төрагалыгына Нуркан Турсунбаев, мүчөлүккө Горький атындагы адабият институтунун студенткасы Бурул Калчабаева, Маяковский атындагы кыз-келиндер институтунун комсомол комитетинин катчысы Эсенбаева Венера, Москвадагы кыргыз маданий борборунун директору Жумагулов Исламбир, балерон Тыныбеков Касым, Таттыбүбүнүн кызы Асел Эшимбекова, театр иликтөөчү Жаныш Кулманбетов шайланганын жарыялады. Конкурс төкмө акын Муралиев Абдылданын «Ак Мөөр» дастанын ырдашы менен башталып, дастандын коштоосунда сахнага 18 сулуу биринин артынан экинчиси чыгып, эрке баласына кыз тандап жаткан карыянын сынынан өтүп жатышты. Алар көрк-келбетин эмес, кыргыз калкына тиешелүү каада-салт, ырым-жырым, үрп-адаттарды аткаруу боюнча да сындан өтүп жатышты. Алыста жүрүп эли-жерин сагынган кыргыз жаштары, сулуулардын сахнадагы ар бир аткарып жаткан ролдорун көрүп дүркүрөтө кол чаап, өздөрүн Ата Журтунда жүргөндөй сезип, көңүлдөрү куунак эле. Ак Мөөр менен Таттыбүбүнүн өмүрлөрүнө арналган суроолорго да кыздар такалбай жооп беришип, эки сулууну урматтагандыктарын көрсөтүштү. Конкурс 5 саатка созулду. Узакка созулганы менен кызыктуу болгондуктан көрүүчүлөрдү тажаткан жок. Эрке баланын ролун аткарган куудул, Нарын драма театрынын артисти Күмөндөр Абылов менен анын атасынын ролундагы Дүйшө Сариев кыз тандоодогу кылык-жоруктары менен көрүүчүлөрдү кыраан-каткыга бөлөгөнү да буларга кошумча болду. Конкурстун ажарын ачып, кызыктуу өтүшүндө бул эки артисттин жасаган эмгеги эң чоң болду.

Конкурска чет элдик боордоштор катышып, эң кызыктуу жерлерин сүрөткө тартып алып жатышты. Мелдештин жыйынтыгы чыгарылып, калыстар тобу жакшы деп баалаган 6 сулуу байгелүү болушту. Баш байге 1000 сом акча, чет өлкөгө акысыз жолдомону Москвадагы М.С.Щепкин атындагы театралдык окуу жайынын 2-курсунун студенткасы Авазова Таалайкан жеңип алды. Баш байгени актрисанын кызы Асел Эшимбекова тапшырды. Биринчи орунга ушул эле окуу жайдын студенткасы Эсенбаева Сайрагүл жетип, 700 сом акча менен сыйланып, аны жеңүүчүгө Таттыбүбүнүн агасы Нуркан Турсунбаев ыйгарды. Экинчи орунду Мичуринск пединститутунун орус тили жана адабияты факультетинин 3-курсунун студенткасы Тургунбаева Рахат менен Москвадагы 2-мединституттун медико-биология факультетинин 1-курсунун студенткасы Жунусбаева Патила ээлешип, ар бири 500 сомдон акча менен сыйланды. 3-орунду Ломоносов атындагы университеттин тарых факультетинин 4-курсунун студенткасы Исраилова Чынара менен Кыргыз кыз-келиндер институтунун музыкалык факультетинин студенткасы Жаманбаева Канымжан жеңип алды. Алардын ар бири 300 сомдон сыйланышты. Конкурстагы көрсөткөн эмгеги үчүн Бишкек калаасындагы орус тили жана адабияты институтунун 2-курсунун студенткасы Акматалиева Анара 50 сом акча менен сыйланды. Мичуринск педагогикалык институтунун орус тили жана адабият факультетинин 2-курсунун студенткасы Абылкасымова Гүлназ көрүүчүлөрдүн арзуусуна ээ болгондугу үчүн кооз кумура менен сыйланды. Ал эми Москвадагы Косыгин атындагы текстиль институтунун механика-технология факультетинин 1-курсунун студенткасы Керимбаева Айна «Ак Мөөр–91» конкурсунун эң жаш катышуучусу» деген сыйлыкка татыктуу болду.

Сулуулардын конкурсун көркөмдөштүрүп, сахналаштырууда Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти, К.Жантөшов атындагы Ысык-Көл драма театрынын режиссеру жана артисти Акылбек Арыпбек уулу Абдыкалыктегиндин кылган кызматы адамдын ичин жылытат. Ал келген күндөн тартып, конкурсту уюштуруучуларга жаны тынбай жардам берди. Төкмө акын, куурчак театрынын артисти Токтомамбетов Болот, жарчылар М.С.Щепкин атындагы театралдык окуу жайдын студенттери Султанов Нурлан, Табалдиев Рахматулланын да конкурсту өткөрүүдөгү эмгектери зор болду.

Өлкөбүз белчесинен экономикалык кризиске малынып турган чакта Москвадагы маданий борбордун мындай конкурсту өткөрүүгө алы келмек эмес эле. Ошондуктан Кыргыз Республикасынын министрлигинин, «Дастан» ассоциациясынын, «Ошколхозпромөнөржай» долбоорлоо институтунун, Эл аралык туризм боюнча «Спутник» бюросунун Оштогу бөлүмүнүн, Кыргыз филармониясынын конкурстун өтүшүнө демөөрчү катары кызмат өтөшү зор өбөлгө болгондугун айта кетүү ылайыктуу. Конкурсту жыйынтыктоочу сөз актрисанын агасы Нуркан Турсунбаевге берилип, ал мындай деди:

– Менин туулуп-өскөн жерим – кең Тянь-Шанымда, деңиз деңгээлинен 3000 метр бийик турган Соң-Көл жайлоосунда. Ошол жерде кыргызда үч сулуу төрөлгөн. Анын бири – Ак Мөөр, экинчиси – Бүбүсара эжем, анан менин жалгыз каралдым, жатындашым Таттыбүбү! Эгер Таттыкем тирүү болсо быйыл 47ге чыкмак! Эгерде мен Талас калаасына барып калсам Таттыбүбүнүн элесин издеп, бирок таппай келем! Эгерде мен кең Тянь-Шаныма келип калсам, аска-зоолордун арасынан Таттыбүбүнүн элесин издей берем, бирок өмүр бою таппай келем. Эгерде мен Ош кааласына барып калсам, ак

пахтанын арасынан Таттыбүбүнүн элесин издей берем, балким, Уркуянын ак боз атын минип жүрөбү дейм, бирок өмүр бою издеп таппай келем! Эгерде мен кең Чүйүмө келсем, жакшы адамдардын арасынан Таттыбүбүнүн элесин издей берем, бирок таппай келем! Ал экөөбүз Ташкентте 5 жыл чогуу окуганбыз. Ошондо «Ай баратат» деген ырды ал экөөбүз чыгарган элек. Карындашымдын аткаруусунда үналгыда, алтын фондуда түбөлүккө жазылып калды. Каралдым Таттыкемди эскерүү иретинде сиздердин менин карындашымдын арбагын сыйлап келип олтурганыңыздарга чын дилимден ыраазычылыгымды билдирип, жалгызым ырдап жүргөн «Ай барататты» ырдап берейин.

Актрисанын агасы ырдап жатканда зал ичи тымтырстыкка бөлөнүп, бирок көрүүчүлөрдүн арасынан бышактап ыйлап жаткан адамдардын дабыштары угулуп жатты. Н. Турсунбаевдин ыры Таттыбүбүнүн жаркын элесин көз алдыга тартып турду. Зал ичинде

«Ак булутту аралап ай баратат,
Ак куу болуп көлдөгү жай баратат»

деген ыр саптары жаңырып, ар бирибиздин эт-жүрөгүбүздү эзип, мындан 10 жыл мурун арабыздан учуп кеткен ак куубуздун арбагына таазим этүүгө аргасыз кылды.

Бул конкурс да аңызга айланып бараткан өмүрдүн бир үзүмү болуп калды.

РАКЫЯ ЖУСУПОВА,
Бишкек–Москва–Бишкек
«Экран» журналы, № 9–10. 1991-жыл, май.

СОҢКУ СӨЗ

Адамдар бул жашоого түркүн озуйпалар менен келип, ар кандай жашап өтөт. Бири адамдарга жардам берип элдин алкышын алса, дагы бирөөлөр адамдарга жамандык жасап каргышка калат. Кээ бирлери эч нерсе кылбай жөн эле өтүп кете берет. Кээлери алдына чоң максаттарды коюп, адамзатка пайдалуу чоң иштерди жасап, пенделерди таң калтырып суктантат. Кээси бу жашоонун маңызы эмнеде: «Кайдан келдик, эми кайда барабыз?» – деп кызыгат. Деги койчу, адамдарга жаралгандан тартып эле жараткан ар кандай тагдырларды, өмүр, өлүмүн, жашоодогу озуйпасын кошо жазып, ошого жараша жашоо образы түзүлөт тура. Ал эми биздин каармaныбыз Таттыбүбү Турсунбаевага болсо кыска жана нуска өмүрдү жазуу менен бирге, ал өмүрүн бүт көркөм өнөргө багыштоо, жанда жок сулуулугу менен таланты аркылуу адамдарга эстетикалык ырахат тартуулоо милдети жүктөлүптүр. Бой-келбетине жарашкан ай-чырай жүзү менен бүт өмүрүн көркөм өнөргө арнаган эжебиз акыркы деми калганча элинен кызматын аяган жок. Аз, бирок саз жашады. Ал кыска өмүрүндө театр сахнасында жана кинотасмаларда элди тамшандырган не деген ролдорду ойноп, түркүн тагдырлардын образын түзүп, алар аркылуу элге ырахат тартуулоо менен бирге кыргыз элинин руханий дөөлөттөрүн байытты. Актриса бул дүйнөдөгү озуйпасын толук түрдө аткара алды.

Соңку сөзүбүздө Таттыбүбү эженин бир тууган агасы Нуркан Турсунбаев жетектеген «Таттыбүбү» фондунун жана фонддун жетекчисинин орун басары Жыпара Турсунбаева Аман кызынын актрисанын эмгегин түбөлүккө калтырууга жасаган эмгектерин айтпай кетүүгө болбойт. «Таттыбүбү» фонду Таттыбүбү Турсунбаеванын басып өткөн жолун, элине жасаган эмгегин түбөлүккө калтыруу боюнча алгылыктуу иштерди аткарууда.

Фонд 1991-жылдан ушул күнгө чейин 37 жашка чейинки таланттуу актрисаларга «Таттыбүбү Турсунбаева атындагы» эл аралык сыйлыкты берип келет. Татыктуулар 10 000 сом акчалай сыйлык менен сыйланат. 2013-жылы Нарында өткөрүлгөн республикалык театралдык фестивалда да фонд 5 таланттуу актрисага «Таттыбүбү Турсунбаева» атындагы Эл аралык сыйлыкты тапшырды.

1994-жылы фонддун жасаган аракети менен актрисанын 50 жылдыгы жогорку деңгээлде Соң-Көлдө өткөрүлсө, 2014-жылдын жаз айларында актрисанын 70 жылдыгын белгилөө боюнча иш-чаралардын алкагында Т.Абдумомунов атындагы кыргыз драма

театрынын алдындагы, тактап айтканыбызда, А.Орозбеков, М.Фрунзе, В. Панфилов, Т.Абдумомунов көчөлөрүнүн кесилишиндеги гүлбакча аянтчасына Таттыбүбү Турсунбаеванын айкелин тургузуп, ал аянт «Таттыбүбү гүлбакчасы» деп аталып калды. Эми бул гүлбакчага келгендер улуу актрисанын элесине таазим этип, куран окуп, эскерип турушат. Таттыбүбү эже театрда иштеп жүргөн кезинде ролдорун ушул өзүнүн эстелиги орнотулган жерге келип жаттачу.

Актрисанын айкелинин ачылуу аземи 2014-жылдын 30-апрелинде болду. Бул иш-чарада элибиздин белгилүү инсандары Эрнис Турсунов, Бексултан Жакиев, Болот Шамшиев, министрлер жана депутаттар катышып, Таттыбүбү Турсунбаева жөнүндө өздөрүнүн жылуу пикирлерин айтышты. Ошол күнү фонд тарабынан «Консул» ресторанында 670 адам чакырылып, актрисанын рухуна багышталып куран окутулду.

Бул гүлбакчага негизи 2001-жылдын 21-февралында эле Бишкек шаарынын мэриясынын атайын токтому менен Таттыбүбү Турсунбаеванын аты ыйгарылган. Токтомдун чыгышына ошол кездеги Мамлекеттик катчы Накен Касиев менен Бишкек шаарынын мэри Медетбек Керимкуловдун эмгеги чоң болгон. Өз учурунда алар улуу талантка түшүнүүчүлүк менен карашып, «Таттыбүбү» фондунун өтүнүч катын канааттандырышып, гүлбакча үчүн жер бөлдүрүшкөн.

«Таттыбүбү» фонду жана жалпы коомчулуктун жасаган аракети менен актрисанын туулуп-өскөн кичи мекени Чаектеги орто мектепке жана кинотеатрга ысымы ыйгарылды. Ошондой эле фонд кинотеатрдын бир бөлмөсүнө Таттыбүбү Турсунбаевага багыштап музей уюштурууну пландаштырды. Бул иш-чараларды уюштурууда Жумгалдын белдүү жигиттеринин бири, элинин ысыгына күйүп, суугуна тоңуп келе жаткан Кулбараков Автандил Илдусович жана Жумгал районунун акими Имангазиев Адылгазылардын эмгеги чоң болду.

Ош шаарындагы бир чоң көчөгө, Ноокат районундагы музыкалык окуу жайга, Ноокат районунун Төөлөс айыл аймагындагы Уркуя Салиеванын музейи жайгашкан көчөгө Таттыбүбү Турсунбаеванын ысымы ыйгарылган. Бул иш-аракеттер да «Таттыбүбү» фондуна таандык.

Фонд борбордук Ала-Тоо аянтында жайгашкан тарых музейинен орун алып, ал жерге Таттыбүбү эженин буюмдарын, документтерин, өз учурунда күйөрмандарынан келген каттарды, актриса жөнүндө чыккан китеп-журнал, газеталык материалдарды, ал тартылган кинотасмалардын жана телеберүү, документалдуу тасмалардын көчүрмөлөрүн коюуга аракет кылышууда.

Баткен эли «Отко таазим» тасмасы тартылган Сан-Сарайда этнографиялык музей негиздешип, актрисанын 70 жылдык юбилейинин урматына «Таттыбүбү» деп аташты.

Мындан сырткары фонд Таттыбүбү Турсунбаеванын ысымын түбөлүккө калтырууга салым кошкондорго да эл аралык сыйлык уюштурушту. Ал сыйлыкка белгилүү акындар Эрнис Турсунов, Жолон Мамытов, Сүйөркул Тургунбаев, Надырбек Алымбеков, белгилүү композитор Сталбек Бактыгулов, тележиссер Молдосеит Мамбетакунов, кинорежиссер Болот Алимбаев, обончу жана аткаруучулар Тургуналы Нурматов, Роза Аманова, Рыскелди Осмонкулов, журналист Гүлмира Кулумбаева жана ушул китептин автору

татыктуу болушту. Фонд тарабынан аты аталган инсандарга «Т. Турсунбаева» атындагы эл аралык сыйлык менен кошо 10 000 сом акчалай каражат ыйгарылды.

«Таттыбүбү» фондунун актрисанын эмгегин даңазалап, тынымсыз ар кандай иш-чараларды өткөрүп келиши жаш муундардын Таттыбүбү Турсунбаева жөнүндө кеңири билүүсүнө жана анын атынын түбөлүккө калуусуна шарт түзүп келүүдө.

Таттыбүбү Турсунбаеванын элеси, элге жасаган эмгеги дайыма кыргыз элинин жүрөгүндө муундан-муунга өтүп сакталып кала берет. «Бийлик эрип кетээр туз, байлык эрип кетээр муз, өнөр менен талант элде калчу из» дегендей Таттыбүбү эженин өнөр менен талантынан жаралган эмгеги эл арасында из болуп калып, түбөлүккө жашай берет.

Автор

Т. Турсунбаеванын театрда аткарган негизги ролдору:

1964-ж. Ч.Айтматовдун «Кызыл жоолук жалжалым» спектаклиндеги Аселдин ролун ойногон. Бул спектакль Т.Турсунбаеванын группалаштарынын дипломдук иши болгон. Спектакль менен Таттыбүбү эже группалаштары менен Тянь-Шанды кыдырып, 1 айга гастролго чыгып келишкен.

1966-ж. Е. Шварц «Кар ханышасы»–Кар ханышасы.

1966-ж. У. Шекспир «Азоого чалма»–Бьянка.

1969-ж. К. Маликов «Осмонкул»–Бүбү.

1969-ж. А. Токомбаев «Өлбөстүн үрөнү»–Төрөкан.

1969-ж. Т. Абдумомунов «Жыгылган оогонго күлөт»–Гүлмайра.

1971-ж. А. Макаенок «Трибунал» – Надя.

1972-ж. Ш. Садыбакасов «Ак боз ат» – Лайлум.

1972-ж. К. Маликов «Бийик жерде» – Чолпон.

1972-ж. У. Шекспир «Ромео менен Жульетта»–Жульетта.

1973-ж. М. Карим «Ай тутулган түндө»–Шафак.

1974-ж. А. Салынский «Мария»–Мария.

1975-ж. М. Байжиев «Байыркы жомок»–Зулайка.

1976-ж. Ч. Айтматов, К. Мухамеджанов «Фудзьямадагы кадыр түн» – Анвар.

1976-ж. Т. Абдумомунов «Малика»–Малика.

1977-ж. М. Байжиев «Ар бир үйдө майрам»–Мадина.

1977-ж. Г. Лорка «Бернарда Альбанын үйү»–Амелия.

1978-ж. Ч. Айтматовдун «Гүлсарат» повестинин негизинде даярдалган «Танабай» спектакли. – Батма.

1979-ж. Т. Абдумомунов «Машырбек үйлөнөт»–Зулайда.

1981-ж. Лопе де Вега «Бий мугалими»–Фелисьяна.

1981-ж К. Мамбетакунов «Омар Хаямдын махабаты»–Элпи.

Көркөм тасмаларда аткарган ролдору:

1960-ж. «Салиманын ыры»–Салима (Б.Новиков).
1965-ж. «Тил алчаак кыз»–Айзада (реж. Б.Абдылдаев, Л.Гуревич).
1967-ж. «Саманчынын жолу»–жаш Толгонай (реж.Г.Базаров).
1970-ж. «Ак Мөөр»–Ак Мөөр (реж. М.Убукеев).
1971-ж. «Отко таазим»–Уркуя (реж. Т.Океев).
1974-ж. «Сүйүү жаңырыгы»–Ася (реж. Б.Шамшиев).
1973-ж. «Ак куулар конгон Айдың-Көл»–Зейнеп (реж. Ю.Борецкий).
1973-ж. «Атадан калган туяк»–Жээнгүл (Э.Уразбаев).
1975-ж. «Кызыл алма»–Бейтааныш кыз (реж. Т. Океев).
1977-ж. «Арман» телефильминде эпизоддук роль (реж. Д.Садырбаев).
1978-ж. «Июлдагы үч күн» тасмасында эпизоддук роль (реж.К.Акматалиев).
1979-ж. «Процесс» – Зулайка (реж. Ж.Сооданбек).
1980-ж. «Коңур күз» кинотасмасында эпизоддук роль (реж. Т.Океев).

Радиодон аткарылып, «Алтын казынада» сакталган ырлары:

Кытайлык кыргыздардын ыры «Гүлкайыр».
Н. Турсунбаев «Ай баратат».
Н. Турсунбаев «Жүрөктүн чогу өчө элек».
Э. Мукамбетов «Адамдар менин сүйгөнүм».
Н.Турсунбаев «Суу алган кыз».
6. Э.Мукамбетов «Ысык-Көлдүн ак куусу».

МАЗМУНУ

Тургунбаев С. Таттыбүбүнүн арбайына татыктуу таберик китеп....3
Алгы сөз 5

I бөлүм
Таанышуу....6
Булбулдай үнү таңшыган....10
Жүрөктө жүргөн сыр 12

II бөлүм
Залкарлар үнү жаңырат....15
Таттыбүбүнү эскерип 16

Таттыбүбү Турсунбаеванын чыгармачылыгы, өмүрү, адамгерчилиги жөнүндө залкар инсандар менен маектешүүлөр
Ч.Айтматов. «Таттыбүбү жараткан образдар кинодо болсун же театрда болсун, ал биздин арабыздан кеткенден кийин эч пайда боло элек...»....23
Н.Байтемиров. «Таттыбүбү суу боюндагы таштан жарылып чыккан жалгыз гүл сыяктуу...»25
Т.Абдумомунов. «Таттыбүбү сахнага келгенде, сахна толо түшчү. Сахнадагы жүздөгөн көз аны ээрчий карап, ага арбалып олтурушчу...»....27
Б.Кыдыкеева. «...Ал биздин сахнабызга кокусунан конуп калган ак куу болчу...» 30
С.Жаманов. «...Жаш болсо да кыргыз театр, кино искусствосун өнүктүрүүгө өзүнүн зор салымын кошуп, атын түбөлүккө калтырып кете алды» 31
С.Күмүшалиева. «Таттыбүбү бала кыял, ичи кенен, бардык адамга жакшылык кылган, эч кимге эрегишпеген адам эле» 34
А.Көбөгөнов. «Таттыбүбү бар кезинде кыргыз сахнасынын ажары ачылып, көркү чыгып, кулпуруп турчу»....36
С.Жумадылов. «Жаратылыш тартуулаган бул гүлдү жакшылап багып өстүрө албай калдык...» 36
С.Чокморов. «Таттыбүбү ойногон ролдордон мадонналык, бизче айтканда бүбүлүк касиеттер даана эле төгүлүп турат»....37
Т.Океев. «Театрда да, кинодо да бир нече жаркын образдарды жаратып, кыргыздын улуттук маданиятын бир топ деңгээлге көтөрүп кетти...» 40
Б.Өмүралиев. «Таттыбүбүдөй сахнада өзүн эркин сезген актрисаны жолуктура элекмин» ..42
Б.Ибраев. «Бүбүсара Бейшеналиева, Таттыбүбү Турсунбаева – бул кыргыз искусствосуна келген эки пери болчу»....43
Б. Шамшиев. «Таттыбүбү кайталангыс, эч кимге окшобогон өз алдынча чыккан талант эле...» 44
С.Далбаев. «Таттыбүбү менен сахнада ойноо өтө жеңил жана жагымдуу болчу...» 46

Эскерүүлөр
А.Жунушов. «Таттыбүбү эркек мүнөз болчу» 47
К.Табалдиев. «Шаңк этип күлгөндө эле ырахат алчусуң» 47
М.Исхаков. «Кинодо болсун, театрда болсун нака турмушту ойночу»....47
И.Эшимбеков. «Таттыбүбү барды бардай, жокту жоктой кабыл алчу» 48
К.Муратова. «Таттыбүбүнү институттагы окутуучулар курамы «Кыргыздын тубаса Дездемонасы» – деп атап коюшчу» 49
Ж.Балыкбаева. «Таттыбүбүнү институттагы бардык улуттун студенттери жакшы көрчү» ...50
Ж.Соданбек. « Ролдорду көз карашы, жылмаюусу менен гана ойноп, образды ачып берип койчу» 55

З.Сооронбаев. «Жасаган мамилеси, чыгармачылыкта жараткан ийгиликтери аркылуу жаштарга таасир берип, үлгү болчу...» 57
Э.Бекболиев. «Орто Азия боюнча театр, киноискусствосунун күйүп турган жылдызы болмок» 58
Т.Сариев. «Тунук, таза, акактай аппак, жылдызы жанган, аурасы күчтүү эле» 59
Б.Муканбетова, Г.Сарногоева, Г.Нурматова, С.Өжөрбаева. Эскерүүлөр 60
Ж.Темирбаева. Талант менен ширелишкен сулуулук 62
К.Касымбаева. Бир кылымда бир жаралган жан эле 66

III бөлүм
Кат куржун 69
Болгариядан издеп келген Азиз Желил 70
Айылдан жазам салам кат 72

IV бөлүм
«Биз үчүн апабыздан ажырап калуу чоң жоготуу болду» 76
А.Эшимбекова. Апам: «Театрсыз менде жашоо жок» – деп көп айтчу 77
Счастливым и красивым делает человека работа 78
Ч.Айтматов. «Бегимайдын образын так эле Асел аткаргандай элестетип жазгам...» 80
А.Эшимбекова. Эненин жолун жолдоп 82
К. Эшимбеков: «Апам менен атам «Саманчынын жолунда» бирге ойногон» 84
Апам уктап жаткандай, сулуу болуп кеткен экен 84
Апамдын лагманын жеген адамдын таңдайынан даамы кетчү эмес 86
Апабыз театрга, кино өнөрүнө жоопкерчилик менен кароочу 87
Мен дагы Уркуя Салиеванын балдарынын бири катары киного түшүп калганмын 87
Аппак кийинген апамдын басып келип, менин жаныма олтурганын көрдүм 87
«Таттыбүбү Турсунбаева жашаган үй» – деп мемориалдык такта орнотуп койдук 89

V бөлүм
Таттыбүбү Турсунбаеванын театр сахнасында жараткан образдары 90
Э.Калдаров. «Изденүү сапарындагы актриса» 91
С.Асанбеков. «...Зулайка Т. Турсунбаеванын аткаруусунда назик да, чечкиндүү да...» 91
Ж.Калманбетов. «...Таттыбүбү Турсунбаеванын сахнадагы жарашыктуу баскан-турганы, актрисанын көрк-келбетине айкалышып адамды өзүнө тартып турган...» 96
Т.Турсунбаеванын театрда жараткан образдары 95
Таттыбүбү Турсунбаеванын кинодогу аткарган ролдору 107
С.Раев, Р.Жусупова. Союзга таанымал 108
Э.Лындина. «Турсунбаева сырткы боёкторду активдүү издеген эмес, болгонун-болгондой, аялга таандык жумшактык менен ажарлуу жана сулуу аткарган» 110

Актрисанын кыргыз тасмаларында аткарган ролдорунан көрүнүштөр 112

VI бөлүм
Түш аяндар же сырдуу дүйнө 123
Биринчи түш 123
Экинчи түш 124
Үчүнчү түш 124
Төртүнчү түш чет сапарында кирди 125

VII бөлүм

Москва, «АК МӨӨР – 91» 127
Р.Жусупова. Аңызга айланган өмүр 127
Соңку сөз 132

Т. Турсунбаеванын театрда аткарган негизги ролдору 135
Көркөм тасмаларда аткарган ролдору 136
Радиодон аткарылып, «Алтын казынада» сакталган ырлары 136



АВТОР ЖӨНҮНДӨ

Ракыя Жусупова 1958-жылдын 26-июнунда Жалал-Абад дубанынын Базар-Коргон районундагы Акман айыл аймагынын Кайырма айылында туулган.

1982-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты факультетинин журналистика бөлүмүн аяктаган.

1982–1983-жылдары кинорежиссер Дооронбек Садырбаев тарткан «Терек канча жыл жашайт?» телефильминде режиссердун ассистенти болуп иштеген.

1983–1984-жылдары Сочи шаарында эмгектенген кыргызстандык комсомолдордун иш-аракеттери жөнүндө материалдарды кыргыз гезиттерине жөнөтүп турган.

1984-жылдан 1989-жылга чейин КыргызТАГда эмгектенген.

1989–1993-жылдары Кыргызстандагы эң алгачкы бейөкмөт уюм «Ашар» коомун түптөшүп, анын лидерлеринин бири болгон.

1993–1995-жылдары «Экран» журналынын кыргыз бөлүмүнүн редактору болуп эмгектенген.

1992–1993-жылдары Пакистандын Карачи шаарындагы Карачи университетинин Бизнести Башкаруу институтунун алдындагы англис тили курсун аяктаган. Коомдук иш боюнча Түркия, Малайзия, Англия, Индонезия, Египет, Бангладеш өлкөлөрүндө тажрыйба алмашып келген.

1995-жылдан бүгүнкү күнгө чейин «Эрайым» аялдар коомдук бирикмесин жетектейт.

«Даңк» медалынын ээси, Таттыбүбү Турсунбаева атындагы эл аралык сыйлыктын номинанты.